АСЫЛБЕК ЭШИЕВ

# УЛУУ ДАСТАН БАЯНЫ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

Б. ОСМОНОВ АТЫНДАГЫ ЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

АСЫЛБЕК ЭШИЕВ

# УЛУУ ДАСТАН БАЯНЫ

(Шапак Рысмендеевдин жана Шаабай Азизовдун варианттарынын негизинде)

БИШКЕК, 2022

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги

Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети

Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Илимий-техникалык кеңеши тарабынан басмага сунуш кылынган

Илимий редактор:

Кайыпов С. Т. – тарых илимдеринин доктору, профессор

Рецензенттер:

Калчекеев К. Б. – филология илимдеринин доктору, профессор
Алымкулов А. А. - филология илимдеринин кандидаты, доцент

Эшиев Асылбек Мирзатилаевич. Улуу дастан баяны. - Бишкек, Улуу тоолор, 2022.

Бул илимий-популярдуу эмгек «Манас» эпосунун Шапак Рысмендеевдин (Бишкек: «Газета.KG», 2013. – 436 б.) жана Шаабай Азизовдун варианттарынын (Бишкек: «Кут Бер», 2013. - 408 б.) негизинде даярдалды.

Бишкек, 2022

# БАШ СӨЗ ОРДУНА

Кыргыз рухунун туу чокусу - «Манас» эпосунун отуздан ашуун варианты бар экендиги маалым. Бул варианттар кайдан келип чыккан? Эмне үчүн бир гана вариант эмес? Алардагы композициялык, сюжеттик түрдүүлүктөрдүн себептери эмнеде? Демек, белгилүү бир себептери бар экен. Белгилеп кетчү нерсе, ошол ондогон варианттардын дээрлик баарынын башатында XIX к. Назар, Келдибек, Балык, Акылбек, Тыныбек, Найманбай, Чоңбаш, Чоюке өңдүү аты бизге жетип калган залкар манасчылар турары дайын. Бул залкарлар да өз убагында өздөрүнүн улуу устаттарына шакирт түшүп “Манас” рухий дүйнөсүнө сүңгүп киришкен. Эч кимиси өзүнүн жеке вариантын жараткан эмес. Устат-шакирт салттуулугу кынтыксыз сакталган. Алардан кыйырбы, же түздөн-түзбү таалим алган кийинки шакирттери (Сагымбай Орозбаков, Саякбай Каралаев, Тоголок Молдо, Ыбырайым Абдрахманов, Молдобасан Мусулманкулов, Шапак Рысмендеев, Актан Тыныбеков, Багыш Сазанов, Мамбет Чокморов, Шаабай Азизов, Жаңыбай Кожеков, Жусуп Мамай ж.б.) аркылуу мына биз бүгүн угуп, окуп жаткан варианттар түптөлгөн. Дастанчыга мүнөздүү майда-барат алымча-кошумчалар эске алынбаганда биринчи варианттардын баштапкы сюжети, композициясы, фабуласы негизинен өзүндөй айтылып келинген. Мындай салттуулук миң жылдан бери улантылып бүгүнкү күнгө жетип отурат.

Бирок эмне үчүн, маселен, нарындык жана көлдүк мектептердин “Манасы” эки түрдүү композициялык курулушта кеткен эле? Кеп бири көлдүк, экинчиси нарындык мейкиндик чекте экендигинен да эместей. Бул эки аймак чектеш турат. Мындагы кыргыз атуулдары ошол миң жылдан бери бири-бири менен түркүн-түмөн багыттарда тыгыз алакалашып келишет. Каада-салты, маданияты, көркөм өнөрү негизинен бирдей. А эмне үчүн бул эки мектепте айырмачылыктар бар? Буга чейин миң жолу аралашып кетсе да болмок экен. Маселен, нарын-көлдүк биргелешкен вариант болуп. Бирок элге, салтанатка, той-ашка барганда ар кимиси өзүнүн гана вариантын айткан. Ооба, олуттуу бир четтөө байкалбайт. Угуп-тыңдап таң берип отурушкан. Демек, географиялык, саясий-экономикалык, маданий факторлор бул жерде тиешеси жок экен. Кеп «Манастын» түрдүү уруулук-аймактык чектерде биринчи айтылышында, байыркы түпкүлүгүндө турат кыязы. Эпостун уруулук-аймактык ошондогу биринчи манасчысы өзүнүн вариантын биринчи кантип айткан болсо (такталып-түптөлүп, бышыкталып) бүгүнкү күнгө чейин негизинен дал ошондой эле калыбында айтылып келинет деп ишеним артууга болот. Эң башкысы - ар кимиси өзүнүн версиясына бек тургандыгы, бири-бирин терең баалап урматташкандыгы.

Бирок бизде эпостун ондогон варианттары бар деп жатпайбызбы. Биздин ишенимибизде ар бир варианттын уруу-уруктук биринчи манасчылары болгон. Эпикалык Манастан (тарыхый прототибинен) кийин кырк уруу кыргызга караштуу түрдүү уруулук-аймактык чектерде ошол биз

кеп кылган ондогон варианттар жаралган. Алардын ичинен жогоруда атап өткөн атактуу манасчылардын варианттары толук жетип келген болууда. Башатында башка толук варианттар да болуп, бирок ошол XX к. 20-30-жылдарына жетип-жетпей калып, же үзүл-кесил жазып алынып, колго тийгени ушул экен. Бул эми адамдык фактор экендиги бышык. Маселен, Сагымбайдын «Манасынын» бизге жетип келүүсүнө эки инсандын – Ы. Абдырахманов менен К. Мифтаковдун жеке ролу ат көтөргүс экендигин баса белгилеп кетүү зарыл. Ансыз энциклопедиялык зор мааниге ээ эпостун бир версиясынан куру калмак экенбиз. Эми ушундай тарыхый-маданий залкар эпикалык версиялардын канчасы колубузга тийбей калды эле? Ооба, мында оозеки эс-тутумдун күнөөсү жок болуп, тек жазма эс-тутумга жетпей калыптыр.

Илимий чөйрөдө «Манас» эпосу тууралуу сөз болгондо анын конкреттүү бир варианты тууралуу кеп жүргөнү максатка ылайыктуу. Маселен, Сагымбай Орозбак уулунун «Манас» эпосу, Саякбай Каралаевдин вариантындагы «Манас» эпосу, же Жусуп Мамайдын варианты боюнча «Манас» эпосу ж.б. Ушуга байланыштуу «Мен Шапактын «Манасын» окуп чыктым», «Манас» эпосунун Саякбай айткан вариантындагы Бакайдын образы», же «Шаабай Азизовдун вариантындагы «Манас» эпосунун тарыхыйлуулугу маселеси» деп айтуу (же жазуу) туура болмок. Ооба, ар бир варианттын өзүнө гана мүнөздүү орду, өзгөчөлүгү бар. Ар бир вариант – бул бир бүтүн тарыхый-эпикалык дүйнө. Ар бир варианттын башатында коомдук-саясий, тарыхый-эпикалык, географиялык-чектик негиз жатат. Ар бир варианттын артында (болжолу, IX-X кк.) коомдук пикир менен уруулук-аймактык аксакалдар кеңешинин (цензордук) сынынан өткөн уруулук биринчи аскер-манасчынын өздүк версиясы турат. Ушундай бир бүтүн вариант илимий-изилдөөнүн объектиси боло алат.

Эпостун кошмо (бириктирилген) варианттардын негизинде бир бүтүн «Манас» эпосун, анын сюжеттик, композициялык, фабулалык жана тарыхыйлуулугу маселелерин илимий-изилдөөгө алуу методологиялык туура эмес жол болуп калмак. Кошмо (бириктирилген) варианттардын негизиндеги дастан – бул кайсыдыр бир максатты (коомдук-саясий, адабий-эстетикалык, котормо таануу ж.б.) көздөгөн (адамдык (автордук, түзүүчүлүк) кийлигишүү болгон) жасалма көркөм макротекст. Анткени табиятында мындай бириктирилген «Манас» эпосу жок. Эч бир манасчы минтип "Манас" айткан эмес. Муну Манас тууралуу түзүүчүлүк жомок-дастан, же кара сөздөгү автордук баян катары кабыл алууга болот.

«Манас» үчилтигинин доорун жана Манас жөнүндө маалыматтарды аныктоодо эпостун башкы каарманынын тарыхый прототибин жана окшош тарыхый окуяларды тарыхый-документалдык эмгектерден, хроникалардан, жазма эстеликтерден издеп убара тартпай, биринчи кезекте, эпостун текстине таянуу жана тексттин өзүн түгөл үйрөнүп чыгуу өзүн актаары бышык. Эпостун өзүнүн эпикалык-фольклордук мыйзамы жана салттуулугу,

тарыхтын өзүнүн такталып-түптөлгөн жоболору жана ыкмалары бар. Эпос эпикалык каармандын прототибинин тарыхый аты-жөнүн, согуштук жүрүштөрдүн доорун, конкреттүү датасын так айтып берүүгө милдеттүү эмес. Эпос эпикалык салттуулук боюнча тарыхый инсанды байыркы санжыралык аталыштары, белгилүү бир титулдук тепкичтери менен атап келет. Ошол эле учурда башкы эпикалык каармандын басып өткөн жолунун чын-төгүнүн, окуялардын ырастыгын тактап берем деп убада да бербейт. Ал кулак төшөп тыңдап отурган миңдеген угармандардан башка эч кимдин алдында жоопкерчилик тартпайт. Улуу баатырдык дастан кырк уруу кыргыз, анын тарыхы, санжырасы, маданияты, жашоо образы, менталитети, философиясы, психологиясы, педагогикасы жөнүндө көптү баяндап келет. Эпикалык чындык жана тарыхый чындык түрдүү методологиялык түшүнүктөр экендиги, ошону менен бирге алар бири-бирин кошумчалап, толуктап тураары күмөн эмес. Эгерде биз улуу манасчы-дастанчылар бизге аманатка таштап кеткен кыргыздын оозеки көркөм тарыхынан жүзүбүздү үйрүсөк, байыркы жана орто кылымдык Кыргыз журтунун чыныгы дүйнө картинасын эч качан аңдап туйбабыз да, үйрөнө да албайбыз. Биринчи манасчылар Манас жана кырк уруу Кыргыз журту (федерациясы) тууралуу болгон эпикалык чындыкты айтышыптыр. Бул караламан угарман калктын «Башканы коюп, Манасты айт. Кыргыздын, Манастын баянын айт» деген суроо-талабынан улам келип чыккан эпикалык салттуулуктун чегиндеги оозеки көркөм тарыхы эле. Эгерде эпикалык чындык тарыхый чындык менен кайсы бир жеринде дал келбей калса, же тарыхтын баяны үзүлүп калса – бул эпостун күнөөсү эмес. Эпос өзүнүн милдетин так аткарып келет. Ага таазим этүүдөн башка арга жок.

Бул изилдөө «Манас» эпосунун Шапак Рысмендеевдин жана Шаабай Азизовдун варианттарынын негизинде жүрөт. Ошондой эле сюжеттик окуялардын жүрүшүнө, чыгарманын композициясынын калыптанышына, теонимдик, эпонимдик, антропонимдик, этнонимдик аталыштарга улуу дастанчылар Сагымбай Орозбаковдун, Саякбай Каралаевдин, Жусуп Мамайдын, Ч. Валихановдун көлдүк манасчыдан жазып алган варианттарынан мисалдар көмөктөшүп отурат.

Эмгек улуу дастандын теонимдик, эпонимдик, этнонимдик потенциалына жана мүмкүнчүлүгүнө кыргыз илимий чөйрөсүнүн кызыгуусун арттырууга жана кыргыз этнографиясы менен фольклористикасын тактоого түрткү берери бышык. «Манас» эпосу өзүнүн тарыхый-этнографиялык булак катары мүмкүнчүлүктөрүн жана илимий-маалыматтык потенциалын толук пайдалана электигин жана илимий-изилдөө иштеринде эффективдүү натыйжаларды жаратууга жөндөмдүү экендигин ырастай алат.

# Манасчы Шапак Рысмендеевдин варианты боюнча

=============================================

## *Манастын санжырасы*

*Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча Манастын генеалогиясы.* «Каракан, Угуз хандан кийин Аланча хан уругунан Байгур, Уйгур дегендер (болгон) экен. Байгур балдары Бабыр хандан Түбөй, Түбөйдөн Көгөй, андан Ногой, Шыгай, Чыйыр деген үч уул болгон. Ногойдон Орозду, Үсөн, Бай, Жакып деген уул калган».[1]

*Саякбай Каралаевдин айтуусундагы Манастын санжырасы.* Бул башка варианттарга караганда бир топ айырмаланып турат. Анын «Манастын туула элегиндеги бабалары»[2] төмөнкүчө кетет:

Түп атасы түгөл кан,

Башкы атасы баары кан

Башынан кыдыр даарыган…

Он эки пирге кол берип,

Калыйпадан кат алган,

Муну менен сайыппуруш аталган.

Түп атасы Бөйөнкан,

Бөйөнкандан Чаянкан,

Чаяндан Ногойкан ,..

Ногой кандан Балакан …

Балакандан Каракан … 26-б.

Атасы Каракан кан эле,

Каракандын сегиз уулу бар эле.

Балдардын эрени Жакып, Улаккан …

Муну менен ал балдар

Талаада боздоп калыптыр … 28-б.

---

[1] Манас. I китеп. Сагымбай Орозбак уулунун варианты боюнча. Фрунзе: «Кыргызстан», 1984. 3-б.

[2] Манас. Эпос. Саякбай Каралаевдин варианты боюнча. I китеп. Фрунзе: «Кыргызстан», 1984. 26-б.

Саякбайдын варианты боюнча Манастын түп атасы Бөйөнкан, анан Чаянкан, Ногойкан, Балакан, Каракан болуп кетүүдө. Каракандан Жакып экен. Ооба, Сагымбайдын вариантынан өзгөчөлөнүп турат. Бул, албетте, эки башка мектептин (манасчылык өнөрдүн) эки башка версиялары экендиги анык. Бул мектептердин (Нарын: Сагымбай Орозбаков; Ысык-Көл: Саякбай Каралаев) түрдүүчө болуусунун өзүнчө тарыхы болуусу мүмкүн. Бул ошол биринчи, экинчи, үчүнчү, онунчу манасчылардын (алардын мектебинин) түздөн-түз таасиринен деп ойлоого болмок. Маселен, Сагымбайдын варианты биринчи манасчы Ырамандын Ырчы уулунан кеткен болуусу мүмкүн деп келебиз. Бул вариантта Кыргыз журту менен Манастын тарыхы, согуштук окуялар, эпоним, этноним, топоним маселелери толук, кенен чагылдырылган. Буларга Манастын элчи-жарчысы, кырк чоронун бири Ырамандын Ырчы уулу өзү күбө болуп, көрбөгөнүн Бакайдан, Акбалтадан, Айдаркандан, Кошойдон, Каныкейден, Алманбеттен, мурунку кырк чородон кызыгып сурамжылап отуруп билип келген кыязы. Манастын о дүйнөгө кетүүсүнөн соң ал Манастын жылдыгында, кийинки чоң аш-тойлордо кошок иретинде айтып келсе, бара-бара «Манас» менен “ооруп”, аян болуп, түш көрүп, коомдук пикир (эл-журт) да таланттуу, интеллектуал, эрудит ырчыдан кыргыздын, Манастын тарыхын (окуяларын) айтып берүүсүн өтүнүп да, талап да кылып, биринчи манасчы келип чыкканына ишеним артууга болмок.

Ооба, башатында (болжолу, Сагымбайдын версиясынын) биринчи манасчы Ырамандын Ырчы болуп, ушундан биринчи манасчылар мектеби куралгандай. Бирок бул бир версиянын гана башаты, мектеби болмок. Экинчи, үчүнчү (маселен, эр Ажыбайдын, жаш Айдардын, Молтонун) ж.б. версиялардын (варианттардын) өзүнчө санжырасы, түптөлүшү жүргөндөй. Эми ушул биринчи мектептер тагдырдын миң түркүн оош-кыйышында, бороон-чапкынында жоголобой, чачылбай уюткулуу өзөгүн сактап келгендей. Биз билгенден айтылуу Сагымбай, анын устаты Чоңбаш, манасчылар Келдибек, Тыныбек, Найманбай, Балык, Акылбек, Чоюке (ж.б.) жана буларга үйрөтүп кеткен аты белгисиз мурунку залкарлар ушул мектептердин уюткусун түзгөн деп божомолдоого болот.

Саякбайдын вариантындагы Манастын ата-бабаларынын аттары бир караганда бөйөн, чайан болуп башкача бир ассоциация туудурушу мүмкүн. Бирок булардын баары эпонимдер болору бышык. Маселен, Бөйөндө Бай эпоними, Чайанда Аз (Ач) эпоними, Ногойдо он ок, Балаканда Бай, Эл (же бойла) эпонимдери, Караканда Кайра кан (биринчи рухий дүйнө) эпонимдери. Бул версиянын санжырасы Сагымбайдыкынан өзгөчөлөнүп турарын айтканбыз. Ал Ырамандын Ырчы уулунан эмес, башка версиядагы биринчи манасчынын мектебинен жаралгандай. Ал алгачкы кырк чоронун курамына кирбеген, Алтайдагы, Алай-Анжыяндагы окуяларга катышпаган, негизинен Таластан кийинки окуялардын күбөсү болуп келгендей. «Семетейде» бир катар уруулар активдүү катышканы маалым. Балким, бул версиянын биринчи манасчысы ушул уруулардын бирине тиешелүү беле? Балким, бул версиянын

башатында активдүү каарман нойгут Акбалта туруп, анын жетегиндеги таланттуу чыгармачыл инсандын жемишидир.

Нойгуттун мыкты каны экен.

Ордолуу журту нойгутту

Алооке канга алдырып,

Ал дагы азып калган чагы экен. 28-б.

Кытай алды жылкымды,

Калмак бузду мүлкүмдү,

Тыргоот төктү канымды…

Нойгутта бар Акбалта,

Текечи кан, Шыгай кан,

Улак кан, Жакып кан.

Каракандан сегиз уул

Айласы кетип дал болуп… 29-б.

Бу алты шаар – Маргалаӊ,

Аяк жагы Кокон кан,

Ордолуу шайык көк жөкөр,

Орчуну Букар, Самаркан

Саны кетип тарады.

Ак үйлүү күттү Алооке[3]… 31-б.

Муну менен Молтокан,

Алооке тилин алганы…

Кан буйругу эки эмес

Кайран Балта, Жакыпты

Кырк үйлүү кыргыз баш кылып,

Алтай көздөй айдады.

---

[3] Эшиев А. М. Институт «ак үйлүү» в эпосе «Манас». Инновации в науке, № 10 (71). - Новосибирск. - Изд. АНС «Сибак», 2017. https://sibac.info/journal/innovation/71/79955

Бирөө айдалды Иренге,

Бирөө түшүп кетти тереңге…

Кырк үйлүү кыргыз журту эле,

Мунун кылайган аты калбады. 35 б.

Эбедейи эзилип,

Эр экен Жакып байыбыз

Эгемден бала сурады. 38 б.

Бул вариантта биринчи жолу эге кудайы тууралуу маалымат берилет. Мында да Жакып айтат.

Эсел экен Эсенкан,

Түп атасы Чылаба,

Орноткон кымбат шаары бар. 40 б.

Эсенкандын түп атасы Чылаба болууда. Алманбеттин түпкү атасы да Чылаба экендиги маалым.

Атактуу Манас кан чыгат,

Ошонун каарынан жан чыгат.

Ал бурутта туулат,

Манас атка мингенде

Сенин тыргоотуң түгөл кырылат…

Ошол Манас туулса,

Себилдүүсү сексен төрт

Серп салган жагы кызыл өрт. 40-б.

Аркасында белгиси –

Кара көк жал жалы бар.

Анын колдогону кожо сан,

Чын жолдошу кырк чилтен. 40-б.

Бул ыр саптарында бала Манастын бөрү эпоним-тотемине («кара көк жалы бар») жана кыргыздын кырк уруусунун да бөрүгө (кырк чилтен - кырк

бөрү) тиешелүүлүгү ачыкталат. Муну кыргыздын мурунку бурут этнонимдик аталышы да ырастап тургандай.

Кырк үйлүүнүн башчысы –

Башчысы бабыр Акбалта,

Берениң Жакып ыйлаптыр,

Кырк үйлүү кыргыз Акбалта

Ошонун баарын чакырып,

Түндөгү көргөн асыл түш

Жорутууга жыйнаптыр. 44-б.

Саякбай Каралаевдин варианты боюнча Алтайга барганда чабылып-чачылган кырк уруу кыргыздын башчысы нойгут Акбалта болууда. Эпосто «Башчысы бабыр Акбалта» деп айтылат. Ооба, Акбалта бабыр деп белгиленүүдө. Балким, Бай Жакып менен Акбалтанын санжырасы Бабыр кандан баштап бир болуп жүрбөсүн? Бул ырас болгон ченде Акбалтанын да кыргыз журтун башкарууга укугу болмок. Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча Бабыр Манастын бешинчи атасы аталат. Бирок бешинчи атадан (болжолу 150-200 жылда) эле уруу калыптанбасы ырас. Бир уруунун (фратрия, уруктары менен) түптөлүшү жок дегенде эле 500 (же миң) жылдын аяк быягын камтышы мүмкүн. Ошондуктан Манастын Сагымбайдагы тогуз (Кара кан, Огуз кан, Аланча кан, Байгур кан, Бабыр кан, Түбөй кан, Көгөй кан, Ногой кан, Бай Жакып) атасын эпикалык (тарыхый эмес) цикл менен кароо туурадыр. Эгерде тарыхый циклге таянып карасак, анда Кара кандын (Огуз кандын да) заманы болжол менен 300-500 жыл менен бүтмөк. Манастын ата-тегинин башаты биздин замандын III-IV кк. менен чектелмек. Бул бери дегенде эле тарыхый-эпикалык Огуз кандын геосаясий таржымалы (б.з.ч. 700-300-жж.) менен дал келбей калмак экен.

Биздин оюбузча муну мындай түшүнүү керектей. Манастын санжыралык тогуз атасынын («жети атасынын») ар бири өзүнчө циклден туруусу мүмкүн. Маселен, башкы атасы Каракандын цикли бир нече кылымды камтыган болсо, Огуз кандын цикли да бир нече кылымды камтыган болот. Ар бир цикл ичи бир катар уруктар, фратрийлер калыптанып келгендей. Маселен, Акбалтанын нойгут уруусунун башаты Бабыр кандан кетүүсү толук ыктымал. Анда нойгут уруусунун башатын болжолу Тобо кандан бир нече кылым мурунку (маселен, Вергилий, Юлий Цезарь, Спартак, Тацит) мезгил менен локализациялоого болмок. Эгерде биз санжыралык Огуз канды тарыхый Огуз кан (б.з.ч. VIII к., Сактар доору) менен идентификацияласак, анда Кара кан андан да илгерки б.з.ч. II миң жылдыкка ыраактап кетери дайын. Бул, албетте, Манастын ата-тегинин (эпонимдеринин) санжыралык-тарыхый ырастуулугун айгинелемек.

Тилге балбан Акбалта,

Кара тилин кайрады:

Балалуу болсоң кулунум,

Атын Манас коёсуң…

Уулдуу болсоң Жакыбым,

Ааламга тиет пайдасы.

Аз журтка тиет экен го,

Ал балаңдын пайдасы. 46-б.

Баатырым Жакып угуп ал,

Он сегиз миң ааламдын

Сен туткасын кармаар экенсиң.

Сенден туулса шер туулат,

Алты шердин кенжеси,

Алданын чын сүйгөн пендеси…

Акбалта баштап ошондо

Бата берди чыркырап. 46-б.

Ооба, эпостун бул версиясында нойгут Акбалта авансценага чыгат. Сагымбайда Алтайда жүргөндө Акбалта казак Айдаркандай, кыргыз Байжигиттей, кыпчак Таздай, ногой Эштектей (же Чагоодой), аргын Каракожодой, алчын Каракесектей, же каракалпак Бердикедей эле саясий элитанын бири. Саякбайды караңыз, Акбалта - кырк уруунун башчысы, ал Манаска ат коёт, бата берет, Жакыпты кулунум дейт. Ошондон улам “кол ийрисине тартат” болуп, бул версиянын биринчи манасчысы нойгут уруусунун өкүлү болуп жүрбөсүн? Манастан кийин биринчи манасчы, анын шакирттери автономдуу күч-кубаттуу бул уруунун саясий элитасынын толук колдоосуна ээ болуп, белгилүү бир убакыт ичи “жабык” чөйрөдө калыптангандай. Кийинки «Семетейде» нойгут активдүү үч-төрт уруунун бири.

Биз азыр шумер Гильгамешти, скиф Иданфирсти (же Спаретраны), гунн Аттиланы, он ок Ышбара Йаматар каганды, Тонүкөк менен Култегинди кыргыз менен байланыштырып келебиз, же байланыштыргыбыз келет. Бирок булардын бири Месопотамияны, экинчиси Кара деңиздин түндүгүн, үчүнчүсү Европаны, кийинкилери Борбордук Азия менен Түндүк Кытайды (Табгачты) жердеп, өкүмүн жүргүзүп келишкен. Булардын баары кайсы бир деңгээлде

кыргыз менен катыштыгы бар Бильгамес (билге), Көк Уул (көкүл, Сын Неба), Ышпара (Ошпур, Жапар, Йыпар, Испара) эпонимдери менен байланышта экендигин далилдегибиз келет.

Эпикалык нойгут уруусунун Саякбайдын версиясына түздөн-түз тиешеси бар экендигин тастыктап бере албаганыбыздай эле, бүгүнкү нойгут көл кылаасын эмес Баткенди жердеп калгандыгын да далилдеп бере албастыгыбыз бышык. Ушундай эле таризде Акбалтанын атында Ак (Алда тааланын дагы бир аты), бойла (байыркы түрк эпоними) жана Тоң эпоними тургандыгын, же кыргыз Жакыптын аты ветхозаветтик Иаков (же жакынкы чыгыштык Йакаб хер, Йакаб эль), эпикалык Ошпурдун аты Алда тааланын дагы бир аты ал-Жаббар (же эпикалык Жапар), Баласагындык Жусуптун аты библиялык Иосиф менен бирдей экендигин, же болбосо эмнеликтен Түбөй, Көгөй, Шыгай, Ногой, Кошой, Бакай, Каныкей, Семетей, Көкөтөй деген кыргыз аттары тарыхый, мифологиялык Тесей, Ахей, Борей, Таласий, Менестей, Персей, Танай, Дарий, Элий, Юлий аттарындай эле - ой, - ай, - ей, - өй мүчөлөрү менен бирдей аяктагандыгын да түшүндүрүп берүүбүз кыйындай.

*Жусуп Мамайдагы Манастын санжыралык таржымалы.* «Түп атабыз Угуз хан…// Бузулбай баары хан болгон…// Айрыкчасы аларда // Калаш деген бар болгон…// Атын Бөйөн коюптур, // Бөйөндөн Чайан төрөлдү. // Чайандан туулду Каракан, // Каракандан Орозду // Ойротто жок чоң болду. // Жердеген жери Энесай…// «Ороздунун он уул» - деп // Айтылып калган кеби бул: // Жакып, Шыгай бир катын, // Катаган менен Каткалаң // Ал экөө да бир катын, // Акбалта менен Жамгырчы // Өтүп кетти үч катын, // Касиет, Калка төрт катын. // Айтылган сөзгө карасак // Казактар мындан таркасын. // Текечи менен Кызылтай // Кичи катын балдары…».[4] Жусуптун вариантында Манастын ата-тек санжырасы, кырк уруу кыргыздын жашаган аймагы, Ороздудан кийинки Чыңгышкан, Алоокенин зордук-зомбулугу, куугунтугу, кытай-калмактын согуштук-саясий, территориялык гегемондуулугу, кыргыз этникалык бирдиктеринин моралдык-психологиялык абалы бир топ башкача айтылат. Бул вариант Сагымбайдын, Саякбайдын, Шапактын ж.б. варианттарынан композициялык курулушу, сюжети жагынан өзгөчөлөнүп турат.

Жусуп Мамайдын вариантындагы Манастын ата-тегинин санжырасы Саякбай менен Шаабайдыкына жакындап кетет. Бирок Ороздудан баштап башка варианттарда кездешпеген Жакыптын бир туугандарынын таржымалы айтылат. Бул боюнча Орозду Жакыптын атасы. Шыгай, Катаган, Каткалаң, Акбалта, Жамгырчы Жакыптын бир tууган инилери болуп катышат. Башка варианттарда Орозду Жакыптын бир тууган агасы болуп келери маалым.

---

[4] Манас. Айтуучу: Жүсүп Мамай. Шинжаң эл басмасы, 2004. 6-7-б.

Мындагы Жакыптын кичүү бир тууугандары Касиет, Калка, Текечи, Кызылтай энчилүү аттары башка варианттарда дээрлик байкалбайт.

Кытайлык кыргыз манасчысында башка варианттардан өзгөчөлөнүп Манастын чоң атасы Ороздунун урпактары жана алар жердеген аймактар бир топ башкача кетет. Кырк уруу кыргыздын (кээде «алтымыш алаш») мекени Энесай болот. Эпикалык кыргыз үчүн Энесай, Алтай, Сары-Арка, Турпан, Самаркан, Букар, Ташкен, Кокон, Наманген, Ош, Иле, Көтөлөк (Талас), Кемин, Керкөл, Ат-Башы өңдүү бир нече миң чакырымдык мейкиндик чектер кадыресе үйүндө (маселен, азыркы Бишкектен «эртең Ошко барып келейинчи» дегендей) жүргөндөй эле кабылданган кыязы. Каракандын Ороздусу о дүйнө кетип, Энесайда Алооке хан чоңдук кыла баштайт. «Анда Алооке деген бар экен, // Кара кытай калмакты // Бийлеп турган хан экен. // Алооке жердеп турган жер // Нарын деген шаар экен».[5] Кыргызга кысым көрсөтүп чар тарапка кууп таратат. «Ороздунун он уулу атасынча бол албай», «кыдырып көчүп тарашат». Адыбай, Көлбай, Ташбайлар Энесайда туралбай Букарга көчүп кетишет. Касиет менен Калка отуз миң үй менен калмакка барып эл болушат. Ага ээ болгон калмак Албан, Кызай бай экен. Алооке Жакыпты Ногой байга айдайт. Анын жердеген жери Балыкарт деген жай болуптур. Жамгырчы менен Шыгай Самарканга айдалып, Эштек деген калмактын карамагына өтөт. Акбалтанын элин Алтайдын Чамбыл-белине айдап көчүрөт. Нойгут деген калмакка катарлаш болуп отурат. Катаган менен Каткалаң, Кошой болуп Ат-Башыны жердеп калышат. «Каткалаңдан Карача, // Хан болуптур кыргызга, // Ат коюптур Сайкал деп, // Андан туулган нур кызга».[6] Бирок Сайкал калмак тарабында согушуп келет. Сагымбайда каткалаң Кыз Сайкал Манас менен сайышканы гана болбосо, кыргыз менен чабышканы байкалбайт.

*Шапак Рысмендеевдеги Манастын санжырасы.*

***Манастын аталары.***

Түп атасы Түбөйкан...

Түбөйкандан Тогойкан,

Тогойкандан Шыгай, Ногойкан,

Ногойкандын балдары

Бай, Жакып, Ороз, Үсөндү,

Ушулардын тушунда

[5] Манас. Айтуучу: Жүсүп Мамай. Шинжаң эл басмасы. 2004. 7-б.
[6] Манас. Айтуучу: Жүсүп Мамай. Шинжаң эл басмасы. 2004. 8-б.

Ногойдун эли түзүлдү.

Ногойдун уулу төрт болгон.

Бет алган жагы өрт болгон…

Самаркан жерин жай кылган…

Арстан Манас баатырдын

Эли Ногой деп айткан.

Ногойдон чыккан Манас деп,

Ногой деген ошо сөз,

Атасынан калган кеп.

Батыр Ногой өлгөндө…

Аксакал уулу Орозду

Ордуна туруп кан болгон,

Кандыгы журтка даң болгон. 13-б.

Түбөйкан Сагымбай манасчыда Манастын төртүнчү атасы болуп, андан мурун дагы беш атасы турат. Айырмасы бир топ. Мында Ногойкан Шыгай менен бир тууган болот. Ногойдун жердеген жери Самаркан деп айтылат. Сагымбайда Анжыян, Нааман, Испара, Алай. «Манастын аталарында» бир тактап кетчү маселе бар. Ал Ногой (же ногой) деген сөз. Ногой Манастын чоң атасы гана. Болгону ошол. Муну эпостогу «Ногойдон чыккан Манас деп, // Ногой деген ошо сөз, // Атасынан калган кеп» деген ыр саптары да ырастап турат. Жети ата мында калып эле бир уруунун санжырасы миң жылдык доорду камтышы маалым. Эгерде Ногойду уруу деп алсак, анда Манастын андан мурунку ата-бабаларын (Кара кан, Огуз кан, Аланча кан, Байгур кан, Түбөй кан, Көгөй кан, Бабыр кан) кантебиз? Манастын оозунан кыргыз деген гана сөз чыккан. Манастын уругу, уруусу, эли, журту - бир гана кыргыз болгон. Ооба, кандык кыргыз. Ошол кандык кыргыздын өкүлү гана кан болууга укугу болгон.

Бул версия боюнча Ногой өлгөндө кандык тактыга анын тун уулу Орозду отурат. Демек, ошол кездеги кандык салт боюнча так кандын улуу уулуна мураска калган. Бирок Ороздудан дурусураак кан чыкпагандыгы кийин дайын болору маалым.

Кара-кытай манжуунун…

Эми Туңшаң кеп айтат:

«Күн батышта буруттун,

Каны Ногой өлүптүр…»

Чоң-Бээжинден ордого

Кол жыйылып толуптур.

Кан Алооке, Кырым кан

Кол башчы алар болуптур. 14-б.

Эпостун башка варианттарында Туңшаң эмес, Дуушаңгөр деп аталат. Мында да «бурут кан Ногой өлүптүр» деп кытай тарап кыргызга каршы жыйынга чогулат. Ооба, кыргыздын баштапкы «бурут» деген этноними кадыресе колдонууда болуптур. Кол башчылыкка Алооке кан менен Кырым кан дайындалат. Сагымбайда Кырым кан, Алооке кан кыргызды чапканы аттангандыгы жөнүндө айтылбайт.

Кан Ногойдун төрт уулун

Кармап алды бүпбүтүн…16-б.

Чоң Бээжинден аттанган кара кытай (кыдан) буйдалбай келип кыргызды чаап алыптыр. «Ногойкандын балдары Бай, Жакып, Ороз, Үсөндү» төртөө тең колго түшөт. Үсөн калмактын Көзкаманы атыгып, «Көзкаманды айдады…// Бээжиндин бери жагына, // Калың калмак ичине». Ороздунун мажес өскөн балдары тууралуу кытай жактын маалыматы болуп, «Орозду канды чопчогуу, // Кең-Алайдын жерине, // Балдары менен таштады». Байдан «адамдан артык акылман» уул тууларын алдын ала билген кытай тарап «Байды айдады Кашкарга». «Аярлар сынап Жакыпты...// Мындан чыгат бир тукум, // Кара кытай биз эмес, // Кылымды бузат бир бүтүн!..» деп, «Жакыпты айдап алыптыр, // Алтай, Каңгай жерине». Ал эми Ногойдун агасы «Балдары менен Шыгай кан // Индистанга качыптыр» (16-б).

Ошентип, «Үсөндүн аты Көзкаман…// Калмактан катын алыптыр. // Ошол калмак катындан // Жети бала көрүптүр». Бирок «Арамдан бүттү балдары, // Калмактан болду кандары» деп, Шапактын биринчи манасчысы да калмак этносуна болгон өзүнүн жактырбоосун жашырбаптыр. Бул версияда Жакып Эштектин кызы Чыйырдыны алган деп айтылат. Анда Жакып Жамгырчынын жездеси болуп, Манас менен Жамгырчы тайке-жээн болуп калабы? (Сагымбайда Ногойдун бир тууганы Чыйырды өлүп, Жакып анын Шакан аттуу катынын алып, ал Чыйырды атыгып калат). «Алтайдан Жакып жайланып, // Кара калмак элинин // Бөйөн, Чаян байына…// Кызмат кылып мал багып» (17-б.) Чаяндын кызы Бакдөөлөткө үйлөнүптүр. Кыргыз менен калмактын ортосунда кудаа-сөөк маселеси кадыресе көрүнүш кез экен.

## *Манастын балалык чагы*

### *Жакыптын түшү*

Ал тоюна чакырып,

Тогуз уруу эл калды…20-б.

Шапактын биринчи манасчысынын маалыматы боюнча Жакып Алтайда жүргөндө тогуз уруу кыргыз болгон экен. Сагымбайда он эки уруу, Саякбайда он эки үй бүлө, Шаабайда он эки тайпа деп айтылат.

Акбалта менен Бердике,

Агала сакал Ошпур бай,

Акылга дыйкан Байжигит,

Айдаркан менен Саламат,

Татар Чагоо карысы,

Отурган экөө ошондо

Ошолордун баарысы… 20-б.

Шапакта да Сагымбайдагыдай эле нойгут Акбалта, каракалпак Бердике, окчо Ошпур, кыргыз Байжигит, казак Айдаркан Жакыптын жанында жүргөн. Ушул аталган каармандар эпостун түрдүү варианттарындагы эң активдүү каармандар экендигин белгилөөгө болот. Бирок мында эми Саламат авансценага келет экен.

«Кудай буюруса бай Жакып,

Бала көрөт экен го…»

Деп ошентип Байжигит,

Кол көтөрдү буркурап,

Отургандын баарысы,

Азирет Жакып пайгамбар,

Жакып жоруп калсын деп,

Батасын кылды чуркурап. 20-б.

Бул Байжигиттин сөзүнөн. Анын «Азирет Жакып пайгамбар» дегени эмнеси? Кеп мында эпикалык Жакып тууралуу жүрүп жатпагандыгы ырас, анткени Жакып азирет пайгамбар эмес экендиги дайын. Ооба, «Жакып жоруп калсын» деп бата тилеп жатат. Балким, библиялык Иаков жөнүндө сөз болуп

жүрбөсүн? Балким, андан да мурунку гиксос Iakab her, Iakab el (б.з.ч. 1675-ж.)[7] жөнүндө кеп болуп жаткан беле? Эгер бул ырас болгон ченде кыргыз Байжигит египеттик фараон-гиксос, же иудей-христиандык пайгамбар тууралуу кайдан билген деген суроо туулушу турган кеп. Кандай болгон ченде да Жакыптын аты (эпоними) бекеринен «Жакып» деп аталбай, илгерки сакралдык түшүнүктөр менен байланыштыгы бар болуусу түкшүмөлдөнөт. «Шамал болбосо теректин учу кыймылдабайт». Караңыз, эпостогу көптөгөн энчилүү аттар (эпонимдер) байыркы рухий дүйнө менен байланыштыгы бар болууда.

***Балага ат коюу***

«Манас» эпосунун варианттарында (Сагымбай Орозбаков, Саякбай Каралаев, Шапак Рысмендеев, Шаабай Азизов, Жусуп Мамай) балага ат коюу түрдүүчө кеткен. Маселен,

Сагымбайда:

Ак күлөлүү дубана,

Асасы колдо шалдырап,

Кайдан келди жан билбейт,

Пайда болду дубана ...[8]

Саякбайда:

Жакып кандын түшүнө

келип кириптир

Бир ак сакалчан дубана ...[9]

Шапакта:

Кирип келди эшиктен,

Ак күлө кийген дубана …

---

[7] Брэстедъ Д. Г. История Египта – с древнейшихү временъ до персидского завоевания. Томъ I. М., 1915. С. 230.

[8] Манас. Сагымбай Орозбак уулунун варианты боюнча. I китеп. Фрунзе: «Кыргызстан», 1984. - 104-б.

[9] Манас. Эпос. Саякбай Каралаевдин варианты боюнча. I китеп. Фрунзе: Кыргызстан, 1984. - 51-б.

Баланын аты Манас деп,

Бата кылып калганы …

Кайып болду дубана,

Көрүнбөстөн буларга.[10]

Шапакта да Манаска ат коюу Сагымбайдыкына («ак күлөлүү дубана») окшошуп турат. Бул үч вариант боюнча балага ат койуу үчүн ак күлөлүү (же ак сакалчан) дубана пайда боло калат. Баарында балага Манас деген ат коюлсун деп айтылат. Маселен, Сагымбайда: "Аты болсун Манас деп, // Алда таала сактасын // Ар балаадан калас деп. // Бата кылды баарысы, // Жашы менен карысы".[11] Саякбайда: "Бир ак сакалчан дубана // Кызыр аллейки салам мен элем // Бүгүн эркек уулдуу болосуң, // Атын «Манас» кой Жакып!"[12]

Шаабайда:

Теңириңден кат алган,

«Манас» деген ат алган.

Жашырып атын айтпастан,

«Чоң жинди» деп ат алган.

Ай-ааламдан кат алдым,

«Манас» деген аты жок,

«Арстан» деп аталгын…

Оомийин, Алла кудурет,

Аты Манас шер болот!

Деп ошентип Айкожо

Көздөн кайып жок болду.[13]

Бул вариант боюнча балага ат коё албай турушканда ободон токсон бештеги Айкожо түшүп, Теңирдин табыштоосу менен атын Манас коюп,

---

[10] Манас. Шапак Рысмендеевдин айткан варианты боюнча. Бишкек: «Газета.KG», 2013. - 26-б.

[11] Манас. Сагымбай Орозбак уулунун варианты боюнча. I китеп. Фрунзе: «Кыргызстан», 1984. - 105-б.

[12] Манас. Эпос. Саякбай Каралаевдин варианты боюнча. I китеп. Фрунзе: Кыргызстан, 1984. - 51-б.

[13] Манас. Манасчы Шаабай Азизовдун варианты боюнча. Бишкек: «Кут Бер», 2013. - 49-б.

бирок эр жеткенче «Арстан», «Жоң жинди» деп жашырын ат алып жүрүшү керектигин айтып көздөн кайым болот.

Жусуп Мамайдын вариантында калмак-кытай бал китеби «Ыстырлап» деп аталган. Ушул китеп боюнча калмак-кытай төлгө ачкан. Манастын туулушун билишкен, бирок качан, каерде экенин так биле алышпайт.

Ачып колун карады,

Оң колунун бөлтөктөн,

«Манас» атын таап алды.[14]

Жакып өзүнүн Ошпур деген койчусуна Манасты алып барып бергени да варианттарда өздөрүнө мүнөздүү өзгөчөлүктөргө ээ. Маселен,

Сагымбайда:

Сөз айтууга жатыксын,

Сөөгү бышып катыксын...

Ошпур деген койчу бар,

Оңдоп койсун ошолор.[15]

Ошентип, Манас сегизге чыкканда атасы Жакып "Ошпур деген койчуга" кой баксын, мал баксын деп жөнөтпөстөн, "сөз айтууга жатыксын, сөөгү бышып катыксын" деп тапшырат. Демек, эпостогу идея боюнча Ошпурга барган бала татыктуу таалим-тарбия алуусу керек. Көчмөндүк шартта балага таалим-тарбияны бай койчу берүүдө. Бай Жакып бекеринен Ошпурду тандаган эмес болуу керек. Биздин оюбузча Ошпур – бул кыргыздын байыркы рухий дүйнөсү, эпоним.

Саякбайда:
Бөлөккө бурду санааны,

Ошпурга берди бай Жакып,

Аты Чоң Жинди баланы.[16]

---

[14] Манас. Айтуучу: Жүсүп Мамай. Шинжаң эл басмасы. 2004. - 18-б.

[15] Манас. Сагымбай Орозбак уулунун варианты боюнча. I китеп. Фрунзе: «Кыргызстан», 1984. - 64-б.

[16] Манас. Эпос. Саякбай Каралаевдин варианты боюнча. I китеп. Фрунзе: Кыргызстан, 1984. - 51-б.

Бул вариантта таалим-тарбия маселеси ачык айтылбаганы менен “бөлөккө бурду санааны” дегенинде Жакыптын түпкү санаасы катылып жаткандай.

Шапакта:

Катыктырып көрсөк бейм,

Койчу башы Ошпурга

Алпарып муну берсек бейм![17]

Мында да Жакып Манасты Ошпурга кыларга иш жоктон, же ошоякта жүрсүнчү деп алпарбаган экен. «Катыктырып көрсөк бейм» деп тарбияга бериптир. Эми Ошпур да жөн киши болбой «агала сакал Ошпур бай» болууда. Аксакал жана бай. Бала Манастын насаатчы-марынын сакралдуу каарман экендиги ынанымдуу.

Сагымбай менен Шапактын варианттарында аталган чоң эпизод боюнча бир катар жакындыктар байкалып турат. Бул эки залкар манасчынын мектебинин бирдей экендиги менен түшүндүрүлүүсү мүмкүн. Саякбай менен Шаабайдын дастандарында жакындыктар жана айырмачылыктар көрүнсө, ал эми Жусуп Мамайдын вариантынын өзүнө гана мүнөздүү өзгөчөлүктөрү бар экендиги дайын болот.

Ошентип, Манастын балалык чагы эпостогу туруктуу салттык окуяларга кирет, бирок түрдүү варианттарда түрдүүчө кеткендиги көрүнүп турат. Бул эпостун оозеки чыгармачылык мүнөзү менен түшүндүрүлөт. «Манас» эпосунун башатында кырк уруу кыргызга кирген уруу-уруктук манасчылар тургандыгы жана алар айткан алгачкы версиялар калыптанып, түптөлүп отуруп бүгүнкү күнгө жеткен деп ишеним артууга болот. Эпостун оозеки табиятынан улам да жогоркудай түрдүү композициялык ыкмалар кетүүсү мыйзамченемдүү кубулуш болуп саналган. Эпикалык чыгармалардын оозеки жаратылышын, кайталангыс мүнөзүн, ар бир манасчыга түздөн-түз көз каранды экендигин бир катар варианттарды жогорудагыдай параллел иликтеп жеткирүү өнүмдүү болорун ырастайт.

***Манастын тою***

Кытайдан кырк миң кол келди …

Кылжылоолу ойроттон,

Тушаң төрө зор келди.

[17] Манас. Шапак Рысмендеевдин айткан варианты боюнча. Бишкек: «Газета.KG», 2013. - 27-б.

Калмактан калың кол келди,

Кашкар Котон журтунан,

Кара жер каптап мол келди. 25-б.

Ошентип, Манастын тоюна толгон-токой кол менен кытай, ойрот, калмак келиптир. Бул, албетте, тынчтылык экенде карым-катнаш, алыш-бериш кадыресе эле болуп келгендигин ырастамак.

Кирип келди эшиктен,

Ак күлө кийген дубана…

Баланын аты Манас деп,

Бата кылып калганы…

Кайып болду дубана,

Көрүнбөстөн буларга. 26-б.

Шапакта Манаска ат коюу Сагымбайдыкына («ак күлөлүү дубана») окшошуп турарын айтканбыз**.**

***Манасты койчулукка бергени***

Катыктырып көрсөк бейм,

Койчу башы Ошпурга

Алпарып муну берсек бейм! 27-б.

Ошентип, Ошпур айтылып жүргөндөй Жакыптын жарды-жалчы койчусу эмес экен. Бир караганда байыркы Ошпур эпоними жаратқандын буйругу менен бала Манасты тарбияга алгандай. Балким, эпостун баалуулугу, сакралдуулугу, сырдуулугу ушунда болуп жүрбөсүн? Эми бул жерде, албетте, биринчи манасчылар төкмөлүк өнөрүнөн, эрудициясынан, чыгармачыл талантынан тышкары аларда байыркы рухий дүйнө, сакралдык ишеним маалыматы бар болгон, же аралаш жүргөн. Ооба, биринчи манасчылар катардагы пенделер болбогондугу анык. Булар параллел катмардагы (о дүйнө, бу дүйнө), өзгөчө касиет-сапаттагы, кут даарыган инсандар болгондой.

Ал кырк киши кеп айтат:

Кырк чилтен деген биз деди,

Кызыр деген бирөө бар,

Ушу балам өзүңдү,

Ал сени кырк күндөн бери издеди.

Мындан кийин сен балам,

Алланын атын билип жүр…

Жаныңдагы жолдошуң…

Атын Чеге дебе деп…

Кутубий болсун өз аты… 28-б.

Эпостун варианттарында Кутубий (Чеге) жөнүндө түрдүүчө айтылат. Сагымбайда Ошпурдагы Чеге Кадообай деген кыргыздын баласы. Шапак экөөндө тең Кутубий деген атты кырк чилтен коет. Ал эми Саякбайда Ошпур багып өстүргөн кара калмактын баласы[18] деп айтылат. Анын атын Кызыр ата Кутубий деп атайт. Эмнеликтен Саякбайдын биринчи манасчысы Кутубийди «кара калмактын баласы» деп айткан эле? Сагымбай менен Шапакта кара калмак жөнүндө дээрлик кеп болбойт. Кандайча мындай чоң ажырым? Же, кийинки «ортодогу манасчылардан» киришип кеткенби?

Кырк чилтен дагы «алланын атын билип жүр» деп бала Манаска табыштаптыр. Кырк чилтендин таржымалы кыргыз ‘бурут’ деп атыгып жүргөн кезге барып такалуусу мүмкүн экендигин айтканбыз. Ооба, алар кыргыздын эзелки рухий дүйнөсү (кудайлар, эпонимдер) тууралуу кабардар болгондой. Ошондуктан бул кырк бөрү (кырк чилтен) байыркы алла, алда таала рухий дүйнөсүн да мыкты билген.

### ***Манастын калмактарды кырганы***

Анда Жакып кеп айтат:

Уругум кыргыз эл болгон,

Кыргыздан кытай кем болгон.

Ошо кезде кыргызга

Кылымдын баары жем болгон.

Кыйшайып иши баратса,

Кырк чилтен кайып дем болгон!

[18] Манас. Эпос. Саякбай Каралаевдин варианты боюнча. I китеп. Фрунзе: Кыргызстан, 1984. - 106-б.

Чоң атаң Ногой кан болгон,

Алышкан душман нан болгон!

Ногойдон калган төрт бала… 31-б.

Мында Жакыптын сөзүндө көп маселе бардай. Ал «уругум кыргыз эл болгон» деп урууга чейинки уругу кыргыз экендигин айтууда. Ооба, башатында эле кыргыз экен. Эл[19] - бул жерде, балким, мамлекет, саясий элита, кыргыз ордо маанисинде болуусу мүмкүн. Эми «кыргыздан кытай кем болгон» деген жерин караңыз. Жакып туурасын айткан экен. Бул Кытай журту Кыргыз журтуна (кырк уруу кыргызга) эч качан тең болгон эмес дегендикти түшүндүрмөк. Муну тарых бaрактары да ырастап тургандай. Кыргыз журту отурукташкан конфуцийлик, даостук хан, тан, чин, ханзу (азыркы кытай) этникалык биримдиги менен параллел кара кытай (кыдан), кара калмак (ойрот), манчжур көчмөн этностору менен тирешип келгендей. Караңыз, Жакыптын ушул эки ыр сабындагы сөзү эпикалык чыгарманын тарыхый-даректик сапатка ээ боло алуусун айгинелемек. Муну ырастап Жакыптын «Ошо кезде кыргызга // Кылымдын баары жем болгон» дегенинде кыргыз мамлекетинин согуштук күч-кубаты даңазаланат. Шапакта да Саякбайдагыдай Жакыптын атасы Ногой кан, бирок чоң атасы Тогой кан жок. Балким, Шапактагы Тогой фонологиялык өзгөрүүгө туштугуп Сагымбайдагы Көгөй болуп жүрбөсүн? Көгөй деген топоним азыркы Кыргызстанда, Өзбекстанда бар. Ошол Көгөй жер-суу аталыш эзелки Көгөй эпониминен кеткен болуусу мүмкүн. Ал эми үчүнчү атасы Сагымбай манасчыдагыдай эле Түбөй кан экен.

Кортуктун уулу Шакумду

Манжуулуктун элине

Бий көтөрүп салганы.

Манжуунун беги болду деп,

Ошондон кийин ал Шакум,

Мажик атка калганы. 34-б.

---

[19] Эшиев А. М. Эпические теонимы Илайа, Алда таала: предшественники, параллели, аналогии // Евразийское научное объединение, № 10 (56), октябрь, 2019. https://esa-conference.ru/wp-content/uploads/files/pdf/Eshiev-Asylbek-Mirzatilaevich3.pdf https://elibrary.ru/item.asp?id=41385415

Сагымбай манасчыда «Манжурдан келген эл үчүн // Манжыбек деп аталат»[20] деп кырк чилтен тарабынан коюлат. Ооба, эки вариантта тең Мажик атала берет. Бирок Шапакта Мажик болсун деп айтылат.

***Эсенкандын жиберген кишилери Манастан өлүм болгону***

Манас кирди бакырып,

Манастап ураан чакырып. 35-б.

Сагымбайда да «Башка сөз келбей оозуна // «Манастап» ураан чакырып»[21] деп айтылат. Манас бекеринен «манастап» ураан чакырбаганы белгилүү.

**Сагымбайда**[22]:

Бай Жакыптын чакырыгына казак, найман, коңурат, үйшүн, алчын, аргын уруулары келип калат.

Урушсак ушуну алабыз,

Ураанды ким деп салабыз?

Көргүн Манас баланы,

Көк найза колго алганы,

Астына камчы салганы.

Башка сөзгө карабай

"Манастап" ураан салганы,

"Манас", "Манас", "Манас" деп

Ошо жерде баатырың

Чабуул коюп калганы.

Баары бирдей бакырып,

Кылкандай найза жапырып,

---

[20] Манас. Сагымбай Орозбак уулунун варианты боюнча. I китеп. Фрунзе: «Кыргызстан», 1984. - 139-б.

[21] Манас. Сагымбай Орозбак уулунун варианты боюнча. I китеп. Фрунзе: «Кыргызстан», 1984. - 165-б.

[22] Манас. I китеп. Сагымбай Орозбак уулунун варианты боюнча. Фрунзе: "Кыргызстан", 1984.

Башка сөз келбей оозуна

“Манастап” ураан чакырып. 165-б.

Кыргызга санаалаш элдер чогулуп, кандай ураан чакырабыз деп калганда Манас озунуп биринчи болуп “Манас” деп ураан салып чабуулга аттанат. Калган эл да “башка сөз келбей оозуна “манастап” ураан чакырып” каптап кирет. Демек, бул элдер ар кимиси ар башка ураан чакырбай, жалпыбыз бир ураанды салалы деп кеңешкен. Бирок бүт баары “манастап” ураан чакырганды макул көрүшөт, анткени “Манас” деген эзелки рухий дүйнө, эпоним жөнүндө билишкен. А, бала Манас өзүчү? Эмне үчүн өзүнүн атын айтып душманды качырып кирген эле? Ооба, Манас бала болсо да, Манас эпониминин жөн-жайын жакшы билген. (Балким, бул жерде кеп Манас атка конгон тарыхый прототип жөнүндө болуп жүрбөсүн). Ал өзүнүн атын эмес, байыркы кыргыз сыйынып, ыйык тутунуп келген башкы рухий дүйнөнүн атын айтып жаткандыгын да мыкты билген! Ошентип алтайлык калмак кырылып, Домабили мерт кетип, качканы качып жок болот. Манжулук калмак аман калып, “казак, кыргыз, калмагы жыргап жатып калганы, манжудан келген журт үчүн, атасы өлгөн баланы бий көтөрүп алганы”. Ошол манжулук Шакум эми “каратоко Мажик” аталып, эпостун кийинки окуяларында арбын катышары маалым.

**Шапакта:**

***Нескаранын Манастан жеңилиши***

Нескаранын колу Манастан жеңилет, качканы качып жок болот.

Жаның жайыл, Манас деп,

Кетпей турган болобуз,

Кеткенде кайдан оңобуз?

Манаска баары эл болду,

Бели таңуу дем болду.

Жайсаңбай келди дабырап,

Эл болдум сага бурут деп. 37-б.

Мында Жайсаңбай манжур болууда. Бирок дагы эле оозунан бурут деген кыргыздын байыркы эпонимдик аталышы кетпептир. Кыргыз деген аталышка али көнө элек кез экен.

## *Манастын кан көтөрүлгөнү*

Калкты тактап санаса,

Токсон миң болуп калганы…

Он төрт жашта Манасты

Ак кийизге салганы…

Кан көтөрүп салганы,

Мындан кийин ошо журт,

Кандуу журт болуп калганы… 39-б.

Сагымбайда Жакып Манас экөө ак кийизге салынып, жети кадам баскандан кийин Жакып түшүп калганы маалым. Шапакта Манас жалгыз өзү «ак кийизге салынып, кан көтөрүп салынат» экен. Эскерте кетчү нерсе, эпосто кан[23] деп айтылат, каган же хакан деген титулдар кездешпейт. Сагымбайдын версиясындагы эпизод чындыкка жакын тургандай. Анткени ошондогу коомдук-саясий кырдаал ушул ойго түрткүлөйт.

**Сагымбайда**[24]:

Казак, кыргыз камалап,

Калмак, маңгул жабылып,

Ак кийиздин үстүнө

Бай Жакыпты салганы,

Бала Манас баатырды

Ак кийиздин үстүнө

Аны дагы биргелеш

Олтургузуп алганы. 289-б.

Ошентип, эр Көкчөнүн айтканын эл колдоп, ой-боюна койбой Бай Жакыпты ак кийизге салышат. Бай Жакып менин ордума баламы көтөргүлө десе, Манасты да ак кийизге салышат. Бирок жети кадам баскандан кийин Бай

---

[23] Эшиев А. М. Древние титулы кан (хан), каган, король, князь и их эпические параллели // Евразийское научное объединение, №2 (60), февраль, 2020. С. 321-324. https://esa-conference.ru/wp-content/uploads/2020/03/esa-february-2020-part5.pdf

[24] Манас. I китеп. Сагымбай Орозбак уулунун варианты боюнча. Фрунзе: «Кыргызстан», 1984.

Жакып жерге түшүп калат да, Манас жеке өзү хандыкка көтөрүлөт. Караңыз, кырк уруу кыргызга хан шайлоодо, Манасты хан көтөрүүдө “калмак, маңгул жабылып” өтө активдүү катышкан экен. Ооба, манжулук калмак, алтайлык маңгулдар экендиги маалым. Ошентсе да кырк уруу кыргызга аралашып, эл болуп, Манастын камчысын чабышып жүргөнүн өзгөчө белгилеп кетүү керектей.

Ногойдон калган кызыл туу,

Жакыпта калган мына бу,

Оболотуп аштады,

Тойду Жакып баштады...

Алтайлыкты санаса,

Аяк-башын караса

Токсон алты миң болду,

Тобунда мындай ким болду. 290-б.

Ошентип, Манас хандыкка шайланат, чоң атасы Ногойдон сакталган кызыл тууну көтөрөт. Алтайлык кыргыздын саны жүз миңге жетип, аскер курап, өкмөт түзүп, мамлекет курууга даяр болуп калган экен. Эпос боюнча “Ногойдон калган кызыл тууну Жакып оболотуп аштатат”. Демек, Жакып Анжыян-Алайдан куулганына алтымыш жыл болсо да, бабаларынан калган кызыл тууну жоготпой, кызыл түсүн жоготпой аздектеп сактап келген болот. Көрсө, кырк уруу кыргыздын ушундай мамлекеттик туусу болуп, аны урпактарга сактап мураска калтыруу салты эзелтен эле болуп келиптир.

**Шапакта:**

***Айгожонун келиши***

Медина, Меке жерибиз,

Беш түркүн араб элибиз…

Араб элдин укуму,

Ак пайгамбар тукуму,

Айгожо деген мен болом.

Арстан Манас өзүнө

Бу дүйнөдө дем болом…

Ак келте менен Ач албарс

Азыр берем колуңа,

Токтолуп турбай бул жерге

Кайта салам жолума. 40-б.

Шапакта исламдык көрүнүштөр басымдуулук кылары байкалат. Медина, Меке, араб деген түшүнүктөр Сагымбайда дээрлик жокко эсе. Бул, балким, Шапактын биринчи манасчысынын ислам кыргызга сиңишип калгандагы жараткан варианты, же кийинки манасчылардын көмөгү болуусу мүмкүн. Бул боюнча Манаска Ак келте менен Ач албарсты Айгожо берүүдө. Сагымбайда Манастын Ак келтеси «түтүнү туман түбү Ыспан» менен байланышкандыгы маалым. Шапактын вариантынын биринчи манасчысы, балким, Алтайга үркпөй калган Анжиян, Нааман, Испара, Ташкентти жердеген, же катагандын кан Кошою байырлаган, мусулмандыкка эрте өткөн уруу өкүлүнөн болгондур.

***Билериктин окуясы***

Түшүнө кирди Кожонун

Ак селдечен дубана,

Дубана анда кеп айтат:

Кундуз, Талкан жеринде,

Катаган деген элинде,

Кошой деген эр болот. 43-б.

Башка варианттарда «ак күлөлүү дубана» деп айтылса, мында «ак селдечен дубана» болуп келүүдө. Катагандын кан Кошою жөнүндө биринчи жолу айтылат.

Буркандарын кыйратты,

Кечилдерин ыйлатты…

Нескара тоого качыптыр

Катагандын кан Кошой

Кара кытай, манжуунун…

Мусулман динге салыптыр…

Катагандын кан Кошой

Аттанып чыгып Аксыдан

Алтайдагы Манаска

Учурашка барыптыр… 44-б.

Бул вариант боюнча Кошой Алтайдагы Манаска өзү барыптыр. (Сагымбайда мындай эпизод жок. Саякбай манасчыда «Манас Акбалтанын кеңеши менен Кошойду издеп жөнөгөнү» айтылат[25]). Ага чейин кара кытай, манжуунун буддалык буркандарын кыйратып, кечилдерин ыйлатып, мусулман динине салып келиптир. Кошойдун ушул панисламистик агрессивдүүлүгү кыргыз үчүн мүнөздүү эмес экендигин белгилөөгө болот. Ошондуктан бул ыр саптары кийинки көрүнүш болушу ыктымал. Балким, башка варианттарда Кошой ошол эле кара кытай, манжуу, калмактарды кыйратып, багындырып келгендир. Бирок исламдын байрагын көтөрбөй кыргыз жерин кытайлык кас душмандардан бошотуучу катары. Сагымбайда (ж.б. варианттарда да) Манас толгон-токой калмак, ойрот, манжу, кара кытайды жеңип, чөгөлөтүп келет. Бирок будда, буркан, даайлама, лаанаты, жабуу, жаа-жаа диний ишенимдерин эми таштап, кыргыздын байыркы ак, бар, эге, же алда таала, мусулмандыкка өтүшүн талап кылган эмес. Ар кимиси өз дининде кала берген. Ал тургай кан, бектерин да өздөрү шайлап алганга уруксат берген. Башкысы Кыргыз журтуна лоялдуу болуп, алымын берип турса болгону. Манастын айкөлдүгүнүн бир көрүнүшү да ушунда болсо керек эле.

Эми Кошой кеп айтат:

Түркстандын жерине,

Түп атаңдын элине,

Самаркандын жерине,

Сан мусулман элине,

Мындан көчүп кеткиниң,

Самарканга жеткиниң. 45-б.

Ошентип, Алтайга келген Кошой Манаска өз эл-жериңе Түркстанга, Самарканга көчүп кет деген сунушун айтыптыр. Сагымбайда Манастын ата-бабасы жердеген жер Анжыян, Алай, Нааман, Түркстан деп айтылат. Айырмасы барбы? Дээрлик жокко эсе. Жогоруда көрсөтүлгөн жер-суу аттары Ногой кандын кадыресе геосаясий территориялык мейкиндиги болгондугуна күмөн кылууга болбос. Бирок кээ бир варианттарда мындай топонимдик

[25] Манас. Эпос. Саякбай Каралаевдин варианты боюнча. I китеп. Фрунзе: Кыргызстан, 1984. - 105-б.

аталыштар (маселен, Самаркан) башкы каармандын ата жери болгондугу тууралуу дээрлик айтылбайт.

***Манастын Самарканга көчкөнү***

Басып өтүп Жылдызды,

Тарагай менен Аксайды

Катар басып өткөнү,

Эки ай көчүп арада,

Кең Алайга жеткени. 45-б.

Демек, көч кең Алайга эки айда жетип келет экен. Сагымбайда да Манас биринчи Отуз-Адырга келип конот. Туура, Алай менен Отуз-Адырдын дээрлик айырмасы жоктугу да ырас.

## *Манастын Алооке канды жана Шооруk канды жеңгени*

**Шапакта:**

Манжуу, кытай журтунан

Маргалаңда кан болгон,

Алооке деген кан чыккан…

Алты миң жамбы, миң кундуз,

Айда санап алымга,

Алып турган Алооке… 45-б.

Бул боюнча Алооке Анжыянда эмес, Маргалаңда кандык кылган. Айырмасы барбы? Алай, Анжыян, Маргалаң, Нааман - баары Фергана өрөөнүнө кирери маалым. Сагымбайда бул аймакты Манас атамдан калган жер деп айтып келген. Ошону менен бирге Шапакта Маргалаң деп так айтылганы кызыгууну туудурары бышык.

Эң кенжеси Коңурбай…

Алооке: Кең Анжиян жериме…

Маргалаңга жеткени,

Алоокеге беттеди. 46-б.

Бул вариантта Манас Анжыяндан өтүп туура Маргаланга барыптыр. Дагы болжолу жүз чакырымдай жол баскан болот. Ооба, Шапак Манастын жолун узартып жибериптир. Муну эпостун оозеки формада гана жашап келгендиги, манасчылардын жекече алымча-кошумчалары, эс-тутум, урууларга, каармандарга симпатия-антипатиясы, тарыхый-географиялык билимдери өңдүү түшүнүктөрүнүн түрдүүлүгү менен түшүндүрүүгө болмок. Манас Алоокенин тун уулу Боокени, агасынын уулу Кошабышты ак үйлүү күтүп барымтага алып калат. Сагымбайда да ушинтип айтылат.

**Саякбайда:**

***Манастын Алоокени жеңип кан көтөрүлгөнү***[26]

Кан Алооке баатырды

Каарданып кан Манас

Калтырбай кырып таштады…213 б.

Сол жагында Ажынын

Алтын жапкан жан калта,

Жан калтанын ичинде

Алып чыкты бир буюм,

Ак жаргакка жазган кат

Алып берди Кошойго,

Арапча жазган кат экен,

Катты окуп караса,

Кабылан Манас аты экен.

Ажыбай, Бакай, эр Манас

Үчөө туруп кат жазган. 214 б.

Бул версия боюнча Алооке кыргынга учураган экен. Сагымбайда эки тараптан тең бир киши набыт болбой, Алооке Түп Бээжини көздөй сапар тартканы маалым. Кат араб арибинде жазылыптыр. Катты жазгандар да, аны окуган Кошой да арапча кат-сабаты бар болууда.

---

[26] Манас. Эпос. Саякбай Каралаевдин варианты боюнча. I китеп. Фрунзе: «Кыргызстан», 1984.

Кандардын санын айталы:

Кокон кандын Козубек,

Анжыяндын айры сакал Сынчыбек,

Маргалаңдын Малабек,

Алты-Шаардын Алабек,

Келген жандын баары бар,

Буудайык каны дагы бар,

Ал келгендин ичинде

Текечи кан, Шыгай кан,

Эштектерден Жамгырчы,

Эс билгендин баары бар. 215 б.

Таштагыла, мусулман

Кыжың-кужуң кебиңди.

Олжосун бөлүп алалы,

Ай талаада Манасты

Ак таалага жалынып

Кан көтөрүп алалы. 215 б.

Бул Кошойдун сөзүнөн. Буга караганда кыргыз мусулманга өтүп калган экен. Ак таала деп кудайдын дагы бир аталышы айтылат. Ак таала менен Алда таала экөө бир болуусу мүмкүн. Ак деген Алланын 99 атынын бири (аль-Хакк)[27]болуусу ыктымал. Шаабайдын вариантында "Эгем таала билбесе" деген ыр сабы бар[28]. Балким, Нарындын Ак-Талаа топониминин башаты Ак-Таала болуп жүрбөсүн?

**Шапакта:**

***Манастын Шоорук канды жеңгени***

Кара-Тегин жер экен,

[27] Эшиев А. М. Древние теонимы и их параллели в акынской поэзии**.** Инновации в науке, №10 (71). Новосибирск, Изд. АНС «Сибак», 2017. https://cyberleninka.ru/article/n/drevnie-teonimy-i-ih-paralleli-v-akynskoy-poezii/viewer

[28] Манас. Манасчы Шаабай Азизовдун варианты боюнча. Бишкек: «Кут Бер», 2013. 35-б.

Уруусу Калча эл экен. 48-б.

Так кырк күнү той кылды,

Кан Шоорук кан ой кылды,

Акылайга арнатып,

Ак ордо үйүн тиктирди. 50-б.

Шапактын Манастын Шоорук кандын кызы Акылайды алышы Сагымбайдыкы менен дээрлик окшошуп турат.

Арстан Манас кабылан

Алайга турбай токтолуп,

Алайдан көчүп алыптыр.

Азиреттин Кара Тоо,

Самарканга барыптыр. 51-б.

Манастын Алайдан түз эле Самарканга барганы башка варианттарда ачыкталбайт.

**Саякбайда:**

***Манас баатыр Шоорук канды жеңип, анын кызы Акылайды тартууга алганы***[29]

Ажыбай айта салганы,

Ажыбайдын кебине

Ал Шоорук кан таң калды.

Карап туруп ошондо

Кан Шооруктай эрениң

А дээрине алы жок,

Э дээрине эси жок,

Тагынан түшүп калганы. 218-б.

Бул кан Манастан элчи болуп келген Ажыбайдын сөзүнөн кийинки Шоорук кандын абалы эле. Ооба, калча уруусунун каны Шоорук урушуп нетпей эле, колунан буюму түшүп шалдырап отуруп калган экен. Демек, эр

[29] Манас. Эпос. Саякбай Каралаевдин варианты боюнча. I китеп. Фрунзе: «Кыргызстан», 1984.

Ажыбай маалыматтык-психологиялык согуштун ыкмаларына ээ болгон. Сагымбайда Манастын (Ажыбайдын активдүү катышы менен) Алооке канды дал ушунтип, бир адамды набыт кылдырбай Анжыян-Алайдан кууганын эстеңиз. Саякбайда Манас менен Шооруктун согушу болбой калган экен.

**Сагымбайда:**

***Манас баатыр өзү катылган Шоорук канды жеңип, Акылай деген кызын тартууга алганы***[30]

Алайдын түштүк жагында,

Башы Даң-Дуң тоосунда,

Маймундуктун Шоорук кан

Жаткан экен ушунда.

Калча деген калкы бар,

Калча жайын сурасаң

Кыргызга жакын каркыбар. 200-б.

Мында Манасты кыйратам деген Шоорук кандын отуругу сүрөттөлүүдө. Демек, анын жери Алайдын түштүк жагы, Анжыяндан бир топ эле ыраак экен. Элинин аталышы калча болууда. Белгилеп кетчү нерсе “кыргызга жакын каркыбар” деп, бул этностун кыргызга жакындыгы эскертилет. Казак легендасында ак куунун кебин кийген кыз жарадар болуп, өлүм алдында жаткан Калча аттуу казак баатырын сактап калгандыгы маалым. Ушундай параллелдер бул калча элин түзгөн уруу-уруктардын бир кезде (балким, тарыхка чейинки доордо) бир этникалык бирдик болуп, бара-бара мезгилдин өтүүсү менен кыргыз журту, казак уруусу, анан кыргызга эми тескери болуп калган Шооруктун калча уруусу болуп бөлүнүп кеткендигин кабарлайт кыязы. Шоорук деген аталышты байыркы орус летопистериндеги кыпчак ханы Шаруканъ[31], «Слово о полку Игореве» поэмасындагы Шароканъ[32] менен окшоштурууга болмок. Ооба, Шоорук кандын калча уруусунун кыргызга тиешелүүлүгү бардыгын букардык айтылуу Музбурчактын калча уруусу да ырастамак.

Алтайлык кыргыз барыптыр

Ополдун тоосун оролуп,

---

[30] Манас. Сагымбай Орозбак уулунун варианты боюнча. II китеп.
[31] Повесть времянных лет по Лаврентьевскому списку. Ленинград, 1926. С. 271.
[32] Слово о полку Игореве. Ленинград: «Сов. писатель», 1990.

Кенжутка жетти көчмөнү,

Аяны өтүп Алайдан

Ызар тоону өткөнү. 200-б.

Ошентип, Алтайдан келген кыргыз көчү эми Анжыяндан Алай аралап, Опол тоосунан өтүп, Кенжутка жетип, Ызар тоосуна таянат. Ызар дегени кийинки Гисар аймагы (азыркы Тажикстандын территориясы). Ошол Ызар деген баштапкы аталышы туура болушу мүмкүн.

Анжыянга, Кашкарга

Артылта кууп салбасам!..

Кызылдан ары өткөрүп

Кыр ашырып тынайын!..

Айдап тоодон ашырып,

Алайды карай сүрөйүн!

Кезектин уулу Шоорук кан ...

Татала деген журту бар. 201-б.

Шоорук кан кыргыз көчүн Анжыян, Алай, Кашкарга кайра кууп айдайын деп чамынат. Шооруктун атасынын аты Кезек болгон экен. Кезек деген сөздү «Слово о полку Игореведеги» Гзак энчилүү аты (антропоними) менен окшоштурууга болор беле. Анда Шооруктун бул калчасы кытай Эсенкан, Алоокенин заманында кантип күн көрүп келген эле? Кыязы, тоо-таштуу, кокту-колоттуу Гисар (Ызар) аймагына Кытай журтунун колу жетпей калган көрүнөт. Геостратегиялык мааниси да чоң болбогондой. Ошон үчүн кытай менен Шоорук кан бейтарап позицияны карманып, алыш-бериш кылып, "тынчтыкта жанаша жашап" эле келгендей. Мына ушундай геосаясий абал суверендүүлүктүн даамын татып калган калча (татала да) Шоорук канды "кыргызга жакын каркыбардыгын" унуткарып, эсиртип салган көрүнөт. Балким, бул калча этносу Ногой кандын тушунда кырк уруу кыргыздын (Музбурчактын калчасындай эле) бир уруусу болуп эле жүргөндөй.

## *Алмамбеттин Көкчөгө, анан Манаска келиши*

**Шапакта:**

Айдаркандын Көкчөсү,

Аргын, алаш өз көзү…55-б.

Аргын, алаш уруулары казак Көкчөнүн фратрийлик уруулары экендиги айтылат.

Жаху, жаху, жаху, деп,

Салам берди Алмамбет. 56-б.

Мен Алмамбет болгону,

Казактын тилин билгени,

Алты жерде окудум,

Казактын тилин билемин. 57-б.

Акеркеч карап билди эми,

Арбактарын караса,

Кырк чилтен кайып кашында,

Кытайдан келген жашында,

Ойротту билчү бала экен… 61-б.

Акеркеч Көкчөнүн жубайы. Эстүү жан, кыраакы Акеркеч Алманбетти сынап чыгат экен. Бирок эң башкысы «кырк чилтен кайып кашында» деген ыр сабында болууда. Эпостун идеясы боюнча Алманбеттин айтылуу кырк чилтен менен кандайдыр бир рухий, этникалык байланыштыгы бардай. Ооба, Алманбет, анын санжырасы эзелтен кыргыз, Манас менен сакралдык, эпонимдик катыштыгы болуусу мүмкүн деген божомол дагы бир ирет ырасталып жаткандай.

Серек менен Сыргагым,

Экөөң мыкты чыйрагым,

Экөөң атка мингиле,

Экөөң барып сынагын…

Анын бери жагынан,

Ажыбай менен Чубагым,

Күндүк жерден бер жактан,

Манастап ураан салгыла,

Абдан сынап калгыла. 71-б.

Ал аңгыча Алмамбет

Аттан түшө калганы,

Атын киши албады…

Манас менен эр Бакай

Кумалак ойноп калыптыр…

Кыдырата көз салып,

Манасты көздөй жүз салып,

Колун сунуп калыптыр…

Айттырбастан дедирбей

Манастын колун алды эми.

Баягы турган кырк бөрү

Баары тура калды эми. 73-б.

Колдошуп колун беришти,

Баатыр Манас, эр Бакай

Тура калып көрүштү. 74-б.

Бул эпизод Сагымбайдын варианты менен коошуп турат. Анда Ажыбай, Чубак, Сыргак, Кутунай жана Чалыбай (маңгул Күлдүрдүн уулу) Алманбеттин алдынан тосуп чыкса, мында Ажыбай, Чубак, Сыргак жана Серек беттеп чыгыптыр. Айырмасы барбы? Ооба, бар. Бирок негизги үч чоро экөөндө тең бар болууда. Сагымбайда Манас тигил бешөөнү «Белиме таңуу беш баатыр»[33] деп баса белгилеп айтат. Бул да бекеринен эмес болгон. Бир кызыгы ошолордун бири маңгул Күлдүрдүн уулу Чалыбай болууда. Муну, албетте, кыргызга лоялдуу башка этносторго карата айкөлдүн толеранттуулугу катары түшүнүүгө болмок.

Сагымбайда ордо салып, тогуз коргоол алышса, мында Манас менен Бакай кумалак ойноп калышат экен. Ооба, экөөндө тең Алманбет аттан түшүп салам айтат. Манас өзү ушундай талап койгон. Шапакта көрмөксөн болуп алик албаса да, Алманбет түз эле барып Манастын колун кармайт экен. Бирок маселенин өөрчүп кеткенин туюшкан Манас менен эр[34]Бакай эми ордунан туруп колун берип көрүшүптүр.

---

[33] Манас. Сагымбай Орозбак уулунун варианты боюнча. II китеп. - 303-б.

[34] Эшиев А. М. Эпический титул Эр и исторические аналогии (мужъ, эрл, герой, heros, эор) // Евразийское научное объединение», № 11 (57), ноябрь, 2019. С. 461-463. https://elibrary.ru/item.asp?id=41563122

«Кырк чоронун баарысы // Кызыл кийим кийинип, // Кызыр Илияс колдо деп» (73-б.) Алманбетти тосуп турат. Эпостун башка варианттарында да кырк чоро бир түстүү кийим кийинет. Мунун чындыгы бардай. Кырк чоро бул ишенимдүү кырк баатыр гана эмес. Бир кылка кийинген кырк чоронун жүрүшү Манастын мамлекеттик бийлигинин ишенимдүүлүгүн айгинелеген. Кырк чоро ("себилдүүсү сексен төрт" да) түздөн-түз Манаска баш ийген. (Эстеңиз, спарталык падыша Леонид I нин (б.з.ч. V к.)[35] да 300 аскерден турган гвардиясы болгон). Мындан тышкары Манастын карамагында кандык Кыргыз Ордого караштуу бир түмөндөй кол даяр турган. Ал эми кичи казат, чоң казатка аттанганда ордо кеңешчилеринин, уруу башчыларынын колдоп кубаттоосу менен жалпы мобилизациялык кандык жардыгы жарыя кылынган.

Кыбыланы баштанып,

Оң жаккы ийнин жазданып,

Өтүк чечпей, бел чечпей,

Алты күнү уктады…

Улуу сууга барды эми,

Дааратын эми алды эми,

Кыбыланы бет алып,

Намазын окуп алды эми,

Бата кылып салды эми. 75-б.

Ошондо Манас кеп айтат:

Көп уктаган оңолбойт,

Ошо киши соо болбойт.

Тосуп келдик бу жерге,

Кең Таласка кетебиз… 75-б.

Алманбет алты күн бел чечпей уктаптыр. Бирок анын бул жоругун Манас тек калтырбай эскертүү берген экен. Караңыз, айкөлдүн ошол айтканы бүгүнкү «Өй, жата бербе уктап, эрте туруп ишиңди бүтүр. Ушинтип да көп уктайбы адам» деген кадимки кадыресе кеп-кеңеш зекүүгө үндөшүп турат. Алманбеттин кыбыланы жазданып жатышы, улуу сууда даарат алышы, намазын окуп бата кылышы өзгөчөлөнөт. Же казакта жүргөндө ушунун баарын үйрөнүп калган беле? Шапакта ушундай.

---

[35] Леонид, царь Спарты. [Электрондук ресурс]. URL: https://warspot.ru/9401-leonid-tsar-sparty (кайрылган күнү: 18.08.2020)

## *Манастын Каныкейди алышы*

**Шапакта:**

Лая шүгүр кудай деп,

Атын отко коюшуп,

Ишибиз жакшы болот деп,

Эми жатып уктады.

Куурап жүргөн кан Жакып,

Ыргып тура калды эми. 85-б.

Ырчы уул менен бай Жакып

Сулуусун карап суктанып,

Келбетин көрүп мактанып… 87-б.

Ырчы уулду ырдатып,

Меңдибайды жыргатып,

Баккан төөгө жетти эми…91-б.

Жакып Букарга жуучу түшүп жүргөндө жанында Ырчы уул такай жүрөт. Бул да бекеринен болбогон көрүнөт. Ага "кысталганда сөз тапкан" иш билги, сөзгө чечен, эр жигит керек болгон.

Бул эмне деген кеп,

Урум менен Кырымга

Угуларын билдиңби? 95-б.

Бул Манас Каныкейден билегине ак тинте сайдырып, чыгып баратканда жеңесинин Каныкейге зекип айткан сөзүнөн. Мындагы "Урум менен Кырымга" деген жеринде кеп бар. Биз бул ыр сабынан Каныкейдин Манаска кылган жоругу Византияга жана Кара деңиздин түндүк жагындагы мамлекеттерге жетет дегенди түшүнөбүз. Караңыз, ушул эпикалык үч сапта өтө зор мааниге ээ маалымат, ой, тарых жатат. Демек, ошондо кырк уруу кыргыздын аталган өлкөлөр менен түрдүү багыттагы алакалары болуп келген болууда.

Кең-Букардын чоң жолго,

Жараткан эгем сен колдо. 96-б.

Манас ушинтип, Каныкейден чыгып, Кең-Букарды камап, шаарга бүлүк салат.

Канчык каап алды деп.

Каракалпак, түркмөндү,

Кыдырша Калча бүткөндү

Ошонун баарын чаапсың…

Букардын баары мусулман,

Нээти жаман бузулган. 97-б.

Бул Бакайдын айткан сөзүнөн. Буга караганда букаралыктар мусулман да, ал эми Жакып, Бакай, Манас жак мусулмандыкка толук баш оту менен кирбегендей. Туура, каракалпак, түркмөнү ошол Букара жакта турганы чындыкка жакын. Калча дегени Музбурчактын уруусу болуп жатат. Ооба, тажик деп кесе айтылбайт. Ошондуктан, бул вариант боюнча Жакыптын кыргызы кыз издеп Букара, Самаркан тараптагы кырк уруу кыргыз урууларынын аймагына баргандай.

Акылга дыйкан Каныкей…

Артыктыгын билгизди…

Оозунда бир ооз келме жок,

**Такыр келди көп чоро,**

**Жакшылыктуу дин билбей,**

**Капыр келди көп чоро.**

**Капыр келген чорого**

**Мусулман динин билгизди.**

Аргын, ногой эки журт

Телегейи тең болуп,

Дөөлөтү өсүп кең болуп. 106-б.

Бул жерде көп маселе жатат. Ооба, Шапактын биринчи манасчысы туура кепти айтыптыр. Букарага оозунда келмеси жок, жакшылыктуу дин билбеген капыр чоролор келип, эми ушерден мусулмандыкка үйрөнүп киришкен болууда. Туура, Букара, Самаркан, Хива жак территориялык өзгөчөлүгүнө карай Иран, Хорасандан кийин эле араб чапкынына биринчи болуп кабылышкан. Ошондуктан Мавереннахрды жердеген жеңилүүгө учураган түрк тилдүү элдер Фергана чөлкөмүндөгү түрк тилдүү элдерге караганда

исламга эрте өтүшкөндүгү маалым. Ал эми Жети-Суудагы этностор жөнүндө азырынча кеп-сөз жок. Бул дагы бир ирет Манастын окуялары болжолу IX к. акырында X к. баш ченинде болуп өткөндүгүн ырастамак. Биздин баамыбызда, эпостун доору айтылуу «X к. экинчи жарымында 200000 кожолук исламга өтүшкөн» деген тезиске чейин болуп өткөндөй. Андан кийин болгондо жогорудагы ыр саптарындагыдай кеп болмок эмес. Муну биз эмес, ошол биринчи манасчы айтууда. Ооба, ал эпикалык чындыкты айткан болууда.

**Саякбайда:**

***Манас баатыр Каныкейди алганы***[36]

Бакай Манаска Каныкейди алууга үндөп кеп айтат. Ошентип, Жакыпка көп мал берсин деп, «Бакай таап шумдукту, // Манас кылды буйрукту. // «Анжыяндын ар жагы, // Намангендин быягы, // Кокон кандын колтугу, // Айдай сары талаадан // Ажыбайды жиберди» (236-б.). Бирок Жакып Ажыбайга «Кара кашка бээнин // Кара тайын бербеймин!» деп, Ажыбайды кууп кетирет. Ошондо Бакай Букарга жуучу түшүп, кырк чоро аны коштоп, Темирканга барат. Аны «Арстан баатыр Манастан // Жуучу түшүп биз жакка // Байдын уулу Бакай кан // Өзү келген экен го» (240-б.) деп Темиркан өзү тосуп чыгат.

Ырамандын Ырчы уулу

Ычкыры түпөк кырк муундуу

Айкөл шердин алдында

Ырын ырдап айтты эле. (240-б.)

Мында Жакып эмес, Бакай кыз издеп жуучу болуп чыгат экен. Айырмасы барбы? Албетте, бар. Кандай болгон ченде да Жакыптын кан Манас уулуна жуучу түшкөнү мында калып эле, тыйын бербей Ажыбайды кууп жибериши кызыгууну туудурат. Ооба, Сагымбайдагы Жакыптын Букардагы жуучулук жоруктары ары кызыктуу да, ары ишенимдүү да баяндалат. Анда Жакып аталык парзын мыкты аткаргандыгы маалым. Ошентип, Ырамандын Ырчы уулу Манастын күйөө кошчусу болуп, ырын ырдап кирет экен. Караңыз, биз мында алгачкы төкмө ырчы[37] тууралуу маалымат алып жаткандайбыз. Каныкей да сексен кызы менен сейилден келип калат. Ажыбай, Бакай Кумайык күчүктү Каныкейге багып чоңойтуп бер деп алты айга аманаткаташташат. Алты ай толуп, Манас күйөөлөп келгенде Кумайык да чоңойуп, баралына келип, Манастын астына жойлоп барганда колтукка тээп жиберет. «Мына ошондо Каныкей // Көңүлү кетип бөлүнүп, // Көзүнөн жашы

[36] Манас. Эпос. Саякбай Каралаевдин варианты боюнча. I китеп. Фрунзе: «Кыргызстан», 1984.
[37] Эшиев А. М. Акыны-импровизаторы в эпосе «Манас». Инновации в науке, №9 (70). Новосибирск, Изд. АНС «Сибак», 2017. https://sibac.info/journal/innovation/70/77818

төгүлүп»,... «Кумайыктын жайынан // Жаза салып мойнуна // Жатпай кетти койнуна» (241-б.).

**Сагымбайда:**

***Манастын Каныкейди алганы***[38]

Самаркан элин саралап,

Жарды-байын аралап,

Оро-Төбө, Жызакты,

Онун баарын кыдырып,

Кыз таба албай сыдырып,

Кечип дайра Сырынан...

Ташкендин кирди шаарына.

Күн батышта Кыйба бар...

Көөнүнө алып Букарды:

Улама бар илимдүү,

Улуктары билимдүү...

Кыйба тажик журтуна

Кылчайбастан кетиптир...350-б.

Ал аӊгыча мечитке

Азан айтып ийгени,

Адамдардын баарысы

Намаз шамга киргени. 360-б.

Кейип деген жер экен,

Кеӊири тажик эл экен.

Бизден мурда көп жылда

Мусулман болгон неме экен. 384-б.

---

[38] Манас. Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча. II китеп. Фрунзе, 1980.

Бул Жакыптын сөзүнөн. Демек, Жакып Манаска кыз издеп Самарканд, Жизак, Сыр-Дарыя, Ташкент, Хива, Бухараны аралап эч кимди жактырбаптыр. Ал Бухаранын илимдүү, билимдүү адамдары бар экендигинен да кабардар болгон. Кейип деген жердин эли кыргыздарга караганда мусулмандыкка эчак эле өткөн экен. "Бизден көп жыл мурда" болгондо качан? Эгерде кыргыз эчак эле мусулмандыкка өткөн болгондо Бай Жакып ушул сөздү айтмак эмес. Бул кадыресе эле көрүнүш болмок. Демек, башкы каарман тажиктин исламга түгөл өтөндүгүн, анын канон, эреже-жоболорун толук билип, карманып калгандыгын байкаган. Өзүнүн, кыргыздын диний абалы менен салыштырып карайт. Бул жагынан тажиктерден бир топ артта калгандыгын билет. Тарыхта Самарканд, Бухара, Хива элдери эрте исламдаша баштаган. Балким, Алтайдан келген Жакыптын кыргызы тажиктерден жарым, же бир кылым кийин мусулмандыкка өткөндүр. Кыргыздын тажиктерге куда түшүп баруусу айтылуу Саманиддер династиясына (IX к. экинчи жарымы - 1005-ж.) чейин болгондой. Кыргыз, Манас Бухара, Самарканд, Хива жеринде ээн-эркин, өз жериндей жүрөт. Тарых барактарында X к. экинчи жарымында Карханид ээлигинде эки жүз миң кожолук мусулмандыкка өткөндүгүн айтканбыз. Эстеңиз, «Илиада» поэмасындагы маалыматтар боюнча тарыхый Трояны табышкан. Ошондуктан «Манас» эпосуна кыргыздын оозеки көркөм тарыхы катары кароо менен көптөгөн маалыматтарды тактап чыгууга болор эле.

Комузчудан жүздү алып...390-б.

Батпай кетти келген мал,

Кейип-Бадаң шаарына. 395-б.

Кырк баатырга эр Бакай

Жарлык айтып ийиптир:

Кыргыз эмес, Кыйба деп,

Кыйрында тажик кыйла деп,

Кыргын кылып бул элдин

Кызылдай жанын кыйба деп. 409-б.

Бакайдын айтканы боюнча ошол Кейип шаары Кыйбага (азыркы Хива) караган болууда. "Комузчудан жүздү алып" дегенине караганда ушунча мыкты тандамал комузчу болгон экен. Анда алынбай калганы канча эле?

Барча тажик, кыйба үчүн

Багыштадым башымды.

Санирабийганын бул сөзүндө туулуп өскөн мекени Хива жеринин аман-эсендиги эске алынууда.

**Шапакта:**

***Шыгайдын көчүп келиши***

Кары кытай көп манжуу

Чоң Ногой кан өлгөндө,

Аргын, ногой элдерин

Ар тарапка таратып,

Камчыга ченеп бөлгөндө,

Шыгай кеткен Жет-Кайтка,

Жалынып Жапар кудайга…

Жаккан отун өчүрүп,

Жалпы айылын көчүрүп,

Жакып менен Манаска. 107-б.

Бул боюнча Шапактын вариантындагы Тогойкандын тун уулу Шыгай Чыйырды менен Алманбеттей эле Жапар кудайга сыйынган болууда. Караңыз, текстте «Жаккан отун өчүрүп» деген сап турат. Бул жагып жаткан отун өчүрүп, анан жолго чыгышыптыр деген маани эмес экендиги белгилүү. Бул отурук алган жерин таштап (биротоло, же көпкө), эми башка жакка көчүп кетти дегенди түшүндүргөн. Мунун байыркы отко сыйынуу ишеними менен байланыштыгы болуусу да мүмкүн. Ороздунун он уулу (аксакалы Чагатай) да Таласка келип конушат.

## *Көзкамандын келиши*

Калмакка барып ал Үсөн

Калмактан катын алыптыр.

Жети уул болгон катындан,

Аксакалы Көкчөкөз…

Калмакча дин окунуп,

Буркандарга чокунуп,

Нээти жаман өчүптүр,

Калмакча динге көчүптүр. 107-б.

Көзкамандын жети уулу

Бир ооз сөз билбейт кыргызча

Калмакча сүйлөп калдырайт… 108-б.

Бул версиянын манасчысы калмак болуп калган Көзкамандарды жактырбоо (үрп-адаты, жүрүм-туруму) менен сүрөттөгөндүгүн белгилөөгө болот. Үсөндүн балдары ашык-кеми жок калмакча динге өтүп, бурканына чокунуп, бир ооз кыргызча билбей өсүптүр. Бул, албетте, кыргыз Үсөн үчүн чоң трагедия эле. Бирок күнөөнүн баары өзүндө го. Тарбияны ошол калмак катыны[39]гана берип калгандай. Эстеңиз, Дешти-Кыпчактагы, Кавказдагы, Борбордук Азиядагы, Иран-Хорасандагы түрк тилдүү хан, бек, тектүү инсандар бөтөн элдерге (Байыркы Русь, Иран, Византия, Кытай) кыздарын гана беришкен, уул үйлөшкөн эмес. Эне баланы тарбиялап, өзүнүн тилине, тарыхына, үрп-адатына, маданиятына үйрөтүп келерин билишкендей. Уулдары негизинен хандык катын (катун, хатун; Ашина) уруусунун кыздарына үйлөнүшкөн. А, Үсөнчү? Ал кан тукумуна ылайыксыз, руху төмөн, тагдырдын жазмышына моюн сунган пенде экен. Муну окуялардын кийинки өнүгүүсү да ырастагандай.

Бир күнү туруп Каныкей

Арстан эрге кеп айтат:

Көзкаман аттуу болобу,

Ак мусулман адамды

Көзкаман атка коёбу?

Улуусу экен Көкчөгөз,

Укумда болбойт мындай сөз! 110-б.

Кыйшык өскөн туугандар,

Кыйырыңды бузар кутуруп. 111-б.

Бул Каныкейдин жаңы туугандардан кооптонуусу эле. Көзкаман, Көкчөгөз деген аттар нукура калмакча аттар болууда. Муну Каныкейдин

---

[39]Эшиев А. М. Эпоним-титул катын (хатун, хотун, катун) в эпических и исторических источниках. Евразийское научное объединение, №6 (64), июнь, 2020. С. 415-418. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=43161591

айткан кеби да тастыктап тургандай. Ак мусулман дегенде Сагымбайдагы Жакыптын Ак кудайы менен үндөшүп турат.

Ысар, Көлөп жерине,

Баса келди Акункан,

Калың кыргыз элине. 111-б.

Кабылан Манас эми угуп,

Ашып-шашып ат минип…

Барды Ооган жерине,

Аралап кирди жерине…

Арстан Манас, Акункан

Акыреттик болушту,

Айтышып сөзгө оңушту…

Анда Акун кеп айтат,

Баатыр Манас деп айтат,

Журт болдук деп жөн болбой

Бел куда болуп калалы. 112-б.

Шаабайда:

Ата-баба жөрөлгө

Он ата өткөн туугандан

Куда болчу жайы бар.

Акун кан менен шер Манас

Теги жагын караса

Кырк өтүшкөн теги бар[40].

Шаабайдын версиясы туура болсо, анда Манас менен Акун кандын ата-теги б.з.ч. VIII-VII кк. бир уруу-уруктук бирдикте болмок экен. Бул доордо Будда, Заратуштра, Конфуций, Геродот, Дарий, Иданфирс, Искендер

[40] Манас. Манасчы Шаабай Азизовдун варианты боюнча. Бишкек: «Кут Бер», 2013. - 370-б.

Зулкарнайн ж.б. али жок кез. Эпостун варианттары байыркы кыргыз оозеки тарыхын аягынан да, быягынан да айдап-сүрүп айтып бергиси келип жаткандай.

Бай Жакыптын курдашы, сырдашы кыргыз Байжигиттин тою Шыгайдын уулу Жапактын Манаска кастыгы менен башталып, Жапактын өлүмү менен аяктайт.

***Көзкамандардын Манаска жамандык кылышы***

Аңдабай ичти аракты,

Уу кошулган тамакты.

Бир убакта караса,

Баары катар бүк түштү.

Кырк чоронун ичинен

Серек, Сыргак эгиз эр,

Ууга кеткен кези экен… 114-б.

Ичпейинчи аракты,

Арак деген талакты.

Ошону ойлонуп Бозуул,

Ат жалында калыптыр.

Чоролор кулап жатканда,

Шыкаалап Бозуул барыптыр.

Кырк чоронун баарысы

Сулап барып жыгылды.

Көк өтөктөн жай алып,

Аттын баары бош калды. 115-б.

Арамдарга карматпай

Абакең Бакай кутулду.

Ордо мүлкүн алышты,

Көкчөгөздү ошондо

Кан көтөрүп салышты…

Көкчөгөз анда кеп айтат:

Каныкейдей капырды

Мен алайын акыры. 116-б.

Караңыз, мында да кийинки Абыке, Көбөштөй Үсөндүн Көкчөгөз жаман калмагы эми кан атыгып Каныкейди «мен алам» деп кириптир. Эмне үчүн? Бул жолу да «агасы өлсө, жеңесин кайниси алат» салтын бетке тутуп кандык бийликти легитимдештирүү максаты турган. Ушундай каада калмакта болгон беле? Жок болгон ченде да Үсөн муну үйрөткөн кейпи. Ооба, муну эпостун төмөнкү «Атасы Үсөн баш болуп, // Бири да тирүү калбады, // Өздөрүн өзү жалмады» ( 118-б.) деген жери да ырастап тургандай. Эми Манас буларды да, өзүн да соо койбосун түшүнгөн, жер жарылып жерге кирип кете албаган, шермендеси чыккан Үсөн өз жанын өзү кыйган экен.

Көк өтөккө жатышып,

Кырк чилтен азыр жар болуп,

Олордон даам татышып…

Көк өтөктө эрендер

Жети күн жаткан деп айтат,

Кээ бирлери кеп айтат,

Жети ай жаткан деп айтат...

Кызыр Илияс, кырк чилтен,

Жардам берип салыптыр…117-б.

Ооба, бул жолу да жардамга айтылуу Кызыр Илияс, кырк чилтен келиптир. Булар мурун Манас Алтайда Ошпурдун таалиминде жүрүп, алтайлык калмак кысып киргенде биринчи жолу кол кабыш кылышканы маалым.

## *Жомоктун башы Көкөтөйдүн ашы*

Ошо кезде баатырдын

Орто Талас, башы Чүй,

Аяк жагы чоң Ташкен

Андан мындай Түркстан

Анжиян менен Наманган,

Жыйын болгон кези экен,

Барган сайын баатырың

Кыйын болгон кези экен. 119-б.

Караңыз, эпосто орто Талас деп айтылат. Ооба, Бакай менен Манас бекеринен Таласты Ордо калаа деп тандашпаган экен. Анткени, жогоруда келтирилген Чүй, Ташкен, Түркстан, Анжиян, Наманган аймактарынын дал ортосу болууда. Аягына да, быягына да ошол тогуз жолдун тоому Талас аркылуу жүрүшкөн. Манас ушул жерден кыргыз жерин, кыргыздын кызыкчылыгына тиешелүү өз, бөтөн аймактарды тескеп турам деген үмүттө болгондой. Ошентип, кыргыз, Манас Анжыяндагы ордо калаасын, резиденциясын эми Таласка которгон экен. Бул, албетте, анын айкөлдүк көрөгөчтүгүн, геосаясий чабытынын бийиктигин айгинелемек.

Ашты кантип беребиз?

Акылды кандай табабыз? 120-б.

Ошондо Кошой кеп айтып,

Манастын катын берди эми,

Баарын окуп көрдү эми,

Бокмурундун кагазын

Муну дагы берди эми. 122-б.

Ошондо Кошой кеп айтат:

Жедигердин Багышы,

Жетим чалдын Агышы,

Кашкарлыктын Жамгырчы

Кара жаак эр Үрбү,

Кандын уулу Жүгөрү,

Казактардын Көкчөсү,

Элемандын Төштүгү

Манасыңар кайда деп,

Ошол табат айла деп. 127-б.

Алтын такты көтөрүп,

Тоодой болгон тактысын,

Төрт-беш киши көтөрүп,

Төрөсүнүн астына

Коё койду ошондо…

**Алтын тактын үстүнө**

Айкөл Манас минди эми.

Оң жагына эр Бакай

Ошо келди жанаша.

Алмамбетти карасаң…

Ары-бери кашында,

Басып турат ошондо. 130-б.

Кырк чоронун баарысы,

Кыргыл чалдай карысы,

Аттан түшпөй калыптыр…

Баары артында турду эми…

Орустан чыккан Бороон чал

Ошо келип сынаган… 131-б.

Манас ашка келип жайгашканда өзүнүн алтын тактысына отурат. Оң жагына Бакай конот. Алманбет айкөлдүн кашында ары-бери басып турат экен. Кырк чоро аттан түшпөй Манастын буйругун күтүп артта. Манаска биринчи болуп Кошой кол берген, анан жедигер Багыш, кийин кыпчак Үрбү. Манас Кошойго гана суроо берип кайрылган. Кошой суроону кайра Үрбүгө узатып жооп берүүсүн талап кылган. Бирок эки учурда тең Үрбү абдырап дурустап жооп бере албайт. Демек, ушундай тартип болуптур. Караңыз, бийликтин иерархиялык тепкичтик субординациясы толук сакталган экен.

Ушул айткан жардыгым

Көкөтөйдүн ашы бар,

Нечен сонун иши бар…

Ууру кылып ат алсаң,

Кокус элге катылсаң,

Ажалдан мурун өлөсүң,

Акыретти көрөсүң! 133-б.

Манастын жардыгы боюнча ашта кайсы оюн качан болот; качан, эмнеден эт берилет; табак кандай тартылат; кайсы үйгө, канча киши кирет – мына ушулар ырчы аркылуу калайык калкка жеткирилген. Уурулук кылган пенде өлүмгө тартыларын эскертет. Жылкы тиймей салтка катуу чек коюлган экен.

***Ат чубатуу, жамбы атуу, күрөш оюндары***

Ажыбай ырдап какылдап,

Айтып жүрөт шакылдап… 150-б.

Сакалаттын Сары дөө,

Кызыл баштын баары жоо,

Кегубатка кеп айтып,

Уккун муну деп айтып,

Мусулманга келгенде

Аттын оозун бурду эми,

Абай кылып турду эми. 151-б.

**Ажыбай менен Алмамбет**

**Ырдап кирип барды эми. 154-б.**

Мында эр Ажыбай күрөшкө ким түшөт деп мусулманды да, капырды да кыдырып жар салып жүргөнү. Оозеки кыйкырып айтып эмес, ырдап жар салып жүргөн болууда. Демек, Манастын ишенимдүү элчи-жарчысы Ажыбайдын айтылуу Ырамандын Ырчы уулундай эле төкмөлүк өнөрү болгон экен. Ордонун расмий чабарманы жайма көкүл жаш Айдар да ак таңдай ырчы болгондугун айтканбыз. Эми Ажыбай менен тең жарыша Алмамбет да “ырдап кириптир”. Ушундай чоң ашта ырчылык төкмө таланты болгон үчүн гана элге угуза ырдап кирсе керек эле. Булардан тышкары эр Сыргактын да сөзгө чебер, кызыл тилдик жөндөмү бар экендиги маалым. Жарчы Ажыбай сакалаттын Сары дөөгө, перс Кейкубатка да жүзмө-жүз жакын келип эле төгүп айтат экен.

Жөө күрөшкө кытай, калмак тарап Жолойду чыгарышат. Ажыбайга эми Алмамбет да кошулуп экөөлөп кырк уруу кыргыздан Жолойго каршы чыкчу балбан издеп чыгышат. Бир катар кыргыз эрендери ар кайсыны бир айтып Жолойго күрөшкө түшкөндөн качат. Агыш деген жаш кыргыз жигити

(«Кааласаңар барам деп, // Ак салганын көрөм деп») жана эр Төштүк («Ак жазганым көрөйүн, // Ажал жетсе өлөйүн») макулдун берет. Караңыз, бул экөө тең «Ак салганын», «Ак жазганын» деп, Алда тааланын дагы бир атына ишеним артууда. Ушул эле эпизоддо эр Төштүк («Бир Алладан сурайын») Алладан үмүт кылат.

Бирок баарына көз салып турган Манас бирин али жаш («Чыканактай бала экен, // Шыпылдаган жан экен»), экинчисинин «каруусу кеткен кези экенин» («Арык болуп катыпсың, // Жер алдына батыпсың») баамдап токтотуп коёт. Ушул жерде тактап кетчү дагы бир маселе бар. Кийин чоң казатта Түп Бээжинде жүргөндө эр Төштүк, Бакай элге кайтат. Биздин оюбузча эпосто ачыкталбаса да, Манастын тандап иргөөсүнөн соң жарадар, кары-картаң жоокерлерге уруксат берилгендей. Эр Төштүк да ошондон улам атынын оозун бурган окшойт. Эстеңиз, алты кандын чатагында кандар Манастын ородосуна келишкенде айкөлгө бир эр Төштүк гана ат үстүнөн салам берген.

Алтын сакал Айкожо,

Китебиңди жай кожо!

Келинге бата берели,

Кудайдан сурап көрөлү!..

Оомийин Акбар деди эми,

Бетин сыйпап калды эми. 165-б.

Белгилеп кетчү нерсе Кошойдун батасына кошулуп Коңурбай, Нескара баш болуп бүт кытай, калмак чогуу бата кылышат. Эпостун бул вариантында мусулмандык диний көрүнүштөр басымдуу келет. Эпостун дагы бир өзгөчөлүгү Каныкей Таластан эр Сыргактын коштоосу менен төрт-беш күн дегенде Каркырага жетип келип Кошойдун батасын алып, кайра артын көздөй жолго түшөт. Бирок бата айтылганда Семетейдин аты аталбаган.

Кошой менен Жолойду

Көрө коюп Коңурбай

Кокус тепсеп кетет деп,

Бул отуруш бекер деп,

Тура качты ордунан. 166-б.

Бул эпизод кызыгууну жаратары бышык. Демек, балбан күрөштү эл ат үстүнөн да, отуруп да көрүшкөн экен. Ооба, Кошой менен Жолойдун кармашы бир эмес, бир нече күнгө («Он эки күн экөөнүн // Тирешкенин көрдүңөр») созулгандыгы маалым. Ошондуктан астейдил баарына кайыл болгон күйөрман көрөрмандар отуруп да, жамбаштап да, кыйшайып да көз ирмебей

аягына чейин күбө болуп отургандыгы жашырын эмес. Көкөтөйдүн ашындагы улуттук таймаш оюндарынын ичинен дал ушул балбан күрөш башка жамбы атуу, эр сайыш, аламан байгеге караганда көлөмү да чоң келип, элдин кызыгуусун арттырган эпизод болуп саналат. Кыязы, ошол кезде эл таймаштын ушул түрүн жогору баалагандай. Бул версияда да Кошой Жолойду алып урат. Бирок Сагымбайдагы кээ бир деталдар (Жолойдун бурканына, анан көкө теңирге сыйынышы, паузалар, психологиялык чабуул) дээрлик байкалбайт. Ошону менен бирге Жолой жыгылгандан кийинки Коңурбайдын психологиялык абалы, Жолойдун кебете-кешпири («Ал аңгыча Коңурбай, // Ары кетти үшкүрүп, // Келе жатат үңкүйүп, // Алгарадан түшө албай // Же атын киши ала албай, // Арманда болду момундай. // Арт жагында кан Жолой // Муну менен иши жок // Кийимин берген киши жок») өтө аянычтуу, чындыктай сүрөттөлөт. Ооба, минтип өз көзү менен көргөн, баамчыл, чыгармачыл инсан гана сүрөттөп бере алмак. Эстеңиз, Коңурбай менен Жолойдун акыбалындай учурду дагы башка бир жерден өзүңүз көрүп, же чыгармадан окуган белеңиз? (Караңыз, кадимки адабий каармандык психологизм). Эпостун ушуга окшогон анчейин байкалбастай көрүнгөн майда деталдары, тетирисинче, анын чындыкты сүрөттөгөн оозеки баяндама экендигин ырастамак. Бул деталдар, албетте, эпостун ушул версиясын биринчи баштаган биринчи манасчынын нукура өзүнүкү экендиги талашсыз. (Ушул версиянын биринчи манасчысы, балким, аргын Ажыбай чечен болгон беле. Шапакта анын ролу бир топ байкаларлык экендиги да ырас. Легендарлуу бул ашта башкы ырчы-жарчынын ролун аткарууда. Кийинки «Семетейде» да активдүү каарман катары катышары маалым. Ошондуктан Саякбайдын «Манасы» менен «Семетейин» толук айткан ырчы-манасчы болушу да толук ыктымал).

Дагы бир мындай жоромол жаралат. «Манастын» окуяларына “эл ичи - өнөр кенчи” демекчи бир мезгил ичи Ырамандын Ырчы уулундай бир канча таланттуу чыгармачыл инсандар күбө боло алышкандыгына күмөн жок. Кээ бири кырк чоронун (маселен, эр Ажыбай, жаш Айдар, эр Сыргак), же «себилдүүсү сексен төрттүн», дагы бири уруулук колдун бекзаада, же титулдук жоокери болуусу толук мүмкүн эле. Алардын ар бири белгилүү бир уруунун өкүлү болгондугу, ошол уруунун сабында жүргөндүгү ырас. Бирөө, маселен, балбан күрөштүн нак ортосунда (маселен, ошол Коңурбайдын жанында), башка бири четирээк жерде ат үстүнөн карап тургандыр. Ошого жараша бир эле эпизод (маселен, Кошой менен Жолойдун күрөшү, же Манастын Каркырага келип түшүүсү) ар түрдүү сүрөттөөгө кириптер болгон. Мында, албетте, ошол биринчи, экинчи, үчүнчү, же бешинчи варианттарды жараткан биринчи манасчылардын чыгармачыл талантынын, эс-тутумунун, тарыхый маалыматка эгедер болуусунун, окуяны өз көзү менен көргөндүгүнүн, же бирөөдөн уккандыгынын түрдүүлүгү да башкы ролду ойногондой. Экинчиден, биринчи манасчы кайсы уруудан болсо ошол урууменен милдеттүү чогуу жүрүп, уруулук акцент басымдуулук кылып кетүүсү да мүмкүн эле. Эпостун варианттарынын көп түрдүүлүгүн ушундай нукта түшүндүрүү ырастай.

***Манас менен Коңурбайдын сайышы***

Ошонетип жар айтып,

Эр Ажыбай дагы айтып,

Жарчы кылды биздерди,

Жакшы кылды сиздерди

Ырчы кылды биздерди… 170-б.

Караңыз, ушул жерде дагы бир кызык маалымат тургандай. Бул боюнча эр Ажыбай башкы жарчы, б.а. аштагы жарчылардын башчысы экен. Бул кан Манас бекиткен мамлекеттик башкы агит-үгүт кызматы экендиги күмөн эмес. Эми башкы жарчынын карамагында жарчылар кызматы болуп, ага, албетте, ак таңдай төкмө ырчылар, сөзгө чечен таланттар катталгандыгы да ырас. Мында уруулук квота да эске алынса керек. Ошон үчүн да ушул варианттын башатында турган ошондогу жарчы-ырчы «Жарчы кылды биздерди, // Жакшы кылды сиздерди // Ырчы кылды биздерди» деп, өзүнүн эр Ажыбайдын алдындагы жарчы-ырчы экендигин кошуп айтып өткөн экен. Ооба, ушул саптардын автору Ырчы уул эмес, башка дагы бир талант экендигине ишеним артууга болмок. Анткени Ырчы уул эр Ажыбайдын деңгээлиндеги статуска эгедер кырк чоронун бири болгондуктан анын эмне жумуш аткаруусун (Ажыбай эмес) Манас өзү аныктап келсе керек. Ошондуктан жогорудагы ыр саптардын жаратманы уруулук-этникалык таланттуу жарчы-ырчы болгон деп ойлоого негиз бар. Же, балким, ушул саптардын биринчи манасчысы эр Ажыбайдын өзү болуп, ушундай ыкманы колдонгондур. Караңыз, ушундай майда-барат көрүнгөндөй деталдар бизди эпостун вариантынын эпикалык чындыгына алып келет. Айтмакчы, Сагымбайда аштын ырчы-жарчылары көп даңазаланбайт. Анда неге Шапакта ачык-айрым айтылды экен. Балким, бул жарчылык бийлик, же кесиптик атаандашуунун бир ыкмасы катары ашта жарчылар топ башы, кийин ушул версиянын биринчи манасчысы болгон Ажыбай тарабынан өз атын чыгаруу максатында атайын баса белгиленип жүрбөсүн?

Дагы бир нерсе. Аштагы жарчы-ырчылар маалыматты кыргыз жалпы элдик тилинде жар салышкандай. Ооба, кытай, калмак, же ойрот, манжу тилинде эмес. Сакалат, же перс тилинде да эмес. Анткени жар салуу жети-сегиз муундан турган ыр саптарында айтылган. Башка тилде мындай муун саптарын сактап калуу кыйынга турмак. Демек, кытай-калмак жалпы элдик кыргыз (түрк) тилин билишкен, жок дегенде түшүнүшкөн. Ооба, согуштук-саясий, элчилик, маданий-маалыматтык зарылдык башка (эпикалык Кытай, Кырым, Орус, Ооган) журттардын (федерациялардын) Манастын доорундагы Кыргыз журтунун (федерациясынын) тилин билүүгө аргасыз кылган го.

Ошондуктан кытай Коңурбай да, сакалат Сары дөө да, ооган Акункан да, манжу Нескара да, калмак Жолой да эпостун орток тилинде гана алакалашып келишет. Кандайдыр бир тилдик түшүнбөөчүлүк тууралуу кеп болбойт. Сагымбайда гана ашка келген Жолой Бокмурунга өзүнүн калмак тилинде балдырап эт сураганы маалым. Муну Манас жокто эрдемсинген Жолойдун кыргызга кыр көрсөткөн жеке амбициясы катары кабыл алууга болмок. Анткени башка эпизоддордо мындай эксцесстер кездешпейт да, болочок манасчы баарын өз эне тилиндегидей эле угуп, түшүнүп, анан башкаларга кийин укканындай эле жеткирип келген болууда.

Кошой туруп кеп айтат,

Кокуй Манас деп айтат.

Кечээ кезек меники,

Бүгүн кезек сеники.

Бакай атын токуду,

Кошой сөзүн окуду.

Бакай келип кеп айтат,

Бачым жөнө деп айтат.

Абакеңиз эр Бакай

Атын жөндөп токуду. 172-б.

Ар жагынан алты адам,

Бер жагынан алты адам

Он эки киши барды эми.

Ортосуна кирди эми

Ажыратып турду эми…

Калганын эртең сайышсын,

Бүгүн ойлоп алышсын,

Кош кошунга баргыла,

Көтөргөн үйгө киргиле!

Эртең түштө чыккыла,

Ырчынын сөзүн уккула,

Эс алып бүгүн жаткыла! 173-б.

Манас менен Коңубай бир күн кечке сайышып, бири-бирин жыга албай, өздөрү да, аттары да азып-тозгондо аштын эреже-жобосу боюнча ортого алты-алтыдан эрендер чыгып ажыратып калышат. Караңыз, канчалык журт башчысы, алп эрен болушпасын экөө тең аштын мыйзамына баш ийишип, каяша кеп айтпай айтканы менен болуп эки жакка аттын оозун бурушат экен. Анан да эр сайышка жоопкер калыс адамдын жогорудагы өкүмүнө көңүл буруңуз. Ал Манас менен Коңурбай азыр кайда барышын, эмне кылышын, эртең кимдин айтканын угуп, качан кайра сайышка түшөрүн жарыя кылат. Буга баары макулдай - Кошой да, Бакай да, Коңурбайдын бектери да. Бир кызык жери Манас менен Коңурбай үн-сөз жок анын (калыстын) айтканы менен болуп жай-жайына тарап кеткени болууда. Демек, аштын ушундай эчен жылдык жазылбаган эреже-жоболору болуп, ким экендигине карабай ага кынтыксыз баш ийүүгө милдеттүү болгон. Же, миң жылдыктын тогошуусундагы Тациттин германдардагы чүкөдөн жеңилген жак кыңк этпей жеңүүчүнүн айтканы менен болуп, колун байлатып кулдукка кете бергендигин[41]эстеңиз,

Манас менен кошулуп,

Кошой кошо барды эми.

Таң атканча буркурап,

Уктабастан зыркырап,

Кудайдан тилек тиледи.

Бу Манаска не болот?

Ушул жолдо сайбаса,

Арбагы баштан жоголот,

Дин мусулман бендеси

Качан гана жүрүп оңолот? 174-б.

Ушул эпизодду, маселен, Ажыбай өзү көрүп калган беле? Анткени, ал ордонун башкы ырчы-жарчысы катары Бакайдын, Манастын, Кошойдун жанында жүрүүгө милдеттүү болсо керек. Ооба, Алтайга үркпөгөн Кошой Манаска караганда мусулман динге эрте өткөндүгү маалым. Ошон үчүн Кошой «дин мусулман бендеси» деген сөздү айтып, «кудайдан тилек кылганына» ошол Ажыбай өзү күбө болгондой пикир калтырат. Чындыгында

---

[41] Корнелий Тацит. О происхождении германцев и местоположении Германии. [Электрондук ресурс]. URL: http://www.hist.msu.ru/ER/Etext/tacit.htm (кайрылган күнү: 11.04.2020)

эле Манас набыт болуп калса эмне болмок? Коңурбай оңой жоо эмес болчу. Же, кой эми деп, оюнду токтотуп коё албаса. Анда бүт кыргызга доо кетмек, намыска жыгылмак. Ушунун баарын кан Кошой көкүрөгү менен сезип-туюп турган экен. Бул дагы бир ирет анын кыргызга күйгөн журт аксакалы экендигин айгинелемек. Эми мында да Манас кыргызга намысты алып бергендиги маалым.

***Аттардын келиши жана байге чатагы***

Алмамбет, Чубак барыптыр,

Ал алдынан караса

Кан Жолойдун Ачбуудан

Ыраак чыгып калыптыр.

Карап туруп Алмамбет

Капилеттен барды эми,

Сарала менен жетти эми,

Капталынан качырып,

Жар башынан учуруп,

Өлсө мейли өлсүн деп,

Жыга коюп кетти эми,

Арт жагынан Аккула

Дагы кирип келди эми,

Чылбырынан бек кармап,

Чубагың сүйөп калды эми,

Манас деп ураан чакырып,

Баабедин деп бакырып,

Чубак чууну салды эми…176-б.

«Көкөтөйдүн ашы - чоң чырдын башы» деген ылакап сөздүн калышына дал ушул эпизод себепчи болгон экен. Башка варианттардан өзгөчөлөнүп анын башкы себепчиси Алмамбет болуптур. Эми неликтен ал ушуга барган экен деп ой жорууга себеп да жаралгандай. Ооба, кыргыздын атынын байгеде биринчи келиши жалпы кырк уруу Кыргыз журтуна дагы намыс, дөөлөт алып келмек.

Буга эч кандай күмөн жок. Бирок кытай, калмак бери калып эле, кыргызга кирген уруулар да «Ат байгесин алышып, // Таарынып жолго салышып» кете баштагандыгы эчен кылымдык улуу каада-салттын бузулушуна болгон нааразычылык бейм. Мында кимди күнөөлөө керек? Албетте, Алмамбетти. Ага кимдир бирөө ошент деп табыштагандыгын эпостон билүүгө мүмкүн эмес. Антип айтылбайт. Демек, бир Алмамбет өзү жоопкер болууда.

Ат чапкан бала зыркырап,

Ыйлап келди буркурап,

Көк тоскоктун кыядан

Көрүнөө түртүп жиберди…176-б.

Алмамбет келип туш болуп,

Сарала менен койдуруп…

Баягыны укканда

Кайраттанды Коңурбай,

Каары келди чоң Жолой…177-б.

Жер дүйнөнүн баарысын

Кытай, калмак алды эми,

Орус менен кызылбаш,

О да кошо кирди эми,

Дин мусулман бенденин

Урушканын кырды эми. 177-б.

Эми ушул варианттын башатында турган манасчыга да баракелде. Болгонун болгондой айткан экен. Бирок күнөө кимде, себепкер ким деп териштирбептир. Ошону менен бирге эпосто «Аккула аттын айынан // Акыр заман көрдү эми, // Алы келбей турду эми», же «Алакөөдөк мусулман // Аш берем деп бузулган» деген ыр саптары кайсы бир деңгээлде бул манасчынын наразы маанайын да туюндуруп тургандай. Ооба, Ачбууданды чапкан калмак баласы чындыкты айтат. Чыр чыгарууга шылтоо таба алышпай турган кытай-калмак ушуну бетке кармап кыргын уруш салат. Орус менен кызылбаш кытай жакка өтүп кетет. Капыр экендиги эске алынбаганда кыргыз журтуна кастык ою болбосо керек эле.

Уу ичкендей кылды эми

Ошол элдин ичинен

Жедигердин Багышы,

Жетим чалдын Агышы,

Эштектин уулу Жамгырчы,

Кара жаак эр Үрбү,

Кандын уулу Жүгөрү,

Казактардын Көкчөсү,

Элемандын Төштүгү

Ошолоруң кете баштады,

Манасты жалгыз таштады.

Ат байгесин алышып,

Таарынып жолго салышып,

Баары кетти жол менен,

Алда нече кол менен. 177-б.

Караңыз, кыргыздын негизин түзгөн уруу кандары колун кайрып, аттын оозун бурушкан экен. Мында жедигер, эштек,[42]ногой, казак, кыпчак уруулары айтылат. Ооба, уруш эми башталганда эле жолго түшкөн болууда. Эпосто эмне себептен бул уруу кандары «таарынып жолго салышканы», Манастан бөлүнгөндүгү айтылбайт. Бирок дал ушул эпизоддогу жалпы маанай, ободогу атмосфера, көчмөндүк жазылбаган каада-салт, менталитет баш байгени, экинчи, үчүнчү (анткени, башка аттардын байге оруну да алмашып кеткендей) байгени ыйгарууда калпыстыкка жол берилгендигин ырастап тургандай. Ооба, мында аргасыз Манас өтө оор абалга калган экен. Ушул эпизод эпостун чындыкты сүрөттөп жаткандыгын ырастамак. (Муну жок жерден ойлоп табуу мүмкүн эмес эле). Ооба, кыргыздын кан, бектери (Төштүк, Көкчө, Үрбү, Жамгырчы, Багыш, Агыш, Жүгөрү) эми кеп-сөз жок таарынып жолго салышкан экен. Балким, жети кандын кутумуна ушул эпизод себепчи болгондур. Сагымбайда мындай тактык жок, көмүскөдө калгандай. Бирок неге Ырчы уул ушуну айтпай кеткен эле, же мамлекеттик субординациялык этикет буга жол бербеген беле? Бул Шапактын вариантынын Сагымбайдыкынан бир топ кеч жаралгандыгын да ырастамак.

Жалгыз Манас жакырың

[42] Акеров Т. К вопросу о связях кыргызов с иштяками. [Электрондук ресурс]. URL: http://kghistory.akipress.org/unews/un_post:16634?from=portal&place=last&b=4 (кайрылган күнү: 15.03.2020)

Өзү жүрөт салышып,

Өлбөгөн жерден калышып.

Кырк чоронун баарысы,

Кыраан Бакай карысы,

Кыргынды бүгүн салышты… 177-б.

Көбү кетип, эми Манас негизинен кырк чоросу, Кошой, Бакай, Алмамбет, Сыргак, Бокмурун өңдүү ишенимдүү эрендери менен калып, Коңурбай, Жолой, Нескаранын түмөндөгөн колуна каршы уруш салышат. «Дин мусулман бендеден // Жалгыз киши карабай // Жай-жайына тарады, // Кабылан Манас баатырдын // Кантип иши оңолду». Ооба, Манастын акыбалы өтө эле оордошуп калган экен. Бул урушта Кошойдун катаган урууусунун он миң колу катуу туруштук берет. Ногойлордон он миң кол, Бокмурундан дагы бир миң кол Манасты коштоп согушат. Натыйжада кан Жолойго жыйырмадагы Бокмурун Мааникери менен тайманбай чыгып, бирок Жолойдон колунан каза табат. Ооба, ушул эпизод өтө аянычтуу айтылган экен. Аны көрүп турган Алмамбет Жолойду аттан ыргыта саят, эр Сыргак анын башын кылычтап кесип кетет. Бул варианттын ушул окуялары өтө деталдаштырылып айтылат. Муну өз көзү менен көргөн, урушка катышкан эрен (манасчы) гана ушинтип майда-чүйдөсүнө чейин айтып бере алмак. Ооба, бул версия боюнча Жолой өлөт экен. Бирок Сагымбайда ал эпостун акырына чейин аман жүрөт. Эми кимисиники чындыкка жакындайт да, кимисиники караандатпайт? Мындан чыкты, Сагымбай менен Шапактын варианттарынын башатында эки башка биринчи манасчы тургандай. Ошону менен бирге бул экөөнүн көп жагынан окшошуусун белгилөөгө болмок.

Тогуз күнү турушуп,

Тоого чыгып урушуп,

Бир күндөрү болгондо

Орус менен кызылбаш

Ортосунан бөлүнүп ...

Кеттик мына деп айтып,

Кан Кошойго кеп айтып,

Арасынан суурулуп,

Заман акыр куурулуп

Урушуңа кирбеймин ,..

Эми билгин кетебиз,

Кетпегенде нетебиз.

Чыга качты кытайдан

Ар кимиси бир жайдан,

Орустардын Бороончу

Көк темирге ороончу

Чокту Кара баатырдын,

Чоң Бороончу капырдын

Эли чыкты бир илек

Эсебин санап ким билет?..

Кызыл баштын Сары дөө,

Кан Кекубат бул экөө

Арасын бүгүн ачты эми,

Кытайлардан бөлүнүп

Күн батышка качты эми. 178-б.

Ооба, бул эпизод да кызыгууну туудурары бышык. Эпосто туурасы айтылыптыр. Актанып отурушпаптыр. Болгонун айтышыптыр («Бирок капыр менен мусулман // Карчылашып салганда // Намыздашып алганда // Бир азыраак кириштик, // Кокусунан уруштук»). Туура, диндик тилектештиктен да, «намыздашып алгандыгы» ишеним туудурат. Чекилик кылышканын моюнга да алышкандай. Жөн эле кетип калбай, уруксат да сурабай, бирок кан Кошойго бир ооз айтып коюп, батышты көздөй сапар тартышыптыр. Эгерде орус, сакалат[43], кызылбаш этностору тууралуу айтылгандар ушул (версиянын) биринчи манасчынын айтканынан болсо, анда булардын күн батышка сапар тартышы чындыкка дал келет. Сакалат деп айтылбаса да, Шапактагы кызыл баштын Сары дөө дегени Сагымбайдагы Сакалаттын Сары дөө экенине ишеним артууга болот. Эми Сары дөө дегендин дөөсүн алп дөө катары эмес, скифтик дий, деой (теоним) деген мааниде кабыл алсак оң болчудай. Муну

[43] Современник эпохи эпоса «Манас» Ибн Хордадбех (820-912/913) в «Книге путей и стран» («Китаб ал-масалик ва-л-мамалик») сообщает о стране славян ас-Сакалиб, где владыкой был кназ [Электрондук ресурс]. URL: (http://www.vostlit.narod.ru/Texts/rus2/Hordabeh/frametext1.htm) (кайрылган күнү: 18.05.2020). Заметки ученых об этнонимах сколот (Орлова И.Б. Евразийская цивилизация. М., 1998. С. 132), Сколот, Склавы, Саклаб, Сакалиб, Слоут и т.д. (Забелин И. А. История русской жизни с древнейших времен. Часть первая. Доисторическое время Руси. М., 1908. [Электрондук ресурс]. URL: http://az.lib.ru/z/zabelin_i_e/text_0050.shtml (кайрылган күнү: 18.05.2020).

алардын батыштан келгендиги да ырастап тургандай. Кан Кекубаттын мусулман эместигине караганда ал перс (же ирандык) болбогон көрүнөт. Анткени, Иран, Хорасан исламга эрте өткөндүгү маалым. Балким, болгар түркү Кубраттан (династиясынан) болуп жүрбөсүн. Бирок эмнеликтен сакалат, орус, кызыл баш кытай-калмак тарапта согушту эле деген суроо туулат. Биздин баамыбызда, буга бир гана себеп - байгедеги адилетсиздик себепчи болгондой. Көчмөндүктүн адилеттик мыйзамдык салтын караңыз.

Өлгөнүңөн калганың

Кете бергин Таласка,

Убалың жетсин Манаска,

Ошону айтып кан Кошой,

Элдин баарын кетирип,

Өзү баштап жөнөшүп.

Ошондо Манас буралып,

Кошойдон бата суранып,

Бата бер деп кол жайып,

Мойнуна саадак салынып,

Бата бер деп кудайга

Боздоп-ыйлап жалынып.

Кырк чоро менен барайын,

Же кыяматты көрөйүн! 182-б.

Ооба, эпостун ушул жери өтө күчтүү чыккан. Мында драматизм, трагизм, психологизм - баары бар. Баарынан да Манаска жыйырмага эми келген, он гүлүнүн бир гүлү ачыла элек Бокмурундун набыт болушу («Бокмурундун артынан // Мен да калбай жөнөйүн») чоң сокку болгондугу ырас. Ошентип, Шапак боюнча хан Көкөтөйдүн кайран гана жалгыз Бокмуруну атасынын ашында эле жайрап калган экен. Мындагы «Убалың жетсин Манаска» деген сөздүн өзү эле канчалык кайгылуу да, өкүнүчтүү.

Абакеңиз кан Кошой

Эки көздөн жаш кетип,

Эки колу бош кетип,

Кобурап Кошой наалыды,

Менден эмес кудайдан

Кожо саным колдосун,

Ишиңди кудай оңдосун!

Кош аман бол жолборсум!

Эми сага жол болсун!

Кылган ишиң шар болсун!

Кызыр Илияс жар болсун!

Кырк чилтен кайып бир болсун!

Алганың асыл үр болсун!

Азирет Аалы бир болсун!

Алакан жайып дуба ачып,

Ак батасын берди эми

Алдоо акбар деди эми. 182-б.

Кан Кошой Манаска ушинтип ак батасын бериптир. Батада кызыр Илияс, кырк чилтен, алда, кудай, азирет Аалы айтылат. «Алда акбар дептир». Ошентип, Кошой Манастын акыбалынын өтө оор экендигин түшүнүп, чын ниеттен мурунку да, кийинки да рухий дүйнө ээлерин атынан чакырып батасын бериптир. Кырк чоро Манастын жеке гвардиясы. Аны менен эмне иш жасайм десе өзү билген. Бирок он миң колунан аман калганын алып, «Ат-Башыны бет алып // Абакең Кошой жөнөп» калып, Манаста саналуу гана кол калгандыгы да ырас. Ошентип, кан Кошойдон бата алган эр Манас Үрүмчүгө жетип, Жолойдун айылындагы жылкыга тийип, аны айдап, кайткан жолдо Сары-Аркадан да жылкы айдатып Таласка кайтып келет. «Каракалпак, түркмөндүн // Казак, кыргыз бүткөндүн // Баары ушунун колунда // Ногой менен Шыгайдын // Баары ушунун айылы // Татар менен өзүбек // Эми чыгар сонун кеп». Ошентип, Манастын иши кайра оңолуп, алымы Кырымга (Кара деңиздин түндүгүнө), андан Урумга (Византияга) жетип, быягы Букар (Борбордук Азия), Ooган (Иран, Хорасан), Орус (Чыгыш Европа) болуп кандыгын сурап тынып жатып калат.

Кыргызда биринчи кезекте «мал-жан аманбы» деп учурашкан. Бул мал аман болсо, жан да аман болот дегендикти туюнткандай. Ошондуктан Көкөтөйдүн ашында Коңурбайдын айынан көп мал-салдан кол жууган Манас ошонун эсесин чыгарыш үчүн буту жеткен жерге чейин кытай, калмактын жылкысын тийип кайткан экен.

## *Жети кандын кеңеши*

Жедигердин Багышы,

Жетим чалдын Агышы,

Эштектин уулу Жамгырчы,

Кара жаак эр Үрбү,

Кандын уулу Жүгөрү,

Казактардын Көкчөсү,

Элемандын Төштүгү,

Баягы жетөө кеңешти… 186-б.

Булар Манаска каршы кутум уюштургандар. Сагымбайда эр Төштүк, Жамгырчы, Көкчө, Үрбү, Музбурчак, Санжыбек алты кан чогулат. Мында букардык калча Музбурчак менен анжыяндык окчо Санжыбек жок болууда. Шапакта жедигер Багыш, Агыш, Жүгөрү кошо айтылыптыр. Мында жедигер Багыштын ролу байкаларлык. Бирок бул үч кан жөнүндө Сагымбайда дээрлик сөз жок. Айырмасы бир топтой.

Жамгырчынын үстүнө

Той кылганын уккамын,

Чогулушуп кеңешип,

Ой кылганын уккамын,

Болсо дагы болбосо

Ошондон келген жетөөдүр…190-б.

Бул Манастын сөзүнөн. Демек, жети кандын кеңеши Сагымбай манасчыда эр Төштүктүн жеринде болсо, Шапактын варианты боюнча Жамгырчынын ордосунда өткөн. Манастын айтканына караганда ал жер-жердеги ар кандай жаңылыктардан кабардар болуп турган. Балким, анын атайын кызматынын үзүрүдүр. Ошондуктан жети элчи келди дегенде эле Манас жети канды эске алганы бекер эмес экен.

Элчиликке өлүм жок!

Жуучулукка кордук жок!

Арага келген адамга

Илгертен бери зордук жок,

Чыгаргыла буларды!..

Айтып-айтып эр Бакай

Бура тартып кетти эми…

Ал аңгыча көкжалың

Ыргып турду ордунан,

Кырк чорону кыйкырып,

Тазбайматты чакырып,

Байкуштарды чыгаргын! 192-б.

Тазбаймат Манаста мамлекеттик сакчы кызматын жетектеген кейпи. Шапак боюнча Манас жети кандын элчисин орго таштатат. (Сагымбайда андай эмес). Муну уккан Бакай жогорудагы сөздү айтып бура бастырып кетет. Туура, Бакай түздөн-түз буйрук берген эмес. Бирок ал атайын Манаска жеткидей кылып бакылдап, абакелик наараазы сөзүн өктөм айтып өтөт. Коомдук пикир жаратат. Муну Манас өзү уккан, же ага жеткирип барышкан. Манас Бакайды уккан, бу жолу да анын сөзүн эки кылбай элчилерди бошоттурат.

Жамгырчы келет астында

Асаба туусу желпилдеп,

Ак жоргосу бүлкүлдөп,

Он эки миңче кол менен…

Астынан баатыр барышып,

Амандашып көрүшүп…

Бир миң беш жүз кол менен

Бу да келди жол менен.

Жедигердин Багышы

Мунун колу как ушу…

Сегиз миңче кол менен

Жетим чалдын Агышы,

Бу да келди кол менен…

Кара жаак эр Үрбү,

Казактардын Көкчөсү,

Кандын уулу Жүгөрү,

Элемандын Төштүгү

Беш миң аскер кол менен… 196-б.

Баары болуп кырк миң аскер кол келет. Кандарды Манас өзү тосуп алат. Сагымбайдагыдай кандардын аттан учуп түшүп ийилип салам бериши мында жок. Ар бир кандын өзүнүн уруулук асабасы болгон. Он беш күн конок болушат. Эми мындагы Жамгырчы, жедигердин Багышы, эр Үрбү, казак Көкчө, Элемендын Төштүгү түшүнүктүү. А, Агыштын атасы Жетим чал деген ким эле? Жүгөрү кайсы кандын уулу эле? Балким, Жетим чал эмес Жети чалдыр? (Жетим деген эпоним сөз болбостугу да ырас). Эгерде Жети деген туура келсе, анда жедигер деген этнонимде жети деген сөз бар экенинин эске алсак, Жети чал менен жедигер экөө бир эле эпоэтнонимдик түшүнүк болуп саналат. Ал эми Жүгөрү деген эпонимде Байгур, Жамгырчы (же летопистик Ямгурчи[44]) деген эпонимдердегидей эле - гур (эл) сөзү бардай (оногур, утургур этнонимдерин эстеңиз).

Кабылан Манас көкжалың,

Атка минип алды эми.

Ажыбай, Бакай, Алмамбет,

Арыстан Чубак, эр Сыргак,

Алтоо атка минишип,

Аралап элге келишип. 197-б.

Жогоруда аталгандар Манастын ишенген жардамчылары, Кыргыз журтунун мамлекеттик ишмерлери болушкан. Демек, Бакай, эр Алмамбет, аргын Ажыбай, нойгут Чубак, кара кесек эр Сыргак Манастын бийлигин бекемдеп турушкан. Мындан чыкты аргын, нойгут, кара кесек уруулары Ордо кыргызга, Манаска бекем лоялдуу келген. Кан Кошойдун катаган уруусу да Манасты тикелей колдогон. Жети канга кирген кыпчак, казак, жедигер, калча уруулары Кыргыз журтунда жүргөн менен өздөрүнүн автономдуулугун сактап келишкендей. Эстеңиз, Көкөтөйдүн ашында Коңурбайдын кытай-калмагы кыргызга кыргын сала баштаганда дал ушул жети кан байгедеги жаңжалды, Үрбүнүн таарынычын бетке тутуп кыргызды, Манасты таштап, он миңдеген колун алып баса беришет. Бул, албетте, Манастын эсинде турган.

[44] Карамзин Н. М. Предания веков. М.: Изд. «Правда», 1988. С. 476.

## *Бээжинге казат*

Алтын тактын үстүнө

Айкөл Манас минди эми.

Оӊ жагына эр Бакай

Кошо келип отурду,

Сол жагына Алмамбет

Ошо келип отурду. 198-б.

Ошондо Манас кеп айтып,

Жыйылышып келгиле,

Мөөрүӊөрдү бергиле,

Ак кагазга жазгыла,

Мөөрүӊөрдү баскыла! 202-б.

Манас жети канды чакырып, Түп Бээжинге казатка чыгарын айтат. Баары ооз ачпай, мултуюп угуп турушат. Үч жолу кайра кайталайт. Бакай кепке аралашат. Манас колдун кандыгына Бакайды, жолдун кандыгына Алмамбетти сунуш кылып, баары бир добуштан макул болот. (Бул башка варианттарда бир аз башкача айтылат). Шапакта да Манас кандардын мөөрүн бастырып, Бээжинге казатты, кандыкты, жардыктарын легитимдештирип коюптур. Ооба, баары мыйзамдын чегинде болгон экен. «Манастын» бардык эле варианттарындагы ушундай параллелдер эпостун тарыхыйлуулугун дагы бир ирет ырастамак.

Темиркандын эркеси

Тербелбеген Каныкей

Ошо кезде Семетей

Эмгектеген кези эле…

Байгамбар барган келбеген,

Чалыяр чаркы келбеген,

Падышалар жеӊбеген,

Искендер изин салбаган,

Сулайман сурак албаган,

Азирет Аалы келбеген,

Адамдын уулу жеңбеген… 205-б.

Бул Каныкейдин Манас чоң казатка аттанар алдындагы сөзүнөн. Каныкей Түп Бээжинге казатты колдогон эмес. Анын сөзүндө чындыктын үлүшү бар эле. Чындыгында кытай (кара кытай) Ыраакы Чыгыштын жеке кожоюну болгон. Аякка эч кимдин (Александр Македонский, тарыхый-библиялык Соломон, араб халифтери, Рим, Перс ж.б.) буту жете элек кез. Эмне үчүн? Биринчиден, Батыштан географиялык ыраактыгы, экинчиден, геостратегиялык мааниси, үчүнчүдөн, Кытай журтунун (кара кытай, ойрот, калмак, манжу) аскердик мобилдүүлүгү жана күч-кубаты. Ошондуктан, ушундай чыгыштык аскердик державага Манастын кыргыз журтундай аскердик күч гана каршы тура алган. Ооба, эзелтеден жана кийинки IX-X кк. Кара деңиз, Каспийден баштап Ыраакы Чыгышка чейинки геосаясий мейкиндикте эки держава гана кожоюндук кылып келген экен.

***Коңурбайдын кол курашы***

Ала байрак, сур желек,

Адамдан заты бир бөлөк… 215-б.

Демек, Коңурбайдын колунун туусу ала байрак, сур желек болгон. Бирок кийинки ыр саптарында «Кызыл желек туу менен, // Чыңгызкан деп чуу менен, // Алгарасын алкынтып, // Андан бетер булкунтуп» (229-б.) деп, Коңурбайдын туусу кызыл түс алганы баамдалат. Бул чоң казатта кыргыздан Манас, Алмамбет, Чубак, Сыргак төртөө алдыңкы сапта жүрсө, кытай жактан Коңурбай, Нескара, Төрөбек (Жолойдун уулу), Бороончу каршы турушат. Эпосто мындай бир кызык саптар да бар: «Ал төртөөнө бул төртөө // Аралашып алыптыр. // Бирин-бири мээлешип, // Келе жатыр жарышып, // Ит кууган түлкүдөй // Көргөн киши күлгүдөй». Манасчы ушул сегиз эрендин кармашын көзү менен көрүп тургандай элестүү сүрөттөп айтат. Балким, бул эпизод варианттын биринчи манасчысына эр Сыргак аркылуу жеткендир. Эстеңиз, Сагымбайдын версиясында Көкөтөйдүн ашындагы жамбы атмайдагы Манастын «себилдүүсү сексен төрттүн», кырк чоронун ат ойнотуп, чабышууну имитациялаган андистик оюн коюусу кандай эргүү менен айтылган болсо, бул төрт берендин айкашы да ошондой чеберчиликте баяндалат.

Эскерте кетчү нерсе, Сагымбайда Манас отуз түмөн кол менен аттанса, Шапакта токсон миң аскер менен сапар тартат. Кырк миңи жети кандыкы болсо, калган элүү миң аскер Манаска караштуу болгон. Ушул тогуз түмөн кол да оңор эмес күч эле. Маселен, Чыңгызкандын Субедей баштаган үч түмөн

колу Кавказ, Дашти-Кыпчак, Байыркы Рустун чыгыш чөлкөмүн бир сыйра имерип чаап чыкканы маалым.

Кыраан Бакай айтарга:

Кырк чоро башы Кыргылым...

Эңке, Бөкөй эки кул,

Эдиге, Кыяс төрт уул,

Алым, Бөкө алты уул,

Муратаалы, Мурат бий,

Мындай чапкан Кубат бий,

Жоо бөрүсү Бөкөмбай,

Бөксөлөй чапкан Дегембай,

Кенендин уулу Жанбайым,

Аликтин уулу Чалбайым...

Шамайдын уулу Жүгөрүм...

Жалпак тилдүү Жатыбай,

Жакшы чоро Ажыбай,

Күлдүркандын Чалыбай,

Күлкүлүү тууган Ажыбай...

Кутунайдын куу жигит...

Рамандын Ырчы уул...

Атка минген Серегим,

Эң аягы Тазбаймат… 248-б.

Бул Манастын кырк чоросу. Мында Сагымбай манасчыдай толук баары айтылбайт. Кырк чоро кырк уруу кыргыздын бирден өкүлдөрү экендигин айтканбыз. Эпостун бардык варианттарына мүнөздүү Кыргыл, Ажыбай, Ырчы уул, Серек, Тазбаймат өңдүү чоролор аталат. Манас, Алмамбет, Чубак, Сыргак Чоң Бээжинге жетип, Коңурбайдын кыжылдаган колу менен согушуп жатканда Бакай, жети кан, кырк чоро, тогуз түмөн кол бейкапар өргүп жаткан.

Ошондо Бакай кеп айтат:

Ажыбай менен Ырчы уул,

Аттангыла деп айтат.

Жедигердин Багышын,

Жетим чалдын Агышын,

Эштектердин Жамгырчы,

Кара жаак Үрбүгө,

Казактардын Көкчөгө,

Баарысына кеп айткын,

Аттангыла деп айткын… 253-б.

Ушуну айтты Ажыбай,

Өзү мыкты Ажыбай.

Жанындагы Ырчы уул,

А да ушинтип айкырып,

Аралап колго кыйкырып…

Кан Бакайдын жанына

Кайта келип калышып. 253-б.

Эң көтүндө эр Төштүк

Чалкуйрук менен чалкалап,

Бет алганын талкалап… 254-б.

Жетөөнүкү кырк миң кол…

Кырк чоронун кырк миң кол…

Ойронуңдун он миң кол…

Аргын, кыргыз аралаш

Аламан жөнөп калды ошол.

Баары колу токсон… 254-б.

Абакеңиз эл Бакай

Аккула атты булкунтуп,

Коштоп чыкты жулкунтуп.

Коштогону Коёнбоз… 255-б.

Ошентип, Бакайдын «аттангыласы» боюнча токсон миң кол Манас, Алмамбет, Чубак, Сыргак кеткен жол менен «аламан жөнөп калды ошол». Ооба, Бакай Манаска жардамга бат жетүү үчүн согуштук амалды пайдаланат. Анда Бакай «Сүйүнчүлөп дүргүткүн, // Колдун баарын үркүткүн. // Эл байыны чапты де, // Эпсиз олжо тапты де. // Кара малдан көп алып, // Айдай албай жүрөт де. // Аял, кыздан көп алып, // Байлай албай жүрөт де» деп, Ажыбай менен Ырчы уулга табыштап, колду дүрбөтүп аламан жөнөп калганы ошондон. Бирок Сагымбайда Сыргак келип кабар бергени маалым. Мында да Ажыбай көрүнүп турат. Дагы бир кызык жери “кырк чоронун кырк миң кол” деп, кырк чорунун ар биринин миңден колу болгондой. Манас салбырынга Айбанбозду минип кеткен. Аккула Бакайдын кароосунда калган. Ушул жерде Бакайдын «Аял, кыздан көп алып, // Байлай албай жүрөт де» дегени кызгууну жаратары бышык. Ооба, башка батыштык империялык аскерлерден өзгөчөлөнүп, көчмөн кыргызда колго түшкөн аялзат байланбаптыр, кишенделбептир. Балким, кыргыздын «Кыздын кырк чачы улуу» деген накыл кеби бир гана кыргыз кыз-келини үчүн болбоптур.

Чын эле Бакай сенсиңби?

Аккуланы алып келдиңби?

Өңүмбү, же түшүмбү,

Же түшүмдө көргөн ишимби?

Келе бери колду деп,

Келгениң жакшы болду деп.

Оңдосун кудай жолду деп… 261-б.

Аламан урушта Төштүк менен Жолойдун уулу кан Төрөбек төрт күн кармашып «Төштүк кыйын алп экен // Төрөбекти жеңиптир», // Кан өлтүрүп туу жыгып, // Кара кытай элине // Как ушундай чуу кылып» (265-б.). Ооба, кандын өлүмү өз элинде чоң трагедияга тете болгон. Кыргын согуш жети күнгө узап, Манастын толук жеңиши менен аяктайт. Кара-Шаар, Камбылга Бакай, Жети-Шаар, Жеркенге Кыргыл кандыкка отурат. «Түп Бээжиндин түбүнө // Коңурбай кетти кутулуп» (266-б.). Манас Алтай чөлкөмүнө аким болуп, жалпы колго жардыгын айтып, кеткениң кет үйүңө, калганың кал буерге деп жалпы демобилизация жарыялайт. Калганы эки күндөн соң Бакайга келип чогулат.

Үрүмчүнүн жанына,

Бир кыштакка ат койду,

Манас деген кат койду. 275-б.

Уруш токтоп, Манас Бакай, жети канды чогултуп, кеңешип, Коңурбайга ультиматум катын эки чабармандан жөнөтөт. Кат капкалуу Чоң Бээжинде корголуп отурган Коңурбайдын колуна тийет. Кат боюнча Коңурбай Алгара атын берип, толук капитуляция болушу керек. Болбосо согуш менен кайра келери айтылат. Муну окуп, эси чыккан Коңурбай алты айчылык Түп Бээжиндеги Эсенканга кат жазып, мөөрүн басып, чабарман жөнөтөт. Эсенкан катты окуп, Шыпшайдарды чакыртып, кат жазып, мөөр басып кайра Коңурбайга Манастын айтканын кыл деп жөнөтөт. Коңурбай буга макул болуп, Алгарсын берип, дүйнө-мүлкүн жеткирип, мусулман динге өтүп, Манастын толук ишенимине кирип тынып жатып калат. Эпосто Багыш, Агыш, Жамгырчы, Үрбү, Көкчө, Төштүк алты кан колун алып кайтышты деп айтылат. Бир гана Кандын уулу Жүгөрү аталбайт. Эпосто «Кийген тону күдери // Кандын уулу Жүгөрү. // Очогор тийип окко учуп. // Акырет сапар жол тартып, // Шейит кечип ал өлдү» (265-б.) деген ыр саптары бар. Башка эч кандай маалымат берилбейт. Чындыгында эле ошондо Кандын уулу Жүгөрү о дүйнө кеткендей. Эми Жүгөрү деген ат баштуу дан берген кадимки жүгөрү өсүмдүгү менен ассоциацияланып туруусу мүмкүн. Бирок андай эмес. Бул башка маанидеги эпоним сөз экендигин айтканбыз.

Ошентип, «он эки ай жыл өтүп», баары кайра кайтып, Манас «Төрөңдү кудай уруптур // Коңурбайга алдатып, // Өзү жалгыз туруптур. // Кырк чоросу кашында // Кыраанын Бакай астында // Аламамбети соңунда, // Албарс кылыч колунда. // Коңурбайдын элинде // Калды Бээжин жеринде» (276-б.). Бул ыр саптары, албетте, ушул варианттын биринчи манасчысына таандык экендиги талашсыз. Манасчы трагедияга чейин эле Манастын Коңурбайга алдатып койгондугун жарыя кылууда. Ооба, бул окуяларга күбө, баарын көрүп, билип турган Манастын замандашы гана ушинтип алдын ала жамандыктан кабар берип жаткандай. Кийинки «Байпак чечип бут сунуп, // Баягыдай көз жумуп, // Эки көзү коюлуп, // Таласта жаткан немедей // Жаткан экен чоюлуп» (278-б.) дегени Манастын Коңурбайга биротоло ишенип, кыраакылыгын жоготуп койгондугун ырастаган.

Коңурбай менен кошулуп,

Желбегей торко кийишип,

Мындай ишин билбеди,

Коңурбайдын артынан

Абайлабай келди эми. 278-б.

Ошентип, Манас Коңурбайга толук ишенип, жеңил гана кийинип, жарагы жок, капкасы алтын коргонго кирип барат. Коңурбай капыстан атайын даярдаган айбалта менен Манасты башка чабат. «Атаңдын көрү нетесиң // Сен канетип кетесиң?» дегенге араң үлгүргөн Манас «Башын бура берди эми // Айбалта мизи каарыды, // Бир шилисин таарыды» (280-б.). Бакайдын жүрөгү

бир жамандыкты сезип, Манас желбегей торко кийип эле кетти деп, Ажыбайды артынан чаптырат. Ажыбай айбалта жеген айкөлдүн үстүнөн чыгып, Коңурбайдан арачалап калып, Бакайдын, кырк чоронун жанына жетип келишет. Миң-сан болгон кытайдын колуна кырк чоро туруштук берип, тогуз күн урушуп жан аянбай согушат.

Түп Бээжиндеги Эсенкандын ордосунда атайын даярданып жүргөн Шыпшайдар Коңурбайга келип кошулат. Ал өңүтүн таап Алманбетти, андан соң Чубакты, жетип келген Сыргак, Серекти жаа менен атып «төртөөнү шейит кечирет». «Баягы төртөө өлгөн соң, // Буудайыктын Музбурчак // Бу да кирип келди эми. // Уруму тийди чекеге // О да кетти Мекеге» (283-б.). Ошентип, жалгыз Шыпшайдар[45]өзү беш беренди жаа менен чекеге атып о дүйнө кетирет экен. Караңыз, эпосто Буудайыктын Музбурчагы тууралуу эми гана сөз болууда. Бирок «Семетейде» ак куу болуп асмандап учкан Айчүрөк[46] ушул Буудайыктын Музбурчагын да сынап өткөн жери бар.

Алп эрендер шейит кетип, эми Бакайдын жанында алсыраган Манас, эр Ажыбай, Кыргыл, кырк чоронун калганы гана турган болот. Бакай Манаска шейит кеткен эрендерин айтканда, кайраттанып, ак олпогун кийип, Аккулага минип, Коңурбайга жетип, аттан сайып түшүрөт. Кайра жетип башын кесип аларда Шыпшайдар кайра даяр боло калып, Аккуланы эки бутуна атып өлтүрөт.

Таластагы Каныкей кытайдан келген дүр-дүнүйөнү көрүп, жүрөгү жамандыкты сезип, Кошабышты чакырып, ага Тайбуурулду коштоп берип жолго узатат. Он алты күн болгондо Бээжинге Манаска жетип келип Тайбуурулду колуна карматат. Аны минген айкөл Коңурбайга жакындап жеткенде Шыпшайдар дагы жолун бөгөп, жаасын кезеп чыгып калат. Каныкейдин катында Шыпшайдарды найза менен эмес, айбалта менен чапкын деп жазылат. Аны эстеген Манас найзаны таштап, ак албарс менен чаап башын алат.

Үрүмчүнүн сеңирге …

Серек менен Сыргакты,

Кош бейит кылып көмүштү.

Музбурчак менен Чубакты,

Экөөнү көмдү жанаша ...

Сөөк өчтү капырга

[45] Эшиев А. М. Боевой конь, доспехи в эпических и исторических источниках // Евразийское научное объединение, №3 (61), март, 2020. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=42734270
[46] Семетей. «Манас» эпосунун экинчи бөлүгү. 3-китеп. Фрунзе: Кыргызмамбас, 1959. (Жыйнакталган вариант). – 151-б.

Алмамбеттей баатырга,

Сөөгүн жаман кылат деп,

Сарала атка артышты,

Сапардан минтип кайтышты. 290-б.

Ошентип, Бакай Алманбеттин сөөгүн жүктөп, Кашкар менен жол салат. Бирок кар түшүп, ашуу бөгөлүп, Торугарт аркылуу жүрүптүр. Ошондогу Жамгырчыга кат жөнөтүп жардам сурайт. Калча Буудайыктын Жамгырчысы тетирисинче Бакайга жамандык ойлоп аксакал, бектери менен кеңешкенде, алар «Кудай алсын өзүңдү // Ит уксун сенин сөзүңдү // Манас өлсө Бакай бар // Башыңа кыйын иш салар» деп Жамгырчыны кагып коюшат. Эмнеликтен? Биринчиден, алар кыргыздын, Манастын, Бакайдын тарыхын, кимдигин мыкты билишкен, экинчиден, «Манас өлсө Бакай бар» деген сөздө чоң маани жатат. Анткени Бакай да кандык тукумдан болуп, экөө тең Ногой кандын небереси эле. Бакайдын да кырк уруу кыргызга кан болууга укугу болгон. А, канга кол көтөрүү акылга сыйбас иш болмок. Ошондуктан санжыраны, жети атаны, салтты билген, сактаган аксакалдар Жамгырчынын кем акыл оюн басып коюшат. Андан кабардар болгон Бакай эми башка жолго салып, Алай, Анжыян, Өзгөн жак менен түшүп, Арстанбапка келип, Алмамбеттин сөөгүн «ары-бери жуудуруп», кожо-молдого куран окутуп, жерге беришет. Бул версия боюнча Алмамбеттин сөөгү Арстанбапка коюлат.

Таласка да жетип келишет. Манас дарыланып, оңолуп өзүнө келет. Тазбайматка чай кайнаттырып, Боз уулду атасы Жакыпка чаптырат. Каныкейдин ордосуна Алмамбеттин ак ордосун, Чубактын боз ордосун экөөнү кошо кондуруп, эл чогулсун деп буюрат. Кан ордого келип, шейит кеткен Алмамбеттин, Чубактын зыйнатын кылып, акыбалы оордошуп, кетерин билип, Ногой тукумун чакыртып керээзин айтат. Манас о дүйнө сапар тартат. Бакай, Каныкей, Ажыбай кеңешип, дагы үч чоро гана билип, кара зоонун бооруна жашырат. Манаска күмбөз салынат. Кыргыл Көбөштү көндүрүп, Бакай кандыгын Көбөшкө өткөрүп берет. Ошондо Семетей эми экиге чыккан болот.

# Манасчы Шаабай Азизовдун варианты боюнча

==========================================

## МАНАС

Түп атасы Бөйөн кан.

Бөйөн кандан бөлүнгөн,

Ошол ойдогу эле жерде Чаян кан…

Чаян кандан бөлүнөт

Кара кезек катыгүн,

Карагандан бөлүнгөн…

Кара кезек кыргактын

Кагылайын Сыргактын,

Ошо кезде Улаккан,

Атаңдын көрү куу дүйнө,

Бай Жакыптын агасы. 35-б.

Бул вариант боюнча Манастын ата-баба генеалогиясы башкача кетет. Бөйөн кан, Чайан кан, Каракан деп Сагымбай Орозбаковдун санжырасынан («Каракан, Угуз хандан кийин Аланча хан уругунан Байгур, Уйгур дегендер (болгон) экен. Байгур балдары Бабыр хандан Түбөй, Түбөйдөн Көгөй, андан Ногой, Шыгай, Чыйыр деген үч уул болгон. Ногойдон Орозду, Үсөн, Бай, Жакып деген уул калган")[47] бир топ өзгөчөлөнүп турат. Биз мурунку бөлүмдө Саякбай Каралаевде «Түп атасы Бөйөнкан, // Бөйөнкандан Чаянкан, // Чаяндан Ногойкан… // Ногой кандан Балакан… // Балакандан Каракан…// Атасы Каракан кан эле, // Каракандын сегиз уулу бар эле. // Балдардын эрени Жакып, Улаккан»[48] деп айтыларын, Шапак Рысмендеевде Манастын санжырасы «Түп атасы Түбөйкан...// Түбөйкандан Тогойкан, // Тогойкандан Шыгай, Ногойкан, // Ногойкандын балдары // Бай, Жакып, Ороз, Үсөндү»[49] деп чечмеленерин айтканбыз.

Ал эми Бөйөн кан, Чайан кан Шапак манасчынын вариантында калмак байлары ("Алтайдан Жакып жайланып, // Кара калмак элинин // Бөйөн, Чаян

[47] Манас. I китеп. Сагымбай Орозбак уулунун варианты боюнча. Фрунзе: «Кыргызстан», 1984. – 3-б.

[48] Манас. Эпос. Саякбай Каралаевдин варианты боюнча. I китеп. Фрунзе: «Кыргызстан», 1984. - 26-б.

[49] Манас. Шапак Рысмендеевдин айткан варианты боюнча. Бишкек: «Газета.KG», 2013. 3-б.

байына... // Кызмат кылып мал бакты…”) катары келишет. Шаабайда Сыргак Улаккандын тун уулу, Серек кичи уулу – кара кезек деп айтылат. Сыргак менен Манас эки бир туугандын балдары болууда.

Ошентип, эпостун бул төрт вариантындагы Манастын санжырасы дээрлик бири-биринен айырмаланып турат. Белгилеп кетчү нерсе, Сагымбай Орозбаковдун варианты масштабдуулугу, эпопеялуулугу, геосаясий амбициялуулугу жагынан бир топ өзгөчөлөнүп турат. Бул, болжолу, IX-X кк. кырк уруу кыргыздын, Манастын тарыхына, окуяларына толук, же дээрлик арбын катышкан, кырк чоронун бири, казатчы-ардагер биринчи манасчынын биринчи версиясы экендигине күмөн жок. Ооба, ал, биринчиден, географиялык аталыштарды (топоним, геоним, гидроним), этностордун, каармандардын рухий дүйнөсүн (теоним, эпоним), уруу (фратрия, урук) аталыштарын (этноним), этностордун тарыхын, санжырасын мыкты билген, өз көзү менен көргөн, өз буту менен баскан; экинчиден, мындай маалыматка эгедер болуу үчүн билимдүү, илимдүү, полиглот, эрудит; үчүнчүдөн, бул көркөм тарыхты айтуу үчүн мурунтан өзү ак таңдай төкмө, чечен, чыгармачыл талант; төртүнчүдөн, Манастын тарыхын айтууга моралдык укугу бар, өзү казатчы-ардагер, кыргызга өтө лоялдуу авторитет инсан болуусу шарт болгон. Ооба, саясий элита, эл ар кимге эле «манас» айтууга жол бере бербегендиги ырас. Эпосто мындай касиет-сапатка ээ бир катар эпикалык каармандардын болгондугу да ырас. Алар, болжолу, кырк чоронун (же «себилдүүсү сексен төрттүн») бири катары Манастын жанында, окуялардын чордонунда болуп, баарын өз көзү менен көрүп, өз кулагы менен угууга толук шарты болгон. Буларга, маселен, элчи-жарчы эр Ажыбайды, Ырмандын Ырчы уулун, жайма көкүл жаш Айдарды, кийинки Молтону кошууга болмок.

Манастын ата-бабаларынын аталыштары эпоним катары келүүсү мүмкүн. Маселен, Саякбайдагы Бөйөн канды Бай (Байгур) эпоними, Чайан канды Аланча кан, Балаканды байыркы түрк бойла (бойла, боил) эпоним-титулу менен жакындатууга болмок. Мында Ногой (төртүнчү ата) менен Каракан да болуп, бирок Каракан Жакыптын атасы болуп орун алмашып келгендиги Сагымбайдагы санжырадан олуттуу өзгөчөлөнүп тургандыгын айгинелемек. Бирок Саякбайдын вариантында Огуз кан, Бабыр кан, Түбөй кан, Көгөй кан дээрлик байкалбайт. Шаабайдагы санжыра Саякбайдагыга окшошуп башталат да, кийинкилери башка-башка кеткен. Шапактагы санжыра Түбөй менен башталат, Ногой кан Жакыптын атасы деп айтылат. Бирок Түбөйдөн кийин башка варианттарда кезикпеген Тогой кан келет.

Эпостун варианттарындагы Манастын санжырасынын көп түрдүүлүгүн кандайча түшүндүрүүгө болор эле? Биринчиден, кырк уруу кыргыз азыркы Кыргызстандын территориясында гана эмес, Борбордук Азияда, Түштүк Сибирде, Кытайдын түндүгүндө жашап келген. Бул зор геосаясий мейкиндик болгон. Ошондуктан Манастын санжырасы тууралуу маалымат түрдүүчө кеткен да, түрдүүчө жеткен. Экинчиден, Сагымбайдын вариантынан кийинки версиялар кечирээк чыккандай. Бул мезгилдик фактор болмокчу. Ооба,

доордун, муундун алмашуусу менен байыркылык эс-тутумдук маалымат да эскирип отурган. Үчүнчүдөн, «Манасты» кырк уруу кыргыздын ар биринен уруулук төкмө ырчы (ардагер-казатчы да) айткан (же айтууга аракет кылган). Ошондуктан Манаска, Кыргыз ордого жакын жүргөн уруу өкүлдөрү (маселен, аргын (Ажыбай), нойгут (Акбалта, Чубак), казак (Айдаркан, Көкчө), катаган (Кошой), каракалпак (Бердике), манжулук калмак (Шакум-Мажик), маңгул (Күлдүр), кыпчак (Таз, Үрбү), ногой (Эштек, Жамгырчы)) толук маалыматка ээ болсо, Манастын ордосунан бир топ ыраак, бирок биринчи чакырыкка бат жетип келүүгө мүмкүндүгү бар уруунун (маселен, окчо (Санжыбек), төлөс, жедигер, думара, калча (Музбурчак)) өкүлдөрү толук болбосо да бир топ маалыматка ээ болгондой. Ал эми Кыргыз ордодон, Манастан бир нече жүздөгөн чакырым алыстыкта (маселен, Түштүк Сибирде, же Түндүк Чыгыш Кытайда) жашаган уруулардын (маселен, найман, кыпчак (эр Төштүк), алчын, коңурат, карыя, кызай, абак, тарак ж.б.) өкүлдөрү, албетте, мурунку эки уруулар тобуна караганда бир топ толук эмес маалыматка эгедер болгондугу жашырын эмес. Ооба, КР УИАнын кол жазма фондунда сакталган «Манастын» көптөгөн түрдүү варианттарын, алардын көлөмүнүн, көркөм-эстетикалык сапатынын, тарыхыйлуулугунун түрдүүлүгүн, жаралышын, калыптанышын, айтылышын, сакталышын, бүгүнкү күнгө жетип келүүсүн ушундай факторлор менен түшүндүрүү ырастай.

Эгем таала билбесе,

Алтын айлуу башы бар,

Ошо кезде Жакыптын

Элүү беште жашы бар. 35-б.

Бул «Манастын» ушул версиядагы биринчи манасчысынын айтканы экендиги күмөн туудурбайт. Эгем[50]таала бардык эле манасчыларда ушундай ээн-эркин айтыла бербейт. (Сагымбайда эгем деп Жакып менен Алмамбет айтат). «Алтын айлуу башы бар» деген саптагы «алтын айлуу» сөз айкашы эпосто бир топ кездешет жана анын кандайдыр бир сакралдык касиети бар экендигинен кабар бергендей. Буга караганда бул биринчи манасчы Жакыптын рухий дүйнөсү менен аралашып эле жүргөндөй пикир калтырат.

Жараткан алла, жалга – деп,

Жалпы олуя колдо, - деп,

Берген Теңир жалга, - деп.

Периштелер колдо деп,

[50] Эшиев А. М. Древние теонимы и их параллели в акынской поэзии // Инновации в науке, № 10 (71), 2017. Новосибирск., Изд. АНС «Сибак». https://elibrary.ru/item.asp?id=29660671

Түп атабыз Каракан

Өзүң арбак колдо, - деп,

Оң жагыма келгин, - деп. 42-б.

Бул Чыйырдынын толготуп жаткандагы сөзүнөн. Ал алла, теңир, олуя, периште, арбак, Каракан түпкү атасы өңдүү ишенимдерге жалбарган экен. Бирок Сагымбайдагыдай Жапар[51]кудурет аталбайт. (Ооба, анда Чыйырдынын оозуна Жапар кудурет гана кирген болот). Мындай көрүнүш бул эпостун өзүнчө башка бир версиялык касиетке ээ экендигине ынандырат. Бул версияны биринчи айткан манасчынын Жапар рух дүйнөсү тууралуу маалыматы жок болгондуктан бул, албетте, Сагымбай айткан версиядан кийинки вариант экендигинен шек туудурбайт. Дагы да тактап айтканда бул варианттын башатындагы манасчы Ырамандын Ырчы уулунан, эр Ажыбайдан, же жаш Айдардан соңку, б.а. Манас менен жүзмө-жүз көрүшүп, урушуп-согушуп жүргөн чоролордон эмес го деген пикир калтырат. Мында политеизм жүрөт. Ооба, Чыйырды айласы куруганда эң алгачкы түп атасы Каракандын арбагына да жалынат экен. Арбак түшүнүгү өтө эзелки болору бышык, анткени ошол түп ата Каракан да убагында ата-бабаларынын арбагына сыйынып келген. (Геродоттогу скиф Иданфирстин перс Дарийге берген жообун эстеңиз). Балким, алыскы үчүнчү геосаясий чөлкөмдөгү кыргыз этникалык топторунун өкүлүнөн болуп жүрбөсүн?

Бирок мында бир кызык жери «Түп атабыз Каракан // Өзүң арбак колдо деп» Чыйырды Караканды түп атабыз деп айтат. Шаабайдын ушул вариантында Манастын ата-бабасынын санжырасы Бөйөнкандан (анан Чайан кандан) кетери белгилүү. Ооба, Чыйырдынын сыйынган кудайы Сагымбайдагы Манастын түп атасы менен бир болуп чыгууда. Буга караганда Сагымбай манасчыдагы санжыра көбүрөөк ишеним жаратары бышык.

Эми кудай берди, - деп,

Тилегеним келди, - деп. 44-б.

Бул Жакыптын бала туулганда айткан сөзүнөн. Мында ал кудай деп айтат.

Жараткан Алла билбесе,

Эгем таалам билбесе… 44-б.

---

[51] Эшиев А. М. Эпос «Манас» и древний теоним Спар: параллели, аналогии // Евразийское научное объединение, №7 (53), июль, 2019. С. 276-279. https://elibrary.ru/item.asp?id=39209927

Бул манасчынын айтканынан. Анын пикиринде Алтайдагы кыргызда Алла таала менен Эгем таала параллел жашап келген (бул экөө бир теонимдик түшүнүк экендиги маалым). Шаабайда мусулман динине тиешелүү түшүнүктөр арбын кездешет. Сагымбайдын вариантында Алтайда жүргөн кыргызда алтымыш жылдан бери ислам кадыресе сиңип калган Анжиян, Алай, Нааман, Чүй, Кемин, Ташкенге караганда алыскы Алтайда эге, бар, жапар, теңир, жараткан алла, арбак өңдүү кыргыздын эзелки ишенимдери дале болсо байма-бай колдонууда болуптур.

Ороздунун он уулу,

Кыргызы бүт чогулуп,

Ат коё албай койгондо.

Теңириңден кат алган,

«Манас» деген ат алган.

Жашырып атын айтпастан,

«Чоң жинди» деп ат алган.

Ай-ааламдан кат алдым,

«Манас» деген аты жок,

«Арстан» деп аталгын…

Оомийин, Алла кудурет,

Аты Манас шер болот!

Деп ошентип Айкожо

Көздөн кайып жок болду. 49-б.

Балага ат коё албай турушканда ободон токсон бештеги Айкожо түшүп, Теңирдин табыштоосу менен атын Манас коюп, бирок эр жеткенче «Арстан», «Жоң жинди» деп жашырын ат алып жүрүшү керектигин айтып көздөн кайым болот. Эпос боюнча «Теңириңден кат алган, // «Манас» деген ат алган» ошол Айкожо «Оомийин, Алла кудурет» деп Алланын[52]атын атап өтөт. Демек, Шаабайдын версиясы боюнча Алтайда бир эле кезде теңир, алла диний ишенимдер чогуу жашап келген.

[52] Эшиев А. М. Эпические теонимы Илайа, Алда таала: предшественники, параллели, аналогии // Евразийское научное объединение», № 10 (56), октябрь, 2019. https://elibrary.ru/item.asp?id=41385415

Кабылан Манас кеп айтты:

«Кагылайын бабалар,

Колдосун арбак», - деп айтты. 57-б.

Караңыз, мында Манас арбак деп айтат. Ата-бабалардын жаткан жайы, арбак эң байыркы ишенимге кирерин айтканбыз. Ооба, Геродотко чейинки доордо көчмөн калк үчүн ата-бабалардын мазарынан өткөн ыйык нерсе болбогон экен. Муну башкы каармандын айтканы да ырастап тургандай.

Катагандын эр Кошой,

Байдын уулу эр Бакай,

Кырктын башы Кыргылчал,

Үзүктөй калпак Шууту чал,

Каракан уулу бай Жакып… 60-б.

Ооба, мында Бай Жакып Каракан уулу деп айтылат. Ногой жок болууда.

Жедигерди жердеген

Жедигердин чоң Багыш…

Масайылды жердеген

Элеман байдын эр Төштүк…

Анжиянда бий кылган

Нагыз Кожо Шегизи…

Текечинин Урмамбет

А да кошо келсин де.

Чоң Кеминди жайлаган

Жаактардын эр Үрбү…

Эштектердин Жамгырчы…

Аргын кандын Ажыбай

Алтымыш уруу тил билген… 67-б.

Душманга намыс бербеген

Береки турган Сары уруу…

Кыргыздардын Жанадил…

Көкөтөйдүн Бокмурун…68-б.

Булар эпостун бул вариантындагы эң активдүү каармандар. Кошой, Бакай, Кыргыл, эр Төштүк эпостун дээрлик баш ченинен баштап Жакыптын жанында жүрүшөт. Эр Төштүк Масайылды жердеген деп айтылат. Каердеги Масайылды? Белгилеп кетчү нерсе азыркы Ноокен (Жалал-Абад облусу) районунун борбору Масы деп аталат. Балким, бул (Масы айыл)) эзелки эпотопним болуп жүрбөсүн? Сагымбайда Шууту чал, жедигердин Чоң Багыш, анжияндык Кожо Шегиз, текечинин Урмамбет, кыргыз Жанадил активдүү каармандарга кирбейт. (Балким, Чоң Багыш деген эпонимдеги чоң деген сөз тоң, тон, жон, жан[53]болуп жүрбөсүн?). «Жаактардын эр Үрбү» ыр сабындагы «жаак» дегени айтылуу Жайык (Яик, кийинки Урал) дарыясынын аталышынын (эпотопоним) башаты (эпоэтноним) болуп жүрбөсүн? Эпосто биринчи жолу Сары уруусу аталат да, ошол боюнча кеп болбойт. Белгилеп кетчү нерсе Сагымбайдагы Жакыптын таянар тоолору нойгут Акбалта, каракалпак Бердике, казак Айдаркан, Ошпур дээрлик байкалбайт. Бул вариант Сагымбай Орозбаковдун вариантынан бир топ өзгөчөлөнгөн эпостун кийинки версияларынан калыптанган болуусу мүмкүн. Бул да болсо ар бир версиянын башатында белгилүү бир уруунун чыгармачыл таланты турат го деген божомолду ырастамак.

Шаабайдын вариантында катаган, жедигер уруулары Манастын айланасында көп кезигет, балким бул вариант аталган уруулардан чыккан дагы бир таланттуу манасчынын версиясы беле? Ооба, манасчылар кайсыдыр бир урууга тиешелүү болгон да, ошол манасчы өз уруусун (анткени, бул уруу кыргыздын курамында болуп, Манастын окуяларында жакындан катышып жүргөн) көбүрөөк кошуп айткан. Өз уруусу кайда жүрсө, бул таланттуу ырчы да аны менен чогуу жүргөн. Башка жакта эмес. Ошондуктан, биринчиден, ал өз көзү менен көргөнүн, экинчиден, кийин Манас менен чогуу жүргөн башка уруунун мыктыларынан өз кулагы менен укканын айткан. Анткени, ар бир уруунун жердеген жери, жайлоосу, кыштоосу ар башка жерде болгон да, зарылдыгына карай Манастын кан ордосуна, аш-тойго, казатка чакырылып турган. Кээде бул уруу чакырылса, башка бир учурда тигил уруу чакырылган болуп, ошол таланттуу ырчылар Манасты жакындап жандап бардык окуяларына күбө боло алышкан эмес. Бул дагы бир ирет эпостун толук версиясын биринчи айткан кырк чоронун бири, Манастын расмий жарчы-ырчысы Ырамандын Ырчы уулу болушу мүмкүн деген божомолдун ырастыгын айгинелейт.

Алтын көкүл жаш Айдар

---

[53] Эшиев А. М. Эпоним Тон (Тоң, Чон, Чоң, Джон, Жан) и эпические параллели, аналогии // Евразийское научное объединение, №1 (59), январь, 2020. С. 331-333. https://esa-conference.ru/wp-content/uploads/2020

Акын ырчы бул бала. 76-б.

Шаабайда жаш Айдар «алтын көкүл», Саякбайда жана Ч.Валихановдо «жайма көкүл» деп аталат. Шаабайда «Сок билектей кара чач, // Желкесине түйүптүр» деп, жаш Айдар чачын өрүп, артына таштап койгондугу айтылат. Эми алтын көкүл менен жайма көкүлдүн айырмасы барбы? Кандай болгон ченде да бул көкүл деген сөз Көк Уул[54]деген тарыхый эпонимдик аталыштан калыптангандыгы күмөн эмес. Караңыз, жаш Айдар да «акын ырчы» болуптур. Демек, ордонун мамлекеттик чабармандары катардагы эле каарман эмес, кызыл тилдүү, ак таңдай төкмө ырчылар экен. Манастын айланасында ушундай ак таңдай, чыгармачыл таланттар (маселен, Ажыбай, Ырчы уул, Тазбаймат, жаш Айдар) жүргөн болсо, биринчи манасчылар булар болбой ким болмок? Ооба, биринчи манасчы Манастын биринчи тарыхын төкмөлүккө мүнөздүү жети-сегиз муунда комузга салып эле кошок иретинде айтып келгендей. (Сагымбайдагы «Комузчудан жүздү алып»[55]деген ыр сабын эстеңиз. Букарга Каныкейге күйөөлөп барганда мыкты жүз комузчу ырчы коштоп барат экен. А барбай калып калганы канча эле?). Муну уккан эл кайра-кайра суранып, утуру айткан сайын ошол кошоктун көркөм-эстетикалык сапаты артып, жаңы мазмун менен толукталып отуруп элдик дастанга өсүп жеткен сыяктуу. Балким, биринчи болуп эрдик, каармандык, мекенчилдикке жык толгон эпизоддордон башталып, жалпы элдик трагедия менен аяктаган «Чоң чабуул» кошогу айтылгандыр. Бул Бээжинге жүрүш бир нече жыл айтылып келип, элде ыйга көздүн жашы калбай, кошокчу-ырчыдан эми Манастын мурунку тарыхын да талап кыла баштагандай. Ооба, бул «Семетейге» чейинки он-он беш жыл ичиндеги «Манас» айтуу эле. Манастын жогоруда аталган кырк чоролору анда орто жашта болуп, күч-кубаттуу эле келип, Семетейдин окуяларына да күбө болушкан өңдүү. Эпос боюнча кырк чородогу кийинки эрендер Манастан он, он бештен отуз жашка чейин кичүү келишкен. Ошондуктан, биринчи манасчылар «Манас» менен кошо «Семетейди» да айтып калууга үлгүрүшкөндөй.

Биз Сагымбай боюнча Ырамандын Ырчы уулун казак деп билебиз. Шаабайда да Манастын жарчысы-ырчысы катары катышат. Маселен, Ырамандын ырчы уулу // Кыйла сөзүн салды эми, // Сурунайын тарттырып, // Айтып калды ал эми (96-б.). Эми караңыз, Манас да, казак Көкчө да о дүйнө кетип, казак уруусу кыргыздан бөлүнүп, өзүнчө эгемендүүлүк алып Сары-Аркасына, андан Орол, Жайык көздөй ыраактап кетет. Анда Ырамандын Ырчы уулу кайдан жүрүп Манастын тарыхын айтып жүрөт? Ооба, казак уруусу (туурасы казак кан, бектери) кыргыз журтунан бөлүнүп, ар кайда жүргөнү менен Алтайдан бери толгон-токой окуяларга, Көкөтөйдүн ашына, чоң казатка күбө болгон, Манастын Чоң Бээжинге жүргөн колунун аман

[54] Эшиев А. М. Теоэпоним Кок Ул в эпосе «Манас» // Евразийское научное объединение, №5 (51), май, 2019. С. 457-458. https://elibrary.ru/item.asp?id=38243326

[55] Манас. Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча. II китеп. Фрунзе, 1980. – 390-б.

калган эрендери, баарын угуп-тыңдап турган караламан казак калкы кечээги бир бүтүн Кыргыз журтун, Манасты эс-тутумдан чыгарган эмес. Анын бир мүчөсү болгон Ырчы уул Манастын кошогун казакта да, кыпчакта да, каракалпакта да, ногойдо да, Кыргыз ордодо да жүрүп айта берген. Аны айтпагын деп эч ким токтоткон да, жолун тоскон да эмес. Тетирисинче, уруу кандары, бектери өздөрү баш болуп айттырышкан, анткени бул бүт баарына бирдей жандуу тарых эле. Качанга чейин? Ошол муун, алар менен кошо эс-тутум да жок болгонго чейин. Ооба, кыргыздан чыгып кеткен уруулар эми бири батышка (Кончак, Гзак[56]; Кощей[57]; Ногай Мурза, Ямгурчи[58]; Берендей, Торк[59]; Черные Клобуци[60]; Шаруканъ[61], Шарокан[62]), бири чыгышка (найман, татар, катаган, карыя, коңурат, калча, алчын, жедигер, кутчу, нукус[63]) кетип, убакыт өтүп, бара-бара кыргыздын, Манастын тарыхы да эс-тутумдан чыгып, анын ордуна уруу-уруктук баалуулуктар күчөгөндөй. Манас бүгүнкү кыргыздын территориялык чегиндеги, канатташ кытай жериндеги кыргыз урууларында бекем сакталып, бүгүнкү күнгө жетип келгендей. Ооба, биз бүгүн илгерки Кыргыз журту менен Манастын тарыхын эпос болуп калыптанып бүткөн формасында угуп жаткандыгыбызга күмөн кылууга болбос.

Береки турган Огуздан

Башкара турган Манас бар. 84-б.

Бул Айкожо думананын Алманбетке айткан сөзүнөн. Мында Огуз эпоними жөнүндө кеп болуп, Манас ушул эпонимдин өкүлү катары келүүдө. Сагымбай боюнча Огузкан Каракандан кийинки бабасы экендиги маалым. Бирок Шаабайдын вариантындагы Манастын генеалогиясында Огуз кан жөнүндө кеп болбойт. Каракан жөнүндө да айтылбайт, бирок Чыйырды толготуп жатып «Түп атасы Караканга» жалынат. Ооба, ушундай өзгөчөлүктөр байкалат.

Ошо кезде Чыйырды…

Алыстан келген балам деп,

Бооруна тарткан эмеспи. 85-б.

Оң эмчекти алды эми,

---

[56] Слово о полку Игореве. Ленинград: «Сов. писатель», 1990.
[57] Коялович М. О. История русского самосознания. Минск: «Лучи Софии», 1997. - С. 114.
[58] Карамзин Н. М. Предания веков. М.: Изд. «Правда», 1988. - С. 476.
[59] Український историчный журнал, 2005, №2. - С. 4.
[60] Лихачев Д. С. Избр. работы. Т. 3. Ленинград: «Худ. лит.», 1987. - С. 43.
[61] Повесть времянныхъ лет по Лаврентьевскому списку. Ленинград, 1926. - С. 271.
[62] Слово о полку Игореве. Ленинград: «Сов. писатель», 1990.
[63] Сокровенное сказание монголов. [Электрондук ресурс]. URL: http://altaica.ru/SECRET/tovchoo.php#I (кайрылган күнү: 07.04.2020)

Береки турган баатырга,

Оң эмчегин салганда

Дирилдеген сүт чыкты. 86-б.

Бул - Чыйырдынын Алмамбетти тосуп алгандагысы. Бир кызык жери Сагымбай боюнча ушул эки каарман гана Жапар рух дүйнөсүнө сыйынган. Балким, «дирилдеп сүт чыкканына» караганда Чыйырды (Жакыптын агасы) менен Алмамбеттин этникалык байыркы (кыргыз) башаты бир болуп жүрбөсүн? Ооба, ар кимге эле эне сүтү ийе бербеши дайын. Жок жерден эле (мейли ал канчалык адилет издеген алп эрен болбосун) кытайдан качып келген инсанды ушундай жылуу тосуп алуу кызыгууну жаратары бышык. Ошондуктан эпосто ачык айтылбаса да Алманбеттин мусулман атадан (каткалаң эр Мажиктен) туулушу, алгач казакты, анан кыргызды издеп келиши да муну ырастап тургандай. Шаабайдын вариантында кыргыз, Манас Алманбетти Сагымбайдагыдай зор күтүнүп тосуп албайт. Бул негизинен Чыйырдынын оң эмчегин берип тосуп алышы менен өзгөчөлөнөт. Буга караганда ушул варианттын биринчи манасчысы Алманбетти Манастын тосуп алуусуна күбө боло албаган да, укканы боюнча гана айтып келгендей.

Кабылан Манас айкөлүң

Ала байрак, кызыл туу

Эми колго алды эле. 95-б.

Сагымбайда кыргыздын кызыл туусу такай айтылат. Бирок ала байрак дегени байкалбайт. Кызыл туу кырк уруу Кыргыз журтунун туусу болсо, ала байрак Кыргыз ордонун кандык байрагы болгондой.

Кыбылага жүз коюп,

Аңгырап азан салды эми.

Төрт ирекет намазды,

Шашпай окуп алды эми. 107-б.

Бул Алмамбет экөө салбырынга чыкканда «Кара кезек кыргак, // Улаккандын Сыргактын» мусулмандык парзын аткаруусунан. Ушундай мусулмандык диний туруктуу ыр саптары Шаабайдын вариантында башкы каармандардын (Манас, Алмамбет) катышуусунда байма-бай кездешип турат. Ооба, бул вариантта исламдык негиз байкаларлык. Шаабайдын (Шапактын да) версиясын исламдык диний багытка жакын дастан деп атоого болот. Сагымбай манасчыда диний агит-үгүт дээрлик байкалбайт, эзелки (мазар, арбак, кырк чилтен), байыркы (эге, ак, бар), исламдык (алда таала, Жапар, кудай) рухий-диний ишенимдери болгону болгондой маалымат катары гана берилип турат. Балким, Шаабай жана Шапак таалим-тарбия алган ошол манасчылар

мектебинин башаты кыргызга ислам дини кадыресе сиңип калган мезгил (маселен, X к. аяк чени) менен замандаш келүүсү да мүмкүн эле. Бул, албетте, Сагымбайдын версиясынын башатында турган биринчи мектептен (болжолу X к. биринчи жарымы) кийинки доор экендиги күмөн туудурбас.

КТРКнын «Манастаануу» теле берүүсүндө (22.06.2014) «Манас кайсы уруудан» деген суроо коюлду. Биринчиден, бул суроонун актуалдуулугу жок. Тетирисинче, кан Манастын «Уруучул болбой кыргыз бол» идеологиясы ар тараптан сүрөөнгө алынуусу мезгилдин талабы. Экинчиден, эр Манастын уруусу ногой деп айтылды. Бул чындыкка жакындабайт. Ногой болгону Манастын чоң атасы гана (Сагымбай манасчы боюнча). Ошол экинчи атасынан ногой уруусунун келип чыгышы мүмкүн эмес (мындай жети ата (уруу) санжырасы бүгүнкү кыргызда да кездешпейт). Ооба, Саякбайда ошондой ыр саптары бар. Муну уруу эмес, ошол Ногой кандан тарагандар деп түшүнүү керек. Чындыгында Ногойдон мурун Көгөй, андан мурун Түбөй, Бабыр, Байгур, Аланча, Угуз, Каракан болуп жети атасынан ары айтылып кете берет. Ошондо Манастын түп атасы Каракан болууда. Кара кан, Огуз кан, Кыргыз кан - бул үчөө түрдүү булактарда орун алмашып келе берет. Манастын ата-бабасынын башаты мына ушул эпонимдер менен тыгыз байланышта каралуусу керек. Манастын уругу да, уруусу да, эли да, журту да бир гана кыргыз.

Казактардын жери деп,

Калың кыргыз эли дейм.

Бир Көкчөнүн элинде

Элим эсен барбы деп,

Буга дүрбү салды эми. 126-б.

Бул Манастын Тал-Чокудан дүрбү салышынан. Эпос боюнча казактар, Көкчөнүн эли кыргыздын, Манастын эли болгон. Демек, Шаабай манасчынын вариантында да казак эли кыргыздын бир эли болгондугу ырасталат. Албетте, бул ыр саптарынын миң жылдык тарыхы бардыгына күмөн кылууга болбос.

Кагылайын эр Мажик,

Ике кыйып койгун деп,

Ак башымды ийдим деп,

Сага эми тийдим деп. 138-б.

Бул Алмамбеттин энесинин сөзүнөн. Эпостун бул версиясы боюнча Алмамбет мусулман эр Мажик менен мусулман энесинин никесинен туулган мусулман баласы. Алмамбеттин кара кытай менен этникалык да, диний да жакындыгы болбоптур. Эр Мажик каткалаң уруусунан. Кыз Сайкалдын да

каткалаң экендигин эстеңиз. Бирок Сагымбайда бул уруу Кытай журту менен бирге жүргөндүгү маалым. Балким, каткалаңдардын байыркы башаты кыргызга жакын болуп жүрбөсүн?

Корккондунан Азизкан

Таятам эле Соорондук,

Ошондо Соорондук канга

бактырган. 145-б.

Бул Алмамбеттин сөзүнөн. Сагымбай манасчыда Соорондук Алмамбеттин өз атасы деп айтылат. Ал эми Азизкан аны тарбиялап өстүргөн (маселен, Манасты Ошпур тарбиялагандай) болот.

Анда Манас кеп айтты:

Бабаке, Бакай деп айтты,

Тээтиги Элемандын Төштүгү

Өз колун өзү башкарсын.

Текеченин Урмамбет

Кыйкырыгы таш жарсын,

Эштектердин Жамгырчы

А дагы өз колун өзү башкарсын…

Туу кармаган ким болсун?

Аскер башы ким болсун? 217-б.

Караңыз, Манас уруу кандарына өз уруу колдоруна өздөрү кол башчы болууга уруксат берген экен. Ушундай согуштук система өзүн актаса керек. Анткени кимдин кандай согушуп жаткандыгы ар бирине дайын болгон. Согуштан качкандык, суу жүрөктүк, саткындык көз жаздымда калган эмес да, уруулук аксакалдар жыйынында күнөөлүү катуу жазага кириптер болгондугу жашырын эмес. Эстеңиз, Гомердин «Илиадасында» да патриарх Нестордун кеңеши боюнча Агамемнон согушка уруулук система[64]менен кирүүгө буйрук берет. Ошону менен бирге Манас «туу кармаган ким болсун, аскер башы ким болсун» деп Бакай менен кеңешүүдө.

[64] Илиада (Гомер; Гнедич). Песнь десятая. [Электрондук ресурс]. URL: https://ru.wikisource.org/wiki/%D0%98%D0%BB%D0%B8%D0%B0%D0%B4%D0%B0_(%D0%93%D0%BE%D0%BC%D0%B5%D1%80;_%D0%93%D0%BD%D0%B5%D0%B4%D0%B8%D1%87)/%D0%9F%D0%B5%D1%81%D0%BD%D1%8C_%D0%B4%D0%B5%D1%81%D1%8F%D1%82%D0%B0%D1%8F (кайрылган күнү: 15.05.2020).

Азизкандын Алмамбет

Ала байрак, кызыл туу

Эми колго алганы.

Байрактын жайын сурасаң

Төрт бүктөлүп тигилген,

Бир байрактын өзүнөн,

Көрүнгөн байрак сүрдөткөн,

Алтын айлуу сүрөтү

Үч кошууга бир-бирден

Алтындан каптап жалаткан…

Аккуладай буудандын

Бу сүрөтүн салдырган…

Башы жагын карасаң

Кырк калпактуу кыргызды

Кыйла түрлөп салдырган. 249-б.

Ооба, мында ала байракка мүнөздөмө берилет. Бул байракта айдын, Аккуланын, кырк уруу кыргыздын кырк калпагы «кыйла түрлөп салдырылган» экен. Буга караганда ала байрак Манастын өзүнүн ордолук байрагы болгондой. Эми ошол ала байрак, кызыл тууну алып жүрүү ардактуу милдети Алмамбетке жүктөлгөн экен. Демек, мамлекеттик туунун орду, мааниси өтө зор болгондугу дайын болот.

Он эки тайпы кыргыздын

Колдогону көп болгон. 274-б.

Демек, Шаабайдын (Сагымбайдын, Саякбайдын да) варианты боюнча ошол кезде он эки уруу кыргыз калган экен. Бул, албетте, ушундай маалыматтын аныктыгын дагы бир ирет ырастамакчы.

Көкө теңир колдо деп,

Кытайынча балдырап,

Калмагынча калдырап… 276-б.

Бул жыйырма эки жаштагы кытай эрени Буудаңчаң жөнүндө. Караңыз, көкө теңир деп айтылыптыр.

Ушу турган Алооке

Түп атасын сурасаң:

Жабуу деген жалгыз кан

Так ошондон төрөлгөн…

Түп атасы Нуска деп,

Кыйла сөздү алышкан.

Кара манжу болот деп,

Жапас деген калың кан

Бүтүн ээлеп алышкан… 277-б.

Бул Алоокенин санжыра тарыхынан. Башкы атасы Жабуу экен. Калмактар ушул атты («жабуу, жабуу, жабуу» деп») айтып ураан чакырышканы маалым. Кийинки түп атасы Нуска болууда. Бирок бир кызыгы Жапас кан жөнүндө айтылат. Ной (Нух) пайгамбардын бир уулунун аты Иафет (Япет, Йафас)[65] болгондугу дайын. Анда кара манжунун Йафас менен этникалык байланыштыгы бар беле деген суроо туулушу да мүмкүн. Библияда, Абул-газиде, «Насаб-наамада» монгол, кытай этностору (түрк тилдүү элдердей эле) Иафастан (Иафеттен) тараган деп айтылат.

Анжиянда Сынчыбек,

Ары жагында Санчыбек,

Үлкөр тоонун бетинде,

Кара дайра четинде,

Кара калпак эли бар,

Кадимкидей чеги бар. 299-б.

Бул Тазбайматтын Бакайга айткан убада сөзүнөн. Мында Анжияндык Сынчыбек, анан Санчыбек экен. Сагымбайда окчо (окчу) уруусунун каны катары Санжыбек айтылат. Анда кара калпак уруусу ошо кезде Санжыбекке тиешелүү болуп, Фергана өрөөнүн жердеп келгендей.

Кушчу деген эл болот,

Буга кабар салбагын.

**Кутчулардын Кутчу бий,**

---

[65] Иафет. [Электрондук ресурс]. URL: https://tudoy-sudoy.od.ua/iafet/ (кайрылган күнү: 21.05.2020).

Кыйла тууган жан болот. 299-б.

Бул Бакайдын Үрбүнүн уулу Тазбайматка элге кабарга жөнөтөрдө айтканынан. Бул боюнча кушчу менен кутчу эки башка эл болгондой. «Кушчу деген эл» бир топ алыстай, ал эми «кутчулардын Кутчу бийи кыйла тууган жан» деп айтылат. Мындан чыкты кушчу менен кутчу этнонимдери эки башка этнонимдер болуп чыгабы?

Бирөөгө намыс бербеген

Жакып кан менен бу Багыш

Бир атанын баласы. 308-б.

Бул Манастын сөзүнөн. Шаабай боюнча Жакып менен жедигер Багыш бир атанын балдары болууда. Сагымбайда мындай маалымат байкалбайт. Жедигер Чегиш, (Багыш) деген уруу башчыларынын аттары гана айтылат. Буга караганда Шаабайдын вариантынын башатында жедигер уруусунун өкүлү турган беле деген суроо дагы бекемделет.

Бакубат, Дулат эки кан,

Кенен Чүйдү жайлаган… 308-б.

Бакубат деген эмнени түшүндүрмөк? Балким, туурасы Байкубат болуп, Кайкубат (перс шахы)[66], же Кубат (болгар каны Кубрат (VIII к.)[67]антропоними менен санжыралык жакындыгы бар болуп жүрбөсүн? Эпосто биринчи жолу Дулат[68]эпоними айтылууда. Сагымбайда да дулат деп аталат.

Алайдын тоосун жайлаган

Өзүң менен аталыш

Кушчу менен бир тууган

Караш бар, Манас.

Оболу кенен назың бар, Манас,

Өзөктөн чыккан өрт жаман,

Жаралуу гана Карач

---

[66] Гумилев Л. Н. Байыркы түрктөр. Бишкек, 1999. - 200-б.
[67] Кубрат. [Электрондук ресурс]. URL: https://ru.wikipedia.org/wiki/%D0%9A%D1%83%D0%B1%D1%80%D0%B0%D1%82 (кайрылган күнү: 05.04.2020).
[68] Дулаты. [Электрондук ресурс]. URL: https://ru.wikipedia.org/wiki/%D0%94%D1%83%D0%BB%D0%B0%D1%82%D1%8B (кайрылган күнү: 05.04.2020).

Касың бар, Манас!

Кушчубек кандын эли бар,

Куурап калган кушчунун

Кылбаган бизге неси бар, Манас. 309-б.

Бул текечи Урмамбеттин сөзүнөн. Мында Кушчу, Караш баштаган кушчу уруусунун Манаска карата мамилеси айтылат.

Масайылды жердеген

Эштектердин эр Үрбү

Элин байкап чалып өт… 339-б.

Кутчубектин бул Кушчу

Кыйынырак шер келет. 340-б.

Бул Манастын сөзүнөн. Мында Үрбү (кыпчак эмес) эштек болууда. Эпостун түрдүү варианттарында эштек, ногой, керей (кары, карыя)[69] уруулары бири-бирин алмаштырып келе берет. Ошондуктан кыпчак эр Үрбүнүн эми эштек болуп калышы таң калыштуу деле эмес. Эштектердин кыпчак этноними менен түпкү байланыштыгы бар болуусу мүмкүн. А, Кушчу эми Кутчубектин уулу болуп эки этноним бир болуп келүүдө. Буга караганда Кутчу улуу келип ошол кутчу деген уруулук аталыш туура окшойт. Кутчу Манаска лоялдуу келген экен.

## Семетей

### *Көктөйдүн ашы*

Кыбылан Манас айкөлүң,

Намысына чыдабай

Олуядай Бакайдан,

Ак сакалдуу Кошойдон,

Эми турду сөз сурап… 26-б.

Ээ, кагылайын айкөлай,

[69] Гиндин Л. А. Язык древнейшего населения юга Балканского полуострова. М.: Наука, 1967. - С. 77.

Он эки тайпы кыргыздын,

Бир киши чыкпай калганда,

Анда кыргыз не болот? 26-б.

Ошентип, Шаабайда «Көкөтөйдүн ашы» «Семетейде» айтылат. Бул варианттын биринчи манасчысынын Манаска кечирээк келип кошулганын ырастамак беле? Балким. (Болжолу, версиянын биринчи манасчысы бул «Манаска», тигил «Семетейге» тиешелүү деп тактап бөлбөсө керек эле). Ал «Манастагы» маалыматтарды уруу башчыларынан (кан, бек, бий), уруулук элчи-жарчылардан, Кыргыз ордодогу мамлекеттик кызматтагы уруулаштарынан жана уруусу менен кошо Манастын окуяларына өзү да түздөн-түз катышып жүрүп алган сыяктуу. Бул биринчи манасчы өзү ак таңдай төкмө болуп, бейпил турмуш экенде кан, бектердин делегациясында бир эмес бир нече ирет Кыргыз ордодо болуп келгендир. Эң негизгиси ал «Манастан» кийинки «Семетейдеги» «беш уруу кыргыздын» ичинде жүргөндөй. Ошон үчүн да буйдалбай «Көкөтөйдүн ашын» кошуп алып «Семетейге» өтүп кеткен кейпи. Ооба, «Семетейде» өзү баштан аяк катышкан, көптөгөн эпизоддоруна күбө болгон, биринчи маалыматтарга ээ болуп турган сыягы. Ошон үчүн да бул манасчынын «Семетейи» өзгөчөлөнүп турат.

Ал эми Сагымбайдын вариантына башат болуп берген биринчи версиянын таржымалы башкачараак. Кыргыз, Манас менен баштан аяк болуп, «Манасты» толук жеткирип берген биринчи манасчы (болжолу, Ырамандын Ырчы уулу) Манастын о дүйнөгө кетиши менен өз уруусунан (маселен, казак) калбай, көкүрөгү «манаска» жык толуп Кыргыз ордодон кеткендей. Ооба, Жакып эми Абыке, Көбөшү менен бийликти колго алып, кыргызды калчап жатса эмне кыла алмак, казагы менен Сары-Арка, Жылдызына кеткен го. Ошондуктан көкүрөгүндөгү анын «манасы» толук бүтүп, анын ичинде «Көкөтөйдүн ашы» да, «Чоң казат» да чыпчыргасы коробой камтылат. Бирок эми уруулаштары менен Жакыптын «беш уруу кыргызынан» сыртта калып «Семетейге» жетпей калгандай.

Эпос боюнча. Караңыз, Манас канчалык кан, эр, айкөл болбосун, арстан, шер, кабылан аталбасын, мына мен айтам деп салтты бузбастан, кезегинде «олуядай Бакайдан, ак сакалдуу Кошойдон» сөз айтууга уруксат сураган экен. Ооба, көчмөндүк жашоо образынын өзүнүн эчен кылымдык жазылбаган каада-салты болуп, аны кары-жашы дебей, кан-бийи дебей баары текши сактап келген экен. «Карынын кебин капка сал», «… кары келсе ашка», «ата-бабалардын арбагы колдосун», «аксакал» өңдүү салттык түшүнүктөр Манаста болуп, элдик эреже-жобонун чегинен чыкпагандай. Эгерде кандык өкүмүнө салып ээ-жаа бербей өзүм билемдикке өтүп алса эмне болмок? Журт башынын (ордо канынын) эзелки элдик жүрүм-турумдук салттын чегинен чыгып кеткенине көзү жеткен уруу башчысы (каны, бийи) жыйындан шек алдырбай чыгып, бир нече түмөндүк колун алып, акырын (балким, түнү менен) отуругун

(жайлоосун), же согуш талаасын таштап кете алган. Ооба, көчмөндүк согуштук демократиянын жазылбаган мыйзамы ушундай болгон. Эстеңиз, кийинки эле Жаныбек хан (XV к.)[70] (муну XIV к. Токтогул ырчынын Жаныбек ханы менен чаташтырбоо керек) айтылуу ырчы Асан Кайгыга «тилин тыйсын, көзүмө көрүнбөсүн» дегенден башка зордукка бара алган эмес, анткени даанышман ырчынын артында уюткулуу уруусу (беги, бийлери) турган. Зордукка салса, эртеси бул урууну таппай калуусу турган кеп эле. Бир чети шейбанид Абу-л Хайр-хандан (XV к.) запкы жеген Жаныбек хан өзү да ошондойду башынан өткөрүп, Чүй боорун жакалап көчүп конгону маалым[71].

Шаабайдын вариантында да он эки тайпы кыргыз деп айтылат Сагымбайда Алтайда жүргөндө он эки уруу, ал эми «жети кандын чатагында» тогуз уруу калган болот. Шаабайда баштан аяк «он эки тайпы кыргыз» аталат. Демек, Манастын доорунда эзелки кырк уруу Кыргыз журту жукарып, өз алдынча эгемендүү мамлекеттерге ажырап отуруп он эки уруу гана калган экен. Эми бир саамга Манаска чейинки (маселен, Каракан, Угуз хан, Аланча хан, Байгур хандын тушундагы) кырк уруу Кыргыз журтун элестетип көрүңүз. Манастын мезгилинде Борбордук Азия түгөл кыргыздын геосасий кызыкчылыгынын алкагында болуп келсе, ага чейинки толук кандуу кырк уруу Кыргыз журтунун чеги кандай болгон эле деген суроо туулушу толук мүмкүн. Анда кеп Борбордук Азия региону жөнүндө гана эмес, Ыраакы Чыгыш, Кара деңиздин жака бели, Чыгыш Европа мейкиндиги тууралуу жүрмөк беле?

***Манас менен Коңурбайдын сайышы***

Ошол кезде эр Кошой

Бата берди баркырап,

Олуя Бакай баш болуп

Калың кыргыз жар болуп,

Кыбылага жүз коюп,

Кудуретке жалынып…

Алакан жайып дуба окуп,

[70] Жанибек-хан (1474-1484). [Электрондук ресурс]. URL: https://ru.wikipedia.org/wiki/%D0%96%D0%B0%D0%BD%D0%B8%D0%B1%D0%B5%D0%BA-%D1%85%D0%B0%D0%BD_(1474%E2%80%941480) (кайрылган күнү: 06.04.2020).

[71] Жанибек хан. [Электрондук ресурс]. URL: https://e-history.kz/ru/prominent-figures/show/12638/ (кайрылган күнү: 06.04.2020).

А кудайга зар айтып…

Ак бата тартып турду эми. 28-б.

Демек, башкы батаны кан Кошой берген экен. Ал кыргыздын катаган уруусунун каны, жашы боюнча баарынан улуу келип, көптү көргөн калыс карыя, кыргыз үчүн күйгөн жан болгон. Мындай сапаттар бардык эле кыргыздын уруу кандарында боло бербеген. Ушундай касиет-сапатка нойгут каны Акбалта, кан Көкөтөй, анан, албетте, Бакай ээ болгондугу маалым. Маселен, казак каны Айдаркан (Көкчө), кыпчак каны эр Төштүк, ногой (эштек) каны Жамгырчы, калча каны Музбурчак, окчо каны Санжыбек бир аз аралыкты сактап турушкан. Бакай Манастан беш-алты жашка гана улуу келген, ошондуктан патриарх Кошойдон жол талашпагандыгы өзүнөн-өзү түшүнүктүү.

Тили буруу манжунун

Башын кесип саларда,

Аярлары жанында,

Жайсаңдары кашында…

Арам өлгөн Алгара

Коңурдун белин тиштеп,

Кутулткан оо, журтум. 29-б.

Ооба, эгерде Алгара эстүүлүк кылып «тили буруу манжы» Коңурбайды сактап кетпегенде Көкөтөйдүн ашында эле кытай жак экинчи кыргызга келбес болуп тарамак экен. Бул вариант боюнча эр Манас Коңурбайдын башын кесип алмак болуптур. Эгерде бул ишке ашканда чоң казат да болбой, кыргыздын кийинки эпикалык тарыхынын өнүгүүсү башка нукта кетмек экен. Муну Шаабайдын биринчи манасчысы да чоң өкүнүү («кутулткан оо, журтум») менен айтыптыр. Бирок Шапакта Манас менен Коңурбайдын сайышы кенен баяндалып, кудум Шапактын биринчи манасчысы өзү күбө болгондой элес калтырат. Кыязы, Шапактын манасчысы Шаабайдыкына караганда эр сайыштын жанында болуп, аралашып эле жүргөндөй.

***Кошой менен Жолойдун күрөшү***

Эр Шортектин чоң Жолой

Толуп турган кези экен,

Отуз-кырктын ортосу

Болуп турган кези экен…

Ошо кезде Кошойдун

Токсондогу кез эле. 34-б.

Жараткан алла, Жолойду

Курмандыкка чалдым деп…

Үзүктөй болгон Жолойдун

Өзөгүн үзө салды эми… 35-б.

Бул боюнча Кошой менен Жолойдун ортосунда элүү жылдай айырма болуптур. Эми токсонго барып күрөшкө түшөт деген өзү эмне? Ооба, аны бүгүнкү күндө элестетүүгө эч мүмкүн эмес. А, кан Кошой эч ким жолобогон «дан жыттанган, кан жыттанган» Жолойго түшүп, аны уруп жыккандыгы анын өтө күч-кубаттуу алп инсан болгондугунан кабар бермек. Эстеңиз, Жолойго Алмамбет да, Көкчө да, Үрбү да, Чубак да түшпөй тайсалдашат. Эр Төштүк менен жаш Акбай гана макул дейт. Эпостун ушул эпизоду бардык эле варианттарда дээрлик окшош келгендиктен буга биринчи манасчылар өздөрү күбө болгондой пикир калтырат. Туура, башкага барышпаса да ырчы таланттар, акындар ошол Көкөтөйдүн ашына сөзсүз келишмек. Жөн гана эмес, кайсыдыр бир уруунун (кан, бек, бийдин) атактуу (көрүнүктүү, белгилүү) төкмөсү катары. Айырмасы оюн-зоокту кээ бири жакын жерден, башка бири ортолуктан, дагы бири ыраактан байкап отургандыр. (Ашта бир нече жүз миң эл, кол катышканын эске алыңыз). Ошого жараша бул балбан күрөштүн сюжети, композициясы да түрдүүчө кетип, түрдүү варианттардын келип чыгышына өбөлгө түзгөндөй. Белгилеп кетчү нерсе, «Кошой менен Жолойдун күрөшү» Сагымбай менен Шапактын варианттарында бир топ кенен сүрөттөлгөн.

***Коңурбай баш болуп кыргыздардын байгесин талашканы***

Ак бата берип кол жайып,

Деп ошентип эр Кошой

Кыбылага жүз коюп,

Кызыр колдо кудай деп,

Атадан туулсун артык деп,

Ар кылганы жатык деп,

Алтын баштуу эр болсун,

Ааламды билер шер болсун.

Деп ошентип кабылан шер

Аркырап эле бата берди эми. 37-б.

Мында Кошой Каныкейге батасын берет. Бирок эпосто «алтын баштуу эрдин, ааламды билер шердин» аты Семетей болсун деп айтылбайт. Балким, бул версиянын манасчысы эпизоддон алыс туруп калып эр Кошойдун сөзүн укпай калгандыр, же ошондо кийин манасчы болом деп оюна да келбей, көп маани да бербей, оо (он, он беш-жыйырма жыл, чейрек кылым) кийин көп урунттуу жерлери эс-тутумунан чыгып да кеткендир. Ошону менен бирге анын «кыбылага жүз коюп, кызыр колдо кудай деп» бата бергени так айтылат.

## *Ч. Валиханов жазып алган варианттагы «Көкөтөйдүн ашы»*[72]

Сары Ногой баласы

Жайма көкүл жаш Айдар, чором,

Мааникерди мине көр, чором.

Калың бир кара көп ногой, чором,

Башынан элдин кире көр, чором.

Үйсүндөрдүн Үмөткө,

Үмөт уулу Жайсаңга айт…

Байдын уулу Баймырза,

Көкөтөй жаман болду деп,

**Бар ногойго, карыга айт. 10-б.**

Мен жүз токсон тогуз жашадым

Жаак сөөгүм бошоду, журтум…

Кыбылага баштатып… 11-б.

Бул кан Көкөтөйдүн өлүм алдында Баймырзага айтканынан. Бул боюнча “Жайма көкүл жаш Айдардын” “Сары Ногой баласы” экендиги дайын болот.

[72] Манас. Көкөтөйдүн ашы. Ч. Валихановдун көлдүк манасчыдан жазып алган варианты. Бишкек: Ала-Тоо, 1994.

“Бар ногойго, карыга айт” дегенинде ногой этносу менен кошо кары, б.а. айтылуу керей этносу тууралуу кеп болуп жаткандай. Башка варианттарда карыя деп да айтылат. Эгерде бул ырас болгон ченде, тарыхый булактарда байма-бай кезиккен керей (кереит) этникалык бирдиги кырк уруу кыргыздын бир уруусу болуп чыгат. “Кыбылага баштатып” дегенине караганда Көкөтөй мусулмандыкка кадыресе өтүп калган экен. Белгилеп кетчү нерсе, кеп Көкөтөйдүн сөөгүн коюуга чакырылган эпоним (Үмөт, Жайсаң, Баймырза), этнонимдер (ногой, кары) тууралуу болуп жатат.

Оо, Байдын уулу Баймырза, батыр…

Кулаалы салып куш кылдым, батыр,

Курама жыйып журт кылдым, батыр...

**Оо, менин кырк ашымды берерде, батыр,**

Оо, кытайлардын кыр мурундуу

**Коңурбай батыр**

Коңурбай аты Үңүрбай, батыр,

Эми ошого бара көр, батыр.

О-ошо менин кыркымдан,

Ошондо бир кутулуп кала көр, батыр.

Мында эми “кырк ашымы берерде” 12-б.

деп, кара кытай Коңурбайды кыркыма чакыр деп айтат. Буга караганда бөтөн (каспы, доспу) элдер да, эл катары чакырылган салт болгон экен. Бир өзгөчөлүгү, сөөк чыгарууда эмес, кырк ашына чакырылыптыр. Буларды кыргыз Байдын уулу Баймырзага тапшырган экен.

Оо, Байдын уулу Баймырза, батыр,

**О-о, менин улуу ашымды берерде, батыр,**

Мына Анжиянга тобунган,

Чийки нанга семирген, батыр.

Анжияндын тоң алмасын кемирген,

Он экисинде ок аткан,

Он үчүнө жеткенде,

Ордо бузуп, үй чапкан

Мына, Жакыптын уулу жаш Манас,

Жаңы оозданган эр Манас… 13-б.

Карызымдан бир кутулуп кала көр.

**Ошондо мусулман менен каапырды**

Баарын бирдей жыя көр. 14-б.

Жана Анжиянда семирген, аке…

Самарканда сарт Манас…

Көп ногой журтту көчүрүп,

Жаккан отун өчүрүп ... 16-б.

Кеп эми Манас жөнүндө болууда. Бирок сөөк коюуга да, кыркына да эмес, "улуу ашын берерде" чакыр деп Баймырзага табыштаптыр. Айырмасы барбы? Бардай. Демек, кыргызда тажиясы да, кыркы да салт менен өткөн, бирок улуу ашы салтанат менен коштолуп, көп адам ("мусулман менен каапырды") чакырылып өткөрүлүп келген сыягы. Ошого эми Манасты айткыла дептир. Сагымбайдагыдай эле "Жакыптын уулу жаш Манастын" Анжиянда, (Бокмурундун айтымында) Самарканда экендиги, ногой журту менен байланыштыгы кеп болот.

Каапырдын каны эр Жолой

Эр Жолойго барамын.

Жанаша келип кономун,

Жан туугандай боломун…17-б.

Алтай толгон көп калмак

Аралаша кономун.

Каңгай толгон көп калмак

Биргелеше кономун…

Кыл-Эртишти жакалап

Күндөп-түндөп көчөмүн…

Түпкү ханга киремин,

**Ошондон Көкөтөй ашын беремин. 18-б.**

Калы килем салды дейт,

Көкөтөйдүн ордуна

Болук туулган Бокмурун

Көмкөрө калың көп ногой

**Хан көтөрүп алды дейт… 19-б.**

Бул жети жашар Бокмурундун Баймырзага айткан сөзүнөн. Ыр саптары бир беткей пикир калтырбоосу бышык. Наристе бала калмак Жолой менен туугандашам, алтайлыкпы, каңгайлыкпы калмактын баары менен жанаша коном, Эртишти жакалап, кайдагы Түп Бээжиндин ханына да киремин дептир. Анан атасынын ашын берет имиш. Ырас эле бул бокмурун балакайдын сөзүн манасчы да кызылдай шакабага алган экен.

Эл агасы эр Кошой,

Тон жакасы эр Кошой…

Кече

Кожонун Жаңгир уулу Билерик,

Каапырдын ханы Нескара,

Кармап чалма салганда,

Мусулман киши чыкпай калганда,

Эл агасы эр Кошой

Эрдиги менен коркутуп,

**Бошотуп чыккан эр Кошой.**

Ошол эр Кошойго барып айт. 23-б.

Эми ашка элди ногойго хан көтөрүлгөн Бокмурун чакырып жатат. Мында манасчы “эл агасы эр Кошойду” бир топ эле даңазалап сүрөттөптүр. Башка варианттарда баса айтылган Билериктин окуясы мында да айтылып, “тон жакасы эр Кошойдун” кыргыздагы орду такталыптыр.

Актан Таздын баласы,

Аты Мөңкө төрөсү,

Эр Үрбүгө барып айт, чором…24-б.

Камбар, Камбар, Камбар хан,

Камбар кандан Айдар хан,

Айдар хандын баласы

Айлангыс туулган эр Көкчө

Эр Көкчөгө барып айт. 25-б.

Агыш менен Кожошко айт,

Алике менен Боокекке айт,

Бегиш менен Чегишке айт…

**Сайкал менен Болотко айт…**

Чоюн алпка айта көр…

Дүмүр алпка айта көр…

Баары бирдей келбесе,

Айчыгы алтын кызыл туу,

Ордосунда көрсүн. 25-б.

Акбай, Мамбет, Көккоён,

Аккоёндой күлүк ат

Албан күлүк мал эле… 27-б.

Бокмурун эр Үрбүнү, эр Көкчөнү санжырасын эскертип, эрдигин баса белгилеп чакыртыптыр. Ашка чакырылган ошол Агыш, Кожош, жедигер Чегиш, анан Акбай, Мамбет, Көккоён (Султандан башка) алты бек Сагымбайдын вариантында Төштүктүн жикчил жыйынына катышып, бирок Кошойдун сөзүнөн кийин кутумга макул эмес болуп кайра кайтышат. Бул чакан үзүндү белгисиз манасчынын вариантында аталганына караганда аталган алты бек кыргыздын таасирдүү фратрийдик уруу башчыларынан болушкандай.

Жети-Сууга жердеген,

**Жедигердин эр Багыш**

Ойротту бузар эр деген…

Тоокара минген эр Карач,

Тоокара күлүк аты бар…

Теңирсиген Жанаала

Жанаалыга айта бар…

Тогуз уулдун кенжеси

Кудайдын раймы тийген эр Төштүк,

Чалкуйруктун малдары

Албан күлүк ат эле

Алып келип чапсын де. 26-б.

Эр Карач дегени башка варианттардагы Манаска Аккуланы берген нойгут Карача хан го. “Кудайдын раймы тийген” Эр Төштүк Чалкуйруктан чыккан күлүктөрүн апкелип чапсын дептир.

Бөйөн, Бөйөн, Бөйөн хан

Бөйөн хандан Чаян хан,

Чаян хандан Кара хан,

Кара хандан Жакып хан,

Жакып хан уулу Манас хан…

Он бешине жеткенде

Орчун журтка баш болгон

**Ошо Манаска барып айт. 27-б.**

Белгисиз манасчынын айтымындагы Манастын санжырасы Саякбай менен Шаабайдыкына жакындап кетет. Балким, бул үчөөнүн вариантынын башатында бир залкар манасчы тургандыр.

Өзү кудай жолунда,

Улуу жолдун боюнда,

Күндүн баткан жеринде,

Алтын сакал Айгожом,

Ошол Айгожомо барып айт. 28-б.

Бокмурундун “күндүн баткан жериндеги алтын сакал Айгожосу”, кыязы, Алдыңкы Азиядагы “улуу жолдун боюнда” турган болсо керек. Жайма көкүл жаш Айдар аттын оозун ошол күн батышка буруп, кабар жеткирип кайткан экен. Эми маселе жаш Айдарбы, же башкабы, негизгиси, эпостун бир катар версияларында айтылгандай, ушундай эл аралык байланыш каттамы иштеп турган экен. Кийинки чынгизиддер мезгилиндеги пайцзы атыккан тез почта системасы ошондо эле иштеп келген кыязы.

Эл агасы эр Кошой:

Эл карысы Көкөтөй,

Журт карысы Көкөтөй

Жүз токсонду жашаган.

Шонон кийинки карт мен элем. 31-б.

Бул вариантта бир нече ирет жүз токсонду жашап өткөндүгү айтылган Көкөтөй хандан кийинки эле карт Кошой болуптур. Ошентип, эски гвардиядан Кошой гана айтылат экен. Жакып, Айдаркан, Таз, Эштек, Акбалта, Ошпур, Бердике жөнүндө кеп жок. Демек, бир муун өткөн экен.

Эр Манастай баатырың

Алтындан танап, ак чатыр

Асмандата тигиптир…

Ала байрак куу найза,

Жоодураган кырк чоро

Он эки таман ордо атып,

Оюн күлкү салыптыр дейт… 32-б.

Бул Манастын ордосу. Асмандата тигилген ак чатырдын жанында куу найзага Манастын кандык ала байрагы желбиреп туруптур. Варианттарда көбүнчө ала байрак, кызыл туу деп айтылат. Мында ала байрак Манастын кандык ордо туусу болсо, кызыл туу Кыргыз журтунун элдик-мамлекеттик туусу экендиги ырас.

Ошондо туруп эр Манас:

Кырк чором башы Кыргынчал…

Жан жолдошум Жаныбек,

Тең жолдошум Тыныбек.

Камбардан калган Канчором,

Мажиктен калган Күлчором.

Ойдо Серек от башым,

Тоодо Сыргак топ башым.

Нурдун уулу Жаанбай,

Ширин сөздүү Ажыбай.

Соорондуктун көгала сакал Алмамбет

чором,

Сасык ооз Самамбет, чором,

Кутунайдын уулу Кууж игит,

Кубулжуган шум жигит.

Эң кичүүсү Тазбаймат

Жан казанга эт кайнат…

Астындагы Мааникер

Атты сойдуруп салгыла.

Бу кулдун башын койдой кескиле,

Канын суудай чачкыла.

Бөрк ал десе баш кескен,

Жоодураган кырк чоро

Чылбырдан кармап алыптыр,

Аттан оодарып салыптыр дейт. 33-б.

Ордодо эр Манастын кырк чоросу түгөл экен. Алмамбет, Ажыбай, Сыргак, Серек, Кыргылчал, Тазбаймат аталыптыр. Күлчоро менен Канчоро да жүрөт. Бирок алар Камбар жана Мажиктен калгандар деп айтылат. «Семетейдеги» башкы каармандар эмес го. Жаш Айдар кабарга айтылуу Мааникер менен баргандыгы ырасталат.

Эр Манастын ошондо

Айтып турган кеби ошол:

Жайма көкүл жаш Айдар кул ай,

Бокмурун билер кебимди,

Көктөйдүн ушул эле ашын

Сасык айран, көк курут,

Байдын уулу Баймырза билер

сөзүмдү. 35-б.

Андан кийин эр Манас:

Ала байрак куу найза

Жоодураган кырк чором

Баарың окшош болгула,

Кырк кара боз мингиле,

Кырк кара көк кийгиле…

Тезден атка мингиле. 37-б.

Демек, Манастын кырк чоросунун ордолук бирдей өң-түс кийим формасы болгон. Кээде (маселен, Шапакта) өңчөй кызыл кийинишсе, мында кара көк түстү кийишкен. Ушул кара көк деген түшүнүк Жусуп Мамайда Манастын энчилүү аты, же эпонимдик аты катарыбы келерин айтканбыз. Минген аттарынын өң-түсү да бирдей тандалыптыр. Мындан чыкты байыркы кыргызда мамлекеттик структуралардын бүгүнкүдөй эле уставдык формасы болуп, кайсы учурда кайсы форманы кийүү жагы каралган.

Манас айтат:

Оо, эл агасы эр Кошой,

Аккуланын үстүндө

Ак Дөө келсе аңтарам,

Көк Дөө келсе көмкөрөм…

Мен жөөгө турбас ит элем,

Мен жолобоймун Жолойго

Эми байгени алсаң менден ал дейт… 50-б.

Төштүк айтат:

Мен эми жолобоймун Жолойго

Байгени алсаң эми менден ал. 51-б.

Ошондо Айдаркан баласы эр Көкчө

Келип эле Кошойго айтты дейт:

Каапырдын ханы эр Жолой

Аландан сени албайбы батыр,

Багалекке колун салбайбы батыр,

Ошондо как айрылып калабайбы, Кошой,

Ошондо абройуң ачылып эле калбайбы,

Эми Манастын бутундагы кең шымды,

Кошой, алып эле кийсеңчи дейт.

Андан кийин Манас батырың,

Шымды силкип эле таштады дейт. 54-б.

Кошой силкип кийген дейт,

Куп жарашып калган дейт. 55-б.

Ошондо Жолойго Кошой айтат:

Атаңдын көрү ит бүрүк кул ай

Сен күчүңө салсаң,

Мен кудайга салайын дейт. 55-б.

Күнү-түнү кырк беш күндөй болду дейт. 56-б.

Ошондо Жолоюң чалкасынан түштү дейт,

Жыгылып эле калды дейт.

Эми Кошой көөдөнүнө минди дейт,

Үстүнө токтолбостон

Чарк жүрүп кетти дейт. 57-б.

Эми эр сайыштырмак болгон дейт,

Каапырдын ханы Жамгырчы

Эми атка минген дейт…

Артыман чыкса мусулман

Сайып өзүм алармын.

Мусулмандан чыкпаса,

Көп айлантпастан токсон жорго

Айдап эле алармын дейт. 59-б.

Андан кийин Манастын

Оозунан түтүн буркурап…

Дагы айланып келип каапырды

Жүрөк башынан койгон дейт.

Эми ошондо тоодой болгон Жамгырчы

Тоңкоюп жатып калган дейт… 60-б.

Каапырдын ханы Жамгырчы

Бөтөнчө тартуу жедим деп,

Бир компоюп калды дейт. 61-б.

Ошондо Бокмурун жеңилген Жамгырчыга тогуз жорго тартуу берген экен. Андан кийин жети бектин бири Агыш менен Коңурбай күрөшүп Агыш жеңет.

Каапырдын ханы Жолойдун

Ачбуудан келет алкынып.

Анын артынан

Эр Үрбүнүн кыйды карасы келет,

Анын арткы жагынан

Жамгырчынын алтын баштуу Акчаргылы

келет.

Андан кийин эр Төштүктүн

Чалкуйругу келет…

Мааникердей күлүк ат

Колтук булкуп, кол чулкуп,

Жайма көкүл Жаш Айдар

Оозун бербей тартып келет. 67-б.

Шондо Манастайын батырың

Эми акырындан бакырды.

Жакып, Жакып, Жакып деп,

Жакыптап ураан чакырды. 68-б.

Ажыбайдын айтымына караганда Аккула бир күн эрте жетип келген, бирок Жолой «байгени тартып эле алган» экен. Манас Жолойго жетип, «жаак айрыткан» Жолой айтарын айтып («Жети сан колдор жыярмын, // Ошондо

Манас сага кылармын» (74-б.)) деп «калмактар жүрө бериптир». Ошондо эр Манас бозала болгон бою менен туруп калыптыр.

Эр Манастай баатырың,

Кайта салып барган дейт.

Шондо Кошой колун сурады,

Кошой колун бербейт дейт.

Дагы Төштүк колун сурасы,

Төштүк колун бербейт дейт.

Дүйүм алптын баарынан

Баш-башынан сурады,

Баары бербей жубатты. 75-б.

Анан Манас Көкчө досуна барат. Ал да кийинкисинен кооптонуп колун да, Көгала атын да бербей коёт. Бирок «Каалasaң Акеркечти алып кет, Манас, // Умсунай сулууну алып кет, Манас, // Каалаcaң Үмөтөйдү алып кет, Манас // деп Көкчө айтты дейт» (76-б.). Ошондо Манас кырк чоросу менен чыгып, «Жыйырмаң үйгө бара көр… // Жыйырмаң мында кала көр» деп калмактын жылкысына тийип, «жаз болгончо жортомун», «кыш болгончо жортомун» деп жер ортосу Боз-Төбөгө жатып алган дейт. Караңыз, ушул эпизод Шапактын вариантындагы Манастын абалы менен окшошуп кетет. Бул учурда да Манас кырк чоросун башкарып, чоң аскерди уруу башчылар жыйынынын (же курултайдын) чечими менен жетектеп келгендей.

Каапырды көздөй жорткула,

Ошондо жүрүп эле берди дейт,

Күнү-түнү эр Манас,

Аттан кошту түшүрбөйт.

Сегизинчи күн болду,

Макыядай Тал-Чоку,

Талтайып эле берген дейт.

Эр Манас өз-өзүнөн кудайга

Наалыш айтып барат дейт.

Айланайын атыңдан, ээм,

Мен көргөндө көрдүңбү, ээм?

Эми менин билгенимди билдиңби, ээм? 79-б.

Ошентип, Манастын чоролору менен кытай, калмактын колу дагы беттешип калат. Манастын буйругу менен Алманбет Коңурбайды көздөй учуп жөнөйт. Аны көрүп калган Жолой Алманбеттин артынан кууп калат. Муну байкап турган Манас эми Жолойду качырып кирип найза менен сайып өтөт. Ачбуудан Манаска карматпай асманга чыгып кетет. Ыр саптарындагы ээм дегени эзелки эге ишеними экендигинен күмөн жоктой.

Ошондо эр Жолойду дырдай жылаңач

кылды дейт.

Эми умасынан отургузуп койду дейт.

Кол аяктан ат көтөрбөс темир себилди

Сууруп эле алган дейт…84-б.

Ошондо эр Манас…

Ак болот менен эр Жолойдун

Башын кесип алган дейт…

Булбулдан Кең-Токойдон

Уйкуймулчак Сарала,

Жүз төөнүн отунун

Теңдеп эле келген дейт.

Тоодой кылып жакты дейт,

Ошондо Жолойдун

устуканын опат кылды дейт,

Сөөгүн сөпөт кылды дейт. 84-б.

Мында эр Манас “эр Жолойдун башын кесип алган дейт”. Шапакта Жолойду Алмамбет ыргыта сайып, Сыргак башын кылычтап кесип кетет. Эки варианттагы окуя тең Көкөтөйдүн ашына удаалаш өтүптүр. Негедир Манас Жолойдун сөөгүн өрттөткөн экен. Калмакта тээ байыркы өлүктү өрттөө салты сакталып калган беле? Эгер ушу туура болгон ченде Жолойдун сөөгүн өрттөө менен Манастын ага (эр Жолойго) кылган акыркы кандык ишараты катары кабыл алууга болмок.

Андан кийин эр Манас…

Коңурбайды айбалта менен чапты дейт,

Ошондо Коңурбай тоңкоюп жатып

калды дейт…

Эми Манастайын баатырың

Кырк чорого келди дейт. 87-б.

Эпикалык саптар боюнча Коңурбайдын өлгөнү же аман калганы белгисиз калат.

Кара чоктуу калмактын

Анын журтун бир алды.

Кызыл чоктуу кытайдын

Анын журтун бир алды.

Казакка жылкы койбоду,

Калмакка тынчтык бербеди…

Алтымыш асый, кырк кундуз

Алым жеген Кашкардан. 88-б.

Сексен байтал, жүз кундуз,

Зекет жеген Кокондон.

Кокондукту кор кылган

Эр Манастай баатырың

Өзүбегиңди түзөткөн. 89-б.

Нескара ошол "Кызыл чоктуу Нескара" деп эпостун варианттарында көп аталары маалым. Кара чоктуу калмакка Жолой кирсе керек эле. Оштентип, Ч. Валихановдун көлдүк манасчысынын вариантында Манас Жолойду, Коңурбайды өзү тындым кылган экен.

## *Семетейдин окуялары*

**Шаабай:**

***Семетейдин төрөлүшү***

Ошондо баатырдын балбан

баласына

Асмандап бир үн угулуп, журтум,

Аты Семетей болсун деп, журтум,

Адам эй, көзгө бир нерсе көрүнбөй,

Жүрөккө эле салып турду го,

журтум… 45-б.

Кызыр даарып кырк чилтен

Жандай кылып жабылып. 46-б.

Мындай көрүнүш Сагымбайдын вариантында байкалбайт. Мында балага Семетей деген ат коюлсун деп асмандан аян берилет экен. Кызыр даарыган (Сагымбайда «Кызыр Илйас») кырк чилтен да пайда боло калыптыр.

***Жакып, Абыке, Көбөш алты арамдын кан ордону талаганы***

Акылынан кем Жакып

Кыйла сөздү салды эми.

Абыке, Көбөш түгөткө

Агасы өлсө иниси

Жеңеге нике кыйылчу…

Кара калган катынды

Кайнилери алуучу… 49-б.

Мында да Жакып тууралуу биринчи манасчынын пикири терс («Акылынан кем Жакып») болгон экен. Демек, эпос боюнча «агасы өлсө иниси жеңеге нике кыйылчу» идеяны Жакып өзү айткан болууда. Ооба, «Кара калган катынды кайнилери алуучу» салт көчмөн кыргызда болуп келгендиги ырас. Бирок Жакып неге шашты экен? Манастын кыркы өтө элек, Чыйырды, Каныкейдин көз жашы кургай элек кез. Элдин «Манасың кургур өлбөй кал»

деп сыздап жаткан чагы. Ооба, Манас кырк уруу кыргызга отуз жылдай кандык кылган экен. Бул аз эмес убакыт. Бул учурда бир муун өтөт. Айкөлдү угуп, көрүп, баатырдык жоруктарына күбө болуп өскөн жаштар үчүн эр Манастын дүйнөдөн өтүшү зор трагедия катары кабыл алынган. Эми минтип эл өзүнө келе албай жатканда Жакып кан аталык бийлигин салып, Чыйырды, Каныкейди Семетейи менен кошо көзүн тазалап коё жаздайт.

Неликтен Жакып шашты эле? Көрсө кеп башкада экен. Жаңы кан шайлана элек. Ага чейин кандык кыргыздын бир өкүлү кандык кылып туруга укугу болгондой. Бул - Жакып, же анын Абыке, Көбөшүнүн бирөөсү. Дагы бир маселе, бул экөөнүн кимиси кан Манастын жубайы Каныкейге, б.а. мамлекеттин канышасына «нике кыйдырса» ал кеп-сөз жок кандык тактыга отуруп калмак. Буга саясий элита да, уруу кан, бектери да, караламан калк да макул (легитимдүү) болуп калчудай. Бирок мындай сценарий Бакай, Каныкей, Чыйырдынын планында жок экен. Бул үчөө кандай болбосун Семетейди – Манастын так мураскерин сактап калуунун аракетинде болушуптур. Ооба, Семетейдин жок болушу менен Манастын кандык мурасы да, Бакай менен Каныкейдин (саясий) өмүрү да бүтмөк. Эстеңиз, Манас өлүм алдында Каныкейге баланы алып Букарга кайын журтуна кетишин, башка чара жок экендигин табыштаган. Кан Манастын эң ишенимдүү адамдары Каныкей менен Бакайдын бекем саясий эрки, чечкиндүү иш аракеттеринен улам канзаада Семетей аман калып, Букардагы тага журтунда таалим-тарбия алып, эр жетет.

Бети түктүү жер урсун!

Түбү түпсүз көк урсун!

Алла, илла ак урсун!

Алла таала кудурет,

Алтымыш эки пайгамбар

Айланып келип мени урсун!

Белге түйгөн ант кылам,

Алла алдында ант кылам! 159-б.

Бул Семетейдин кырк балага айтып жатканынан. Караңыз, бала Семетейдин оозунда буга чейинки бир катар кудайлардын аттары аталыптыр. Ооба, эзелки тарыхка чейинки Жер менен Көк жүрөт. Байыркы евразиялык пантеондогу алла, илла, алла таала айтылыптыр. (Булар чындыгында бир кудайдын түрдүүчө аталышы. Сагымбайда «алда таала» деп айтылат. Жакып гана «илая» деген жери бар). Мында Сагымбайдагы кырк чилтендин

(Жакыптын, жети кандын да) ак[73]кудайы жүрөт. А, «алтымыш эки пайгамбар» кимдер эле? Ооба, ал библиялык (Ветхий завет, Новый завет, мусулмандык) пайгамбарлардын бүт баары менен ант кылыптыр. Эми ушунча пайгамбар жөнүндө качан, каерде, кимден билип алган эле? Букардагы олуя, ыйык-шайык, медресе, китептерден экендиги ырас. Эпосто ошентип айтылат. Семетей эр Ажыбай, эр Алмамбет, эр Сыргак, Ырчы уул, эр Тазбаймат, жаш Айдардан кем калбаган илим-билимге ээ, жетимиш түрдүү тил билген полиглот, эрудит инсан болуп жетилет. Бирок бир кызык жери ошондой исламдын чордонунда жүрүп Мухаммед пайгамбардан башка, ага чейинки 61 пайгамбар жөнүндө маалымат алган болууда.

### *Семетейдин Сары Тазга жолукканы*

Ошо кезде Сары Таз,

Эми кебин салды эми…

Менин жайым сурасаң,

Түбөй кандан бөлүнөт…

Караган менен Түбөйкан

Бир атанын баласы.

Жети атага жетпейбиз…

Түп атага келгенде

Бөйөндүдөн бөлүнөт,

Муну жалпы эл билет.

Аркы атабыз Чаянды.

Чаяндыдан тараган,

Нечен батыр нечен шер. 178-б.

Караңыз, Сары Таз өзүнүн, Семетейдин санжырасын түгөл айтып салууда. Бул боюнча экөөнүн тең түп атасы Бөйөндү, аркы атасы Чайанды, андан Түбөйкан болот. Демек, Түбөйкан Сары Таз менен Семетейдин жети атага чейинки бир атасы (бабасы) экен. Сары Таздын санжырасы Шаабайдагы Манастын генеалогиясы менен негизинен жакындап кетет. Бирок анда Түбөйкан айтылбайт.

[73] Эшиев А. М. Древние теонимы и их параллели в акынской поэзии // Инновации в науке, № 10 (71), 2017. Новосибирск., Изд. АНС «Сибак». https://elibrary.ru/item.asp?id=29660671

Бирок мында Бөйөн, Чайан эмес, Бөйөндү, Чайанды деп айтылат. Айырмасы барбы? Бар деген ойдобуз. Чыйырды, Орозду деген эпонимдердин аягында -да -ды, -дү, -ду сөздөрү келүүдө. Бул форманттар да эпонимдик касиетке ээдей. Эми Бөйөн деген сөздө Бай, Чайан дегенде Ач (Аз)[74] эпоними тургансыйт. Буга таң калуунун кажети жоктой. Маселен, Россиядагы Ач(инск), Кыргызстандагы Ач(ы) топонимдери, Аж(ыбай) эпоними, эпикалык аз этноними, Ас(ман) ж.б. сөздөрдө Аз эпоними бардай. Бул доорлор оош-кыйышындагы фонологиялык өзгөрүүлөрдүн натыйжасы экендиги жашырын эмес. Балким, Чайан деген сөз Аланча деген сөз менен бир болуп жүрбөсүн? Эгерде бул чындыкка жакын болгон ченде Шаабайдын вариантындагы Манастын санжырасы да Аланча кандан кетип, Сагымбайдагы толук версияга жакындап калат. Ал эми Түбөй кандын тарыхый Тобо хан (VI к.)[75] менен этникалык жакындыгы болуусу мүмкүн экендиги. Ошентип, Сары Таз менен Семетей жети атага жетпеген жакын туугандардан болуп чыгышат. Сары Таз – бул эпоним. Үрбүнүн атасы Таз менен эпонимдик катыштыгы болуусу мүмкүн.

Кийинчерээк каран күн

Алты уруу нойгутуң,

Ошол жерде чабылган… 179-б.

Баарын бирдей тегиздеп,

Баарын бирдей эгиздеп,

Калыс карап тең бөлгөн…

Уругуна карабай,

Башка тил, дини деп,

Деп санабай сан менен,

Сарысын иргеп дагы карабай…

Сенин атаң кан болгон…

Кабылан энең Каныкей,

Кырк төрткө жашы толгондо,

---

[74] Эшиев А. М. Эпоним Аз в исторических источниках и эпических сказаниях // Евразийское научное объединение, №12 (58), декабрь, 2019. С. 401-402. https://elibrary.ru/item.asp?id=41828094

[75] Бичурин Н. Я. Записки о Монголии. Самара: “Агни”, 2003. – 247-б. [Электрондук ресурс]. URL: https://books.google.kg/books?id=YdmtDwAAQBAJ&pg=PA247&lpg=PA247&dq=%D1%82%D0%BE%D0%B1%D0%BE+%D1%85%D0%B0%D0%BD&source=bl&ots=I1JYMZwmxA&sig=ACfU3U2MgkHO2RVt7377VQMhV_cPwldUoQ&hl (кайрылган күнү: 12.04.2020).

Канатынан кайрылган

Отуз эки жашында. 180-б.

Ошентип, Сары Таз Семетейге бир катар өтө баалуу маалыматтарды берет. Ал «алты уруу нойгутуң» деп нойгут уруусунун Семетейге (кыргызга) тиешелүү экендигин, атасы кан Манастын кыргызга кирген урууларды «уругуна карабай башка тил, дини деп» бөлбөгөнүн, кырк төрттөгү энеси Каныкейдин отуз эки жашында Манастан айрылганын баяндап өтөт. Демек, ошондо Семетей он экиде экен.

***Каныкейдин жомогу***

Он эки капка Бээжинге

Кан болгону дагы чын.

Балакетиң алайын

Тентип кеткен кыргызды

Жыйгандыгы дагы чын… 208-б.

Кең Алтайдан Урумга

Баргандыгы дагы чын.

Эрен менен Оролду

Жыйгандыгы дагы чын.

Ай ааламга даң болуп,

Билингени дагы чын.

Ооган менен Кырымды

Алгандыгы дагы чын.

Кас санаган калмакты

Жайлаганы дагы чын. 208-б.

Каныкейдин баянында өтө кызыктуу маалыматтар бар болууда. Бул боюнча чоң казаттан соң Манас он эки капкалуу Түп Бээжинге кан болгондугу ырасталат. «Тентип кеткен кыргызды» деген сөзүндө кыргыздын Манаска чейинки зор трагедиясы ачыкталат. Ооба, кыргыз тентип кеткен экен. Убактынча жер кыдырып, көчмөндөп кетпептир. «А, бир күнү кайра келебиз да» деген илгери үмүттүн шооласы да калбай калган экен. Чындыгында эле Манас болбогондо кыргыздын кийинки тагдыры кандай болмок эле?

Каныкейдин маалыматы боюнча Манас Алтайдан чыгып, буйдалбай туура эле Урумга (Кырым, Азов деңизи) барган болууда. Бул жүрүш жөнүндө эпостун башка варианттарында мындай ашкере айтыбайт. Бирок Каныкей муну «чын» деп айтат. «Эрен менен Оролду жыйгандыгы дагы чын» дейт. Эми ишенбеске да арга жоктой. Муну «Эрен» деп Ирандын байыркы туура аталышы, азыркы Уралдын мурунку аталышы Орол экендиги, экөөн тең караткандыгы да чын экен. Андан бери ооп «Ооган менен Кырымды алгандыгы дагы чын» болууда. Эми буларды Каныкей кимден уккан эле? Албетте, Манастын өзүнөн го. Бирок Манастын андагы Батышка жүрүш кезинде Каныкей Букар ханынын секелек беш көкүл эрке кызы. Манас да Анжыян-Алайга (Сагымбайда), Самарканга (Шапакта), Таласка (Саякбайда) түшө элек кез экен. А, биринчи манасчыларчы? Кеп ошолордо айтылбаганында го. Демек, Манастын Батышка жүрүшү биринчи манасчыларга жетпей калган кыязы. Ага өздөрү да катышпаган, маалыматтары да болбогондой. Алтымыш түрдүү тил билген аргын каны эр Ажыбайчы? Сагымбай боюнча Ырамандын Ырчы уулу оо кийин ойроттун Орго канын жайлаганда кезигет. Жайма көкүл жаш Айдар андан да кийин кошулат. Алар өздөрү көргөндү, кулагы укканды гана айтып келишкен экен. Ооба, ушуну туура көрүшүптүр. Алар үчүн болмуш, уламыш, миш (миф) тарыхый баалуулукка ээ болбоптур. Балким, Манастын Батышка жүрүшү (же барышы) тууралуу булактар кайсыдыр бир себептерден улам бизге жетпей калгандай. Эң башкысы, Шаабайдын вариантында Манастын күн батыш карай жүрүшү Каныкейдин айтканы боюнча дайын болот. Ооба, Шаабайдын биринчи манасчысы тарыхый-этнографиялык, методологиялык бул өтө баалуу маалыматты өз атынан эмес, эпостун башкы каарманы Каныкейдин сөзү аркылуу жеткирген экен. Бул эпостун эпикалык чындыгынын ырастыгын айгинелемекчи.

***Семетейдин Таласты көздөй аттангандыгы***

Кара кылды как жарган

Калыс Бакай эмеспи…

Түмөн улут башына,

Кыйырына көз салып,

Билген Бакай эмеспи.

Кең-Кол менен Таласты

Тапкан Бакай эмеспи.

Каны кыргыз түбүнөн

Каны болгон эмеспи.

Аргындардын башына

Башчы болгон эмеспи. 243-б.

Бул ошол биринчи манасчынын Бакайга берген сынынан. Бул боюнча Бакай - «кара кылды как жарган калыс». Саясий элитадан ушундай омбудсмендик касиет-сапатка Бакай гана эгедер болгондой пикир калтырат. Чындыгында эпостун бардык эле варианттарында Бакайга кыпындай кине койчу эпизод, же сөз табуу мүмкүн эместей. Ал керек учурда Жакыпты, Кошойду, Манасты, кырк чорону тескеп, акылга келтирген учурлары аз эмес. (Бакай негизинен кеңеш берүүчү добушка ээ болуп, буйрукту Манас берген. Маселен, жети кандан келген элчилерди каматып койгондо Бакайдын катуу кейип-зекип, нааразы болгонун уккан Манас ошол замат бошоттурат). Кан Манас көбүнчө кандай кылсак эми деп Бакайга кайрылып келген. Анын айткан сөзүн башкалар калыс, адилет сөз катары кабылдашкан. Бакайдын жеке эрдик касиетинен тышкаркы эбегейсиз зор күчү - элдик идеология, коомдук пикир болгон экен.

«Кең-Кол менен Таласты // Тапкан Бакай эмеспи» деген ыр саптарында чындык бар. Сагымбай манасчыда Манас, Бакай, кырк чоро менен салбырынга чыгып Көтөлөк деген жерди көрүп, жактырышып, Манастын сунушу менен Бакай абакеси Талас деп ат койот. Ооба, мурунку калмакча атын жоюп, анын ордуна нукура кыргызча эпоним атты коюшкан экен. Анткени, Талас деген эпоним илгери да болуп, ал жөнүндө Бакай менен Манас мыкты билишкен. Ошон үчүн да Талас деген байыркы кыргызча аталышты кайра койгонду Манас макул көргөн.

«Каны кыргыз түбүнөн // Каны болгон эмеспи» деген саптарда да чындыктын үлүшү бардай. Ооба, Манастын, Жакыптын, Бакайдын, Байдын, андан ары Ногойдун, Көгөйдүн, Түбөйдүн ж.б. баарынын ата-бабалары кандык кыргыздан гана кеткендигин бир нече ирет белгилегенбиз. Бу жолу эпос өзү ырастап отурат. Эми «Аргындардын башына // Башчы болгон эмеспи» дегенде да бир топ ой жаткандай. Эмнеликтен Бакай аргындарга башчы болушу керек эле? Бул жөнүндө Сагымбайда айтылган эмес. Бирок Шаабайда ушундай экен. Эпос боюнча аргын уруусунун башчысы Ажыбай болгон. Нойгуттар да түбү бир атадан болуп чыгат. Шаабай боюнча кара кесек Сыргак, Серек да Каракандан кетишет. Балким, Шаабайдын биринчи манасчысы ошону эске алып жаткандыр.

***Семетейдин Таласка келиши. Бакайдын жомогу***

Байбичеси Көрпаян

Эми сөзүн салды эми…

Кагылайын эр Бакай

Кайгырбай коё тургунуң

Табылат туунун айласы…

Энекең ак сандыгын ачты эми оой,

Оой, дүнүйөсүн чачты эми.

Айкөлдөн калган кызыл туу,

Энекең, көп карап сандык түбүнөн,

Ошондо аярлап гана алып чыкты

Эми. 269-б.

Караңыз, «Айкөлдөн калган кызыл туу» Бакайдын байбичеси Көрпаяндын ак сандыгынан чыгууда. Семетей келип, кыргыз кандык туу маселеси келип чыкканда шаштысы кеткен Бакайдын жайын байбичеси чечкен экен. Бирок эң кызыгы кырк уруу кыргыздын мамлекеттик кызыл туусу Жакыпта эмес Бакайда сакталган экен. Бул туунун кайда экендиги жашырын бойдон калган окшойт. Жакып да казып изилдебеген көрүнөт. Балким, анда актуалдуулугу болбой калган беле? Кандай болгон ченде да Манастан кийин расмий кандык шайлоо болбоптур, кандык кызыл туу ашталып көтөрүлбөптүр. Жакып, Абыке, Көбөш бийликти узурпациялап ээлеп алышкан экен. Эми Семетейде Бакайдын жетеги менен расмий түрдө кандыкка шайланып, бийликти колго алууга шарт түзүлөт.

Ошондо айкөлүңдүн кызыл туу,

Ошондо асмандата ой жайганда

Өрүштө гана турган эл келди!..

Оюңда жаткан эл келди…

Кыйырда турган эл келди…

Айгайын айтып кыйыр журт

Кыйласы түркүн эл келди.

Адам эй Семетейге жагынып,

Топ жылкылуу торала ат,

Оо, топ-топ бир болуп бир келди,

Манастан калган эл келди…

Оо, кабыландан калган эл мына!

Оо, карай эле турган шер мына! 269-б.

Бир маселе. Кырк уруу кыргыз кандыгында бийлик агадан инисине эмес, атадан балага өткөн система жашап келгендей. Эл Жакып жана анын Абыке, Көбөшүнүн кандык легитимдүүлүгү болбогондугун билип эле, Манастын уулу Семетейди күтүп эле жүргөндөй пикир калтырат. Ооба, Кыргыз журту он эки жыл мыйзамсыз бийлик боштугунда жашап келген экен. Эми Семетейдин кандыкка отурушу менен баары өз жайына түшүп калган болууда. Эл Семетейдин келгенине гана эмес, кандык бийликтин легитимдүүлүгүнө көбүрөөк кубанган кейиптенет. «Манастан калган эл» Манастан калган кызыл тууга агылган.

Эр Манастын кырк чоро,

Чогулуп эле келип алды эми, адам…

Кырк чоро бирдей жүгүнүп,

Кытмыр эле ичи чаар,

Буларды карап туруп түңүлүп.

Ошондо кабылан ай бала Семетей,

Кыркын тең, келин эле кылды

Жүгүнтүп ой, адам. 270-б.

Ошентип, «Эр Манастын кырк чоросу» да келиптир. Кырк чоро чындыгында кандык бийликтин куралы катары колдонулган, буйрукту аткарган. Ал өзүнчө бийлик бутагы, же саясий күч болгон эмес. Легитимдүү мамлекеттик бийликке кынтыксыз кызмат кылган. Саясаттан алыс турган, бирок олуттуу мамлекеттик, согуштук күч болгон. Катылгандын катыгын берген. Бирок бийликтин жоктугунан пайдаланып каракчылык жолуна, ээнбаштыкка, зордук-зомбулукка барган эмес. Эми Семетейге кайра келген болууда.

Ошо кезде кабылан Бакай олуя,

Эми сөзүн салды эми,

Ак калпак кыргыз элине.

Аргын, Ногой жерине,

Бүтүн кабар салды эми.

Нойгуттардын алачын,

Ага кабар салды эми.

Масайылды жердеген,

Барктуу кыйын шер деген

Ага кабар салды эми…

Эр Көкчөнүн Үмөтөй,

Үмөтөйдү алдырды…

Түркмөнүнөн канча бар,

Казактардан канча бар,

Кыргыздардан канча бар… 275-б.

Манастын уулу Семетейдин элге келишин кыргыз журтуна сүйүнчүлөп Бакай кыйла дардайыптыр. Кыргыз журтуна, аргын, ногой, нойгут алачынга, масайылдык кыпчакка, түркмөн, казакка кабар айттырыптыр. Чоң казатта шейит кеткен айтылуу казак эр Көкчөнүн уулу Үмөтөй эми саясий аренага чыгып калган кез экен.

Отуз тогуз күн болду,

Отуз тогуз түн болду.

Санабай кырк күн болгондо

Кабылан Бакай абакең,

Кайталап сөзүн салды эми.

Калың элдин алдында,

Абакең Бакай олуя

Ошондо Семеңди

Кан көтөрүп ой алды эми. 275-б.

Ошентип, Кыргыз журту Семетейдин урматына кырк күн, кырк түн тойлоптур. Эми элдин кубанычына чек жок экендигин элестей бериңиз. Аргасыз дендароо болуп жүргөн кайран эл бир тойлоп-топурап алган экен. Семетейди көрүп, Манасты көргөндөй болушуптур. Баарын көрүп билип турган карт бөрү «абакең Бакай олуя» ошол кыркынчы күнү «темирди кызуусунда соктуруп» «калың элдин алдында» Семетейди кан көтөртүп алат. Кыргыз мамлекети өзүнүн мыйзамдуу канына ээ болот. Белгилеп кетчү нерсе, Манас да, Семетей да кандыкка шайланышкан. Чар тараптан келген кырк уруу кыргыздын өкүлдөрүнүн катышуусунда (курултайда), түздөн-түз добуш берүүсүнүн натыйжасында. Демек, кыргызда мамлекет башчысын шайлоо эзелтен эле болуп келген экен.

***Чыйырды, Каныкейди алып Семетейдин элине кайтышы***

Казактардын Үмөтөй

Айгай салып келиптир…

Дос болом деп Семеңе

Өзү жалгыз жүрүптүр…

Деп ошентип алганда

Алмамбеттин Күлчоро…

Алтын эшик ак үйгө

Ар жагына барганда,

Семетей менен Үмөтөй

Чатыраш ойноп атыптыр… 298-б.

Ошентип, Көкчөнүн уулу Үмөтөй Семетейге биринчи болуп жетип келет. Андан кийин Алмамбет уулу Күлчоро Семетей менен Үмөтөй чатыраш ойноп жаткан кезде келип калат. Эми чатырашты кимдер ойношмок. Албетте, бири-бирин жакшы билген, санаалаш адамдар гана. Демек, Манас менен чоң казатка чогуу барып, анан каза тапкан айтылуу үзөңгүлөштөрүнүн уулдары эми кандай болор экен деп кулак кагыш болуп турушкандай. Биринчи эле куш кабарды угуп учуп жетип келишкен экен. Бул, албетте, кырк уруу кыргыз журтунун уюткулары, тарапкерлери, күйөрмандары дагы деле эл ичинде толтура дегендикти айгинелемек.

Мында Кошой кеп айтты:

Оо, кагылайын Сары Таз

Кең Таласты жердеген,

Кейиштүү кыргыз эл деген,

Элдин жайын сурады.

Нечен жылы көрбөдүм,

Байдын уулу эр Бакай

Шердин дайнын сурады. 310-б.

Коломолу кол келген

Эненин жайын сурады.

Жакыпкандын зайыбы

Чыйырдынын байбиче

Ак байбиче пайгамбар

Мунун жайын сурады…

Кызыталак бай Жакып,

Кылгылыкты кылды деп…

Зордугуна чыдабай

Кайран келин Каныкей

Төркүнүнө барды деп. 311-б.

Буга чейин Таластан дурусураак маалыматы болбогон кан Кошой бет келген Сары Таздан кыргыз элинин, Бакайдын, Чыйырдынын, Каныкейдин жайын такып сурап чыгыптыр. «Кызыталак бай Жакып, // Кылгылыкты кылды деп» Жакыптын жайын да мыкты билген экен. Эми ушунун баарын көрүп-билип туруп Кошой неге Жакыпты тыйбаптыр, же каршы чыкпаган эле? Мунун, албетте, жүйөөлүү себептери болгон. Биринчиден, Жакып Ногой кандын уулу, династиянын мураскери, кан Манастын атасы болгон. Экинчиден, Кошой өзү журт карысы (аксакалы) болгону менен кыргыздын бир уруусунун гана каны болгон. Үчүнчүдөн, кандык бийликке династиялык мураскерлер гана талапкер болушкан. Ошондуктан кан Кошойдун Жакыпка каршы көтөрүлүшү кыргыз журтунун кандыгына каршы көтөрүлүш катары кабыл алынмак. Муну жакшы түшүнгөн Кошой аргасыз байкоочу болуп гана карап турган болот. Бирок адилеттүүлүк Каныкей менен Семетей жакта экендигин да мыкты билген.

Эр Чубактын Канчоро

Эки жаш менден улуу эле

Канчоро келди деп укту….

Ошо кезде Күлчоро

Астындакы бууданга

Атка камчы салды эми… 322-б.

Оң жагынан сүт чыгып,

Сол жагынан кан чыгып. 323-б.

Демек, айтылуу эр Чубактын уулу Канчоро Алмамбеттин Күлчоросунан эки жашка улуу болгон экен. Мында да Семетейге үзөңгүлөш эрендер келип калганына жетине албаган Каныкей Күлчорого оң эмчегин салганда сүт, Канчорого сол эмчегин салганда кан чыгат. «Алда кокуй кудурет // Акыры

зили болбойт деп» Каныкейдин көкүрөгү бир жамандыкты сезет. Эпостогу мындай көрүнүштөр төлгөдөй эле кабыл алынган. Маселен, Алмамбетке Чыйырдынын эмчегинин ийип жибериши, Тайторунун байгеде чыгып келиши, Кошойго кандагайдын төп келиши ж.б.

***Чынкожо менен Толтойдун Семетейге душман болгону***

Шыгайдын уулу Чынкожо,

Жедигердин эр Толтой

Ага-ининин баласы 352-б

Сагымбайда Шыгай Ногойдун иниси. Эми Чынкожо анын уулу болбосо да, Шыгайдын тукумунан кеткен болушу мүмкүн. Толтой жедигер уруусунан болуп, бул экөө жакын тууган болуп чыгууда. Буга караганда Шыгай менен жедигер уруусунун жакындыгы болушу да ыктымал.

***Айчүрөктүн ак шумкарды алып качканы***

Ата-баба жөрөлгө

Он ата өткөн туугандан

Куда болчу жайы бар.

Акун кан менен шер Манас

Теги жагын караса

Кырк өтүшкөн теги бар. 370-б.

Караңыз, башка варианттарда минтип так айтылбаса керек эле. Кыргыздын эзелки каада-салты боюнча он атага чейинки аталаш туугандардан бири-бирине үйлөнүүгө уруксат болбоптур. Ооба, бул ыр саптары Шаабайдын биринчи манасчысынын табылгасы экендигине күмөн саноого болбос. Эми ушуну калыбынан жазбай бүгүнкү күнгө жеткирген кийинки манасчыларга да баракелде. Жети ата санжыра сүрүүнүн башкы максатынын бири да ушул болгондой. Мына эми такталып калды өңдөнөт. Демек, он ата өткөнгө чейин кудалашууга мүмкүн эмес экен. Ата-бабалар мындай тыянакка бир нече миң жылдык байкоодон, тажрыйбадан улам келсе керек. Эпоско 1100 жылдын аяк-быягы болсо, мындай санжыралык салтка анда канча болду экен? Манас менен Акун кандын ата тек жагы «кырк өтүшкөн теги бар» болууда. Эпос боюнча Акун кан - Оогандын каны, Айчүрөктүн атасы. Оогандар кыргыз, кытай, же кырым, орус эмес экендиги маалым. Алар фарсы (иран, тажик, авган, пуштун, осетин, курд ж.б.) тилинде сүйлөгөн журт, б.а. Евразия, Иран, Хорасан

чөлкөмүндөгү эң ири беш журттун (Кытай журту, Кыргыз журту, Кырым журту, Орус журту, Ооган журту)[76]бири болгон. Биздин оюбузча, Акун кан Ооган-Хорасан чөлкөмүн жердеп-бийлеген, эзелки кырк уруу кыргызга этникалык тиешеси бар түрк уруулук бирикменин башчысы болгондой. Эпостогу версия туура болсо, анда Манас менен Акун кандын ата-теги кайсы доордо бир болуп чыкмак? Кырк ата болжолу 1500 жылды түзүүсү мүмкүн, б.а. б.з.ч. VIII-VII кк. барып калмак.

Акундун кызы бу долу,

Ак куу кебин кийинип,

Таалайын издеп теминип,

Ак сарайдан учту эми, журтум. 372-б.

Бул ыр саптары мифтик катмардан турары бышык. Мындагы ак кууну жанагы кырк чилтендей (кырк бөрүдөй) эле кыргыздын колдоочу байыркы эпоними катары кароо ырастай. Кырк бөрү,[77] ак куу[78] кыргыздын эзелки эпонимдик-тотемдик ишенимдеринен болуп саналган. Ак куу тотемин кырк уруу кыргыздагы кыпчак (кыучак), казак, кара кесек, калча этнонимдеринен байкоого болот. Ошону менен бирге дүйнөлүк эпикада ак куу болуп учкан эллиндик Елена сулуунун, жарадар казак Калча батырды сактап калган ак куу кыздын мисалдары кездешерин айтканбыз. Бул, албетте, ушундай тотемдик ишеним көптөгөн элдерде болуп келгендигин айгинелемек. Демек, Семетейдин доорунда кыргызда ак куу тотеми эл арасында кадыресе жашап келген болот.

***Күлчоронун Үргөнч дайраны кечкени***

Ошо кезде топ кыздар

Тегеректеп алыптыр,

Күлүстөн бала Күлчоро

[76] Манас. Сагымбай Орозбак уулунун варианты боюнча. III китеп. Фрунзе: «Кыргызстан», 1981. 348-б.

[77] Eshiev A. M. The eponymous totem Wolf (Boru, Bure, Biryuk, Vlats, Vlak, Wargur) in mythologies, epics, legends and folk traditions (Эпоним-тотем Волк (Бору, Бюре, Бирюк, Влъц, Влък, Wargur) в мифологиях, эпосах, легендах и народных преданиях) // Евразийское научное объединение, №3 (61), март, 2020. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=42734259

[78] Eshiev A. M. The eponymous totem Swan in folk poems, epics, sagas, legends (Эпоним-тотем Лебедь в народных поэмах, эпосах, сагах, легендах) // Евразийское научное объединение, №2 (60), февраль, 2020. С. 283-285. https://elibrary.ru/item.asp?id=42579655

Кагылайын баланы… 409-б.

Алмамбеттин Күлүстөн

Аябай гана сөзүн салды эми. 418-б.

Мында тактап кетчү бир маселе жаткандай. Алманбеттин Күлчоросунун дагы бир аты Күлүстөн болууда. Башка бир варианттарда Кулас деп аталат. Муну кандай түшүнүүгө болмок? Күлчоро, Күлүстөн, Кулас. Бул учурда да эпонимдик катышуу бардай. (Орхон-Энесай тексттериндеги Күли чурду эстеңиз).

Эр Бакайы кашында,

Кан Кошою башында,

Сары Таз менен эр Төштүк,

Кошо келип жанына. 443-б.

Жогоруда аталган каармандар Семетей Акун кандын Айчүрөгүнө кудалап барышында коштоп жүрүшөт. Демек, Бакай, Кошой, эр Төштүк, Сары Таз эпосто активдүү каармандар болуп катышып келишкен. (Сары Таз менен кыпчак эр Төштүктүн кошо келгени да бекеринен эместир, анткени Таз кыпчактардын эпоними). Эпос боюнча Кошой, эр Төштүк чоң казаттан кийин жалпы демобилизация болуп жер-жерине тарап кетип амандыкта жүрүшкөн. Бакай Манас менен баштан-аяк чогуу болгондугу маалым. Сары Таз Манаста дээрлик байкалбайт, бирок Семетейде активдүү оң каарман катары катышып келет. Манастагы мына ушул айтылуу каармандар эми Семетейде да активдүү позициясынан жанбаптыр, кан Семетейге көмөктөшүп келиптир.

***Семетейдин Айчүрөккө үйлөнүшү***

Кабылан Манас барында,

Кайкайлаган чагында,

Он эки тайпа кыргызды

Бир кишидей бийлеген. 466-б.

Кеп бул жерде убагында Манас он эки уруу кыргызды бийлегендиги айтылууда. Семетейдин кезинде (Саякбай боюнча) беш уруу кыргыз калгандыгы маалым.

Ошондо абакем Кошой, Төштүк,

Каткалаң кандын кыз Сайкал,

Ошондо энекем шордуу Каныкей

Бешөөлөп барып көмгөндө.

Эчкиликтин Кара-Зоо,

Кара-Зоонун бетинде,

Айкөлүм арстаныңды,

Алтын булак үстүнө

Ошондо алып бир койгондо го, аба… 478-б.

Бул Семетейдин Бакайга айткан сөзүнөн. Демек, Шаабай боюнча Манасты акыркы сапарга Кошой, Бакай, Төштүк, Сайкал жана Каныкей бешөөлөп узаткан экен. Ооба, ошол акыреттик жар каткалаң кыз Сайкал да жетип келген болууда. Төштүк да болуптур. Ооба, кыпчак уруусунун да кабыргасы кайышкан экен.

***Тойго элдин чакырылышы***

Кайран энең Каныкей…

Жети жолду чалдырды,

Жети кандан калганын

Бакылат, Дуулат эки кан

Эки канды алдырды...

Анжыян жолун чалдырды,

Анжыяндын айры сакал Сынчыбек,

Сынчыбектин баласы Кулумбекти

алдырды…

Масайылды жердеген

Элемандын эр Төштүк…

Эр Төштүктүн баласы

Жаш Жоодарды алдырды…

Аяш балам келсин деп,

Эр Көкчөнүн Үмөттү

Ошол Үмөттү алдырды. 484-б.

Семетейдин тоюна жети кандан калган Бакылат, Дуулат кандар айтылыптыр. Дуулаты аталып келген, Бакылаты ким эле? Анжыяндык Санжыбек да чоң казаттан аман кайтып, карып-арып, эми Кулумбек уулу чыккан болот. Эр Төштүктүн баласы Жоодар, Көкчөнүн Үмөтү алдырылыптыр. Ооба, муун алмашкан чак экен. Бул боюнча дуулат, окчо (кара кесек), кыпчак, казак этностору айтылат.

Ошо кезде эр Бакай

Катагандын Кошой

Келчи Кошой аба деп,

Алтын айлуу бел байлоо

Оң жагына алыптыр… 484-б.

Бакай кары Кошойду оң жагына отургузуптур. Бул ордолук чоң сый орун болгон. Демек, Кошойдун тарыхый-саясий орду калыбынан жазбаган экен.

Олуя Кошой кеп айтат,

Койгун Бакай деп айтып,

Кошой тыйып алды эми. 485-б.

Мында Бакай Семетейдин тоюна чоң Караштар, кыпчак Карабекти чакырталы дегенде жактырбай Кошойдун тыйып койгон жери. Караңыз, ушуну биринчи манасчы кудум кулак төшөп угуп тургандай айтыптыр. Мындай өтө назик нерселер шыбырашып, баш ийкеп (же баш чайкап) чечилери бышык. Анткени, ошол чоң Караш менен кыпчак Карабектин артында түмөндөгөн аскери турары жашырын эмес эле. (Эпикалык чоң Багыш менен чоң Караш этникалык бир башаттан кетүүсү да мүмкүн. Анткени чоң деген сөз этнонимдик мүнөзгө ээ экендигин айтканбыз). Мындан чыкты, кыргызга кирген уруулардын ичинен Кошой менен Бакайга макул келбеген фратрийлер да болуптур. Аш-тойго чакырып-чакырбоону симпатия-антипатиясына карай чечип келишкен экен. Эр Бакай кан Кошойдун сөзүн эки кылбаптыр.

Үрбү кандын баласы…

Угуп тургун Тазбаймат

Кутубийге бар деди. 485-б.

Демек, кыпчак каны Үрбүнүн уулунун аты Тазбаймат болуп, чабармандын ролун аткарып калган экен. Үрбүнүн атасы Таз эпониминен

тургандыгын айтканбыз. Манастын мурунку айтылуу «он башы» Тазбаймат да ушул эпоним менен байланыштыгы бар болуусу толук мүмкүн. Эми Үрбүнүн Тазбайматы Манастын дос чоросу Кутубийди тойго чакырууга жардык алат. Караңыз, Семетейдин кандыкка отурушу менен аталык Бакай кандыктын ордо кызматына мурунку кан, бек, кырк чоронун балдарын мамлекеттик кызматка тарткан экен.

Ошондо Аргындын уулу Ажыңдын,

Ошондо сексенге чыккан жашы бар. 491-б.

Ырчылары ким болот?

Ырга жөндүү ким болот? 499-б.

Бул Ырамандын баласы деп,

Кыялуу жери кандай деп,

Мунун же, атын бир койгон Молтой деп,

Ошондо Молтойду бери чакыргын…

Ошондо Ырчы уулдун бул Молтой,

жакын келип калды эми…

Кудурет өнөр берген ар кандай

Комузун гана күүлөп бурады,

Ошо кезде Молтойдун

Ошондо жар чакырган ай убагы. 501-б.

Ооба, муун алмашкан чак экен. Айтылуу элчи-жарчы, аргын Ажыбай да сексенге келип калыптыр. Ал убагында Манастын эң жакын жан-жөкөрү болуп келгендигин билебиз. «Аккан арыктан суу агат» дегендей «ырчылары ким болот» деген маселе чыгып, дагы эле ошол Ырамандын Ырчы уулунун комузчу, ырчы Молтойу авансценага чыгыптыр. Ооба, казак Ырчы уул дайынсыз кетпептир. Казактын кээ бир фратрийлери кыргыздан ыраак кетпей эле жүргөндөй. Балким, бала Молтой атасы Ырчы уулдан «Манастын» «Семетейин» улантып кеткен беле? Сагымбайдын «Манасы» Ырчы уулдан кетсе, «Семетейи» Молтойдон болуп жүрбөсүн? (Бир өкүнүчтүүсү Сагымбайдан «Семетей» эпосу жазылбай калгандыгы). Эми Молтой деген ат интронизацияга чейинки энчилүү ат окшойт. Эстеңиз, Ырчы уулдун энчилүү аты Каратай болгон. Бакай эми ушул жаш талант Молтойду жарчылыкка Үрбүнүн Тазбайматы аркылуу чакыртыптыр. Тазбаймат демекчи, мурунку Манастын Тазбайматы да Манаста жооптуу статс-катчы мамлекеттик кызматын аркалып келгендиги маалым.

***Нике тойдун башталышы***

Жалган айтып койбосом

Ушу быйыл Каныкей

Алтымыш бештин жашында. 503-б.

Бул боюнча Каныкей да алтымыш бешке келип, карылыкка бут таштап калган чагы экен. Манас о дүйнө кеткенден бери отуз үч жыл өтүптүр. Семетей да Айчүрөккө тиш кагып калган чакта (жыйырма биринде го) үйлөнгөн экен. Эми Шаабайдагы бул жыл сүрүүнү так маалымат катары кароого болбостугу да ырас.

Ошол кезде эр Үрбү

Кыйкырыгын салды эми.

Масайылдын элинде,

Кызыл-Кумдун чегинде

Кызыл кумун чубаган,

Кыйратып далай улаган. 506-б.

Караңыз, Шаабай манасчыда айтылуу ошол эр Үрбү эми «Семетейде» да атын бир чыгарып алыптыр. Төштүктөй эле Үрбү да Масайылды жердеп келиптир.

Ошондо жүзгө чыга жашы бар…

Агала байрак кызыл туу

Абам Кошой абаке

Эми колго алды эми. 509-б.

Кошойдун жашы да жүзгө келип калыптыр. Агала байрактын таржымалын мурун айтканбыз. Демек, Кыргыз ордонун жана Кыргыз журтунун кызыл туусун колго алууга Манас, Бакай, Алманбеттен тышкары катагандын кан Кошойго уруксат болгон экен. Кошой нике той «жети күнгө толгондо, чабандестин баарысын катары менен тизип, бата берип калат».

Ошо кезде Канчоро…

Орою катуу шер неме.

Арамдык бар оюнда

Жыйырма жашка келгенде

Арамдык жыйнап боюна. 520-б.

Канчоро Каныкейдин сол эмчегин эмгенде кан чыкканын эстеңиз. Ошондо эле эстүү жан Каныкей заарканып калган болчу. Эми Манастын эң мыкты чоросу эр Чубактын уулу жыйырма жаштагы Канчоро «арамдык бар оюнда» болуп чыгууда.

***Семетей Бээжинге барам деп Бакай, Ажыбай, Чыйырды, Каныкейге кеңеш салганы***

Жылкы жылы үстүндө,

Оо, жылан жылы астында,

Алмадай болгон башың бар,

Жыйырма үчкө чыккан жашың бар. 549-б.

Бул Семетей «калмакка жалгыз барсам» деп айтканынан кийинки Каныкейдин сөзүнөн. Караңыз, Каныкей ушул сөздү айткан чакта Семетей жыйырма үч жашта экен. Жылкы жылы менен жылан жылынын тогошуусунда экендиги айтылат. Ооба, Шаабайдын вариантынын биринчи манасчысы ушуну так айтыптыр. Бул «Манасты» («Семетейди» да) ошондо уккандар жыл эсебин сүрүшүп, окуянын качан өткөнүн тактап алышкандыгы анык. Биринчи манасчынын Каныкейдин сөзүн ушинтип өзүндөй кылып айтканы эпостун чындыкты сүрөттөп жаткандыгын дагы бир ирет ырастамак. Ал эми бүгүнкү биз үчүн Семетейдин доорун тактап айтуу кыйын экендиги да ырас. Эгерде Семетейдин доорун (маселен, болжолу, X кылымдын кайсы чейреги экендигин) биз азыр боолголоп билсек, Каныкей ушул сөзүн качан (кайсы жылы) айткандыгын тактап алсак да болчудай экен.

***Семетейдин Бээжинди көздөй жол тартканы***

Береги турган Семетей…

Баатыр Манас, кызыл туу

Оболото кармаган…

Эгиз түгөй ак марал

Астынан чыгып берди эми.

Муну көрүп Семетей…

Аттын оозун бурду эми…

Кыбылага жүз коюп,

Аңгырап бата берди эми…

Колдогун марал эне деп,

Бата сурап турду эми го Семең! 563-б.

Үстүндөкү ак олпок

Жетимиңе чак олпок… 572-б.

Жоо алдында эр Манастын да дене бою ак олпок, туулгасы[79] башында турган. Ансыз мүмкүн эмес эле. Кытай-калмактын көзгө атар мергендери кырк чоронун эрлерин ак олпок, туулгадагы чекиттей жылчыгын таап атып жыккандыгы маалым.

Карып калган Коңурбай…

Айдаркандын Көкчөнү

Өз колу менен жайлаган. 575-б.

Эштектердин Жамгырчы

Өз колум менен жайлагам. 577-б.

Ошо кезде Күлчоро… 578-б.

Алоокенин Коңурдун

Ээк сакалын көтөрүп…

Наркезмени бек тартып,

Муздоосуна барды эми… 579-б.

Кан Коңурбай чоң казатта казак Көкчөнү, ногой Жамгырчыны өз колу менен жайлаган болууда. Ал эми Алмамбет, Чубак, эр Сыргак Эсенкандын атайын кызматы Шыпшайдардын таамай аткан жебесинен о дүйнө кетишкени маалым. Эми Күлчоро Алгараны өлтүрүп, жөө калган Коңурбайдын башын кесип, «канга кан өчүн алат» экен. Ошентип, Шаабай боюнча Коңурбайды Манастын Семетейи эмес, кытай Алмамбеттин уулу Күлчоро тындым кылыптыр. Кимисиники чындыкка жакындап кетет? Эпостун ушул жери да кызыгууну туудурары бышык. Эгерде бул баатырдык эпос жөн бир жомок

[79] Эшиев А. М. Боевой конь, доспехи в эпических и исторических источниках // Евразийское научное объединение, №3 (61), март, 2020. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=42734270

болгондо кан кууган Семетейге өлтүртмөк беле. Ооба, согуштук кырдаалга карай Коңурбай Күлчоронун колунан шейит кеткен болууда.

### *Бакай, Семетей, Күлчоро, Ажыбай болушуп Куялыны издеп жөнөгөнү*

Орто Бээжин, Чоң Бээжин,

Кичи Бээжин, Чет Бээжин,

Ар жагында Түп Бээжин. 586-б.

Шаабайда беш Бээжин ушинтип такталат. Манас жеткен Түп Бээжин экендиги ырасталат.

Сенин атаң эр Чубак

Түп Бээжинди сураган.

Түп Бээжинде Чылама

Чылама элин башкарган…

Эрдиги бар өзүндө,

Көкүлү бар көзүндө…

Деп ошентип эр Бакай

Эми сөзүн салды эле…

Эр Чубактын Канчоро

Мурутунда күлдү эми.

Башын чайкап турду эми.

Телегейи тегиз жок, аба,

Күрүлдөп турган деңиз жок, аба,

Кыраанын Чубак эриң жок, аба,

Атаңдын көрү дүнүйө

Баш байлаган эриң жок, аба… 594-б.

Ошентип, Бакай Канчорого атаң Чубак андай эле, мындай эле, кытай каптап келсе, сен уктап жатасың деп намысына келтирейин деп көп убара тартат экен. Бирок Канчоро өйдөкү кебин айтып баса бериптир. Караңыз, ошол биринчи манасчы «Мурутунда күлдү эми // Башын чайкап турду эми» деп

Канчоронун журт карысы Бакайдын сөзүнө «быш» деп да койбогондугун өтө таамай жеткирген экен. Бул Манастын оң колунун бири болгон эр Чубакка эч кандай тиешеси жоктой, чоочун бир пенденин элеси эле. Муну уккан угарман калк ошондо эле Канчородон түңүлгөн го.

Мында дагы бир маселе бардай. «Сенин атаң эр Чубак Түп Бээжинде Чылама элин башкарган» дегендеги Чылама Алманбеттин да, Коңурбайдын да ата-теги болгон Чылаба эмеспи деген суроо туулары бышык. Бирок негизгиси Чубактын «Эрдиги бар өзүндө, // Көкүлү бар көзүндө» деген ыр сабында болууда. Ооба, Канчоронун көзүнө түшкөн ошол «көкүл» сөзү байыркы түрк Көк Ул эпониминен кеткендигин айтканбыз. Анда нойгут, Чубак, Канчоро эпонимдеринин байыркы түрк Көк Ул эпоними менен этникалык байланыштыгы бар беле деген суроо жаралышы толук мүмкүн.

***Канчоронун бузуку оюу***

Кан Бакай, Семең, Күлчоро,

Тобокел, Тооке, Козубек,

Аргын кандын Ажыбай,

Ошондо алтымыш күнү да

кармашты. 602-б.

Алтын сакал Айкожо

Коломолун салды эми.

Байдын уулу эр Бакай

Эми жетип алды эми…

Тобокел, Тооке эгиз шер,

Алача кандын Козуке,

Ошо келип алды эми.

Баары бирдей болушуп,

Ошо кезде Күлчоро

Тоодой болгон Куялы,

Көтөрүп жерге урду эми…

Куялыдан жан кетти. 604-б.

Ошентип, Куялыны Күлчоро тындым кылган экен. Күлүстөн Күлчоро Коңурбайдын өзүн да о дүйнө узаткандыгы маалым. Алмамбеттин эрени Күлчоронун кыргыз, Семетей үчүн кылган эмгеги өтө зор болуптур. Кысталышта кыраакы, көптү көргөн карт Бакай Күлчоронун жанына жетип келиптир. Эстеңиз, кытай алпы Шаңчуну Семетей ала албай жатканда да Бакай жетип келип сайып өткөндөн кийин анын башын эр Ажыбай кесип кетет. Бул вариантта Тобокел, Тооке эгиздер, Козубек журт карысы Бакайдын, Семетейдин, эр Ажыбайдын жанында чогуу жүрүп теңме-тең кармашып, Манастагы эр Сыргак менен эр Серек бир туугандарды, эр Чубакты элестетет. Эпосто «алача кандын Козуке» деп айтылат. Буга караганда Козубек алчын уруу канынын уулу болгондой. Кан Манастын Семетейинин жанында кан тукумдарынын урпактары жандап жүргөндүгү чындыкка дал келери да ырас. Алманбеттегидей эле Айкожо асмандан түшүп Күлчорону коштоп жүргөндүгү айтылат.

Кыраан тийген таандай

Кыргын салып кытайга

Кыр-кырларга качырып,

Кырып кирди Күлчоро… 610-б.

Ооба, кытай менен согушта Күлчоро жан аябай согушкан экен. Канчоро уруш майданынан өз башынча кетип калат.

***Кыяз менен Канчоронун Семетейди чаап алганы***

Эр Чубактын Канчоро

Чукул жетип алды эми.

Жазайыл гана мылтык колго алып,

Кудурет жапшыра атып калды эми.

Семетей өлдү караан жок… 630-б.

Ошентип, Манастын уулу Семетей айтылуу эр Чубактын уулу Канчоронун колунан каза табат. Ооба, тагдырдын жазмышын караңыз. Көрсө, тарыхта ушундай кыянат иштер болуп келген экен. Ал тургай бир туугандар бири-бирин, атасы баласын, баласы атасын тындым кылган мисалдар жок эмес. Караңыз, “Семетей өлдү караан жок” дегени, Семетейдин кайып болуп кеткени го.

Тобокел, Тооке, Козубек,

Манастап ураан чакырып.

Мына ошентип турганда

Туз урган чоро оңбой кал!

Эгерде эки болбой кал!

Эр Чубактын Канчоро,

Арам өлгөн зор чоро,

Арбак урган Канчоро

Аркасынан келди эми,

Чалма салып турду эми... 631-б.

Канчоро эми Күлчорону да байкатпастан аркасынан келип, чалма салып байлап алат экен. Кыргызга, Семетейге ак кызмат өтөгөн Тобокел, Тооке, Козубек чоролор арачалап кала албаптыр.

Ошо кезде Бакайды,

Кең орого салыптыр…

Аргын кандын Ажыны

Бутага коюп калыптыр.

Жакып канды жайлашып,

Абыке, Көбөш аганы,

Бүтүн бойдон айдашып,

Канга тоюп катыкты…632-б.

Шаабайдын варианты боюнча Канчоро Жакыпты Абыке, Көбөшү менен кошо жайлаптыр. Бул Канчоро үчүн кечиримсиз кыянат иши эле. Демек, анын жаман оюнда Кыргыз ордонун кандык династиясын түгөл кырып, кандык бийликке башка жаңы муун, жаңы тайпалык өкүлдөрдүн келиши керек. Бакай, Ажыбай аксакалдар да туткундалып, орго салынат. Бирок бул версия боюнча Жакып жана анын Абыке, Көбөшү ички кастыктын, чыккынчылыктын курмандыгы болушкан экен.

Береке турган Багыштын

Ушу турган зор Кыяз...

Кандыкка жаңы шайлады.

Мында Кыяз кеп айтты.

Койгун иним деп айтты…

Белин бекем бууган бар,

Бери жагында карачы

Кутубий өңдүү тууган бар.

Кутубий кыргын салбасын,

Кула атын минип албасын.

Кан шайласын чорону,

Акбалтанын Чубагы,

Чубактын уулу Канчоро…

Кара койдон союшту,

Кан көтөрүп койдук деп,

Береке турган Канчоро

Кандык берип коюшту. 633-б.

Жедигер Багыштын уулу Кыяз кандык тактыдан баш тартат. Ал муну «Кутубий өңдүү тууган бар // Кутубий кыргын салбасын» деп, Манастын үзөңгүлөш жан жолдошу, кырк чоронун бири Кутубийди эске алыптыр. Баары бир мунун аягы жакшылык менен бүтпөшүнө көзү жеткен сыңары. Ошентип, кандыкка Канчоро отурат. Ооба, Шаабайдын биринчи манасчысы да эпостун финалын жактырбай, сүрөттөбөй жөн гана «Кара койдон союшту…// Кандык берип коюшту» деп, Канчорону басынтып, супсак бүтүрүп койгон экен.

# СОҢКУ СӨЗ ОРДУНА

«Манас» эпосу – бул манасчы качан “Манас” айткысы келип, ага даяр болуп, аны угарман эл (аудитория) күтүп, өзү эпоско сүңгүп кирип, экстазга түшүп айта баштагандан тартып айтып бүткөнгө чейинки “Манасы”. Ушуну төкпөй-чачпай радио, же теле аркылуу түз эфирде элге угузуу, же көрсөтүү табийгый “Манастын” өзүн угуу, көрүү, кабылдоо болот. Бул табийгый, жандуу “Манас” болуп саналат. Эми бул процессти магнитофонго, видеого түшүрүп, кийин радиодон, же теледен маал-маалы менен элге угузуп, же көрсөтүп турса, бул ошол айтылган “Манастын” чыныгы түп нускасы болуп калат. Ооба, түп нускасы гана, бирок табийгый, жандуу “Манас” эмес. Манасчынын айтып токтоосу менен жандуу “Манас” кошо токтойт. “Манастын” оозеки формадагы функциясы өз милдетин аткарып бүткөн болот. “Манастын” белгилүү бир мезгил ичиндеги жандуу түп нускасы эми магнитофондук, же видеолук формада гана жашап калат. Эгерде дал ушул форма китеп болуп чыкса, анда окурман “Манасты” баштапкы маалыматтык булак боюнча окуган болот. Ошентип, “Манастын” китептик формасы үчүнчү деңгээлдеги эпикалык-маалыматтык булак болуп саналат. А, 20-30-жж. манасчылардан жазып алынган кол жазмаларчы? Анда магнитофон, же видео жок кез. Бул кол жазмалар “Манастын” экинчи баскычтагы (деңгээлдеги) маалыматтык булагы болуп саналары бышык. Кол жазма процессинде манасчыны айттырып, кайра токтотуп, кайра айттыруу биз жогоруда сөз кылган манасчынын табийгый, жандуу “Манас” айтуусуна кедергисин тийгизгендиги да ырас. Бул манасчы “Манастын” дүйнөсүнө кирип, кайра чыгып, көтөрүлүп кайра түшүп, маанайы бузулуп, кайра башынан баштап айтууга туура келген.

Кыргыз фольклористтери, адабият таануучулары, этнографтары «Манас» эпосу тууралуу кыргыз элинин калыптанган кабылдоосунун, түшүнүгүнүн, эстетикалык табиятынын салттык деңгээлинен (маселен, кыргыз элинин рухий туу чокусу, улуу дөөлөтү, энциклопедиясы, чалкып жаткан мухит, дүйнөдөгү эң чоң көлөмдүү эпос ж.б.) дээрлик четтебей айтып да, жазып да келет. Фольклор – бул элдик оозеки чыгармачылык, б.а. элдик (автордук эмес) чыгармачылык. Анын автору белгисиз, дайынсыз. Бирок ар бир элдик чыгарманын башатында кайсыдыр бир таланттуу, чыгармачыл жеке инсан тургандыгы бышык. Бир эле учурда бир эле чыгарманы (маселен, бөбөк ырын, балдар ырын, арман, кошок, санат-насыят, терме, элдик поэма ж.б.) он, жүз, миң адам жок жерден дароо бирдей айтып, ырдап кетпөөсү ырас. Оозеки чыгарма эл оозуна алынып, сиңип, элге тарап кеткен да, анын баштапкы жаратманы убакыт өтүп унутта калган. Чыгарма (ыр, поэма, тамсил, уламыш, макал) ооздон оозго алымча-кошумчасы менен конуп-көчүп жүргөн. Ошону менен бирге көпчүлүк өзүнчөбү, тоо-таштабы, талаа-түздөбү кыңылдап, же обон созуп ырдап, же ырдамыш этип келсе, таланттар көпчүлүк элдин алдында комузда (комузсуз да) жогорку чеберчиликте аткарып келишкен. Эл ошол талантты угууга агылган.

Эпостун ар бир вариантынын башатына чыйыр салган *биринчи манасчы* болгондугу күмөн туудурбайт. Ар кимиси өзүнүн уруусунда өзүнүн “Манасын” айтып отуруп, бүгүнкү варианттардын түптөлүшүнө негиз салып кетишкендей. Бирок фольклордун, же эпикалык чыгарманын автору жок деп келебиз. Мен ушуну айттым эле, менин аты-жөнүм мына мындай деп эч бир жеринде айтылбаптыр. Кыязы, ошол биринчи манасчы (кийинкилери да) замандаш аудиторияны гана ойлоп, эл өзү сынчы, эли өзү баасын берет, ушунун өзү жетиштүү деп эсептеген да, эртеңки атак-даңкын ойлобогондой. Бирок азыркы колдогу ар бир вариант кайталангыс оозеки көркөм мурас экендиги анык. Ал чыгармачыл талант инсандардын жана алардын дагы бир талант шакирттеринин жемиши. «Манас» эпосунун башатында кырк уруу кыргызга кирген уруу-уруктук манасчылар тургандыгы жана алар айткан алгачкы версиялар калыптанып, түптөлүп отуруп бүгүнкү күнгө жеткен деп ишеним артууга болот. Эпостун оозеки табиятынан улам да жогоркудай түрдүү композициялык ыкмалар кетүүсү мыйзамченемдүү кубулуш болуп саналган. Эпикалык чыгармалардын оозеки жаратылышын, кайталангыс мүнөзүн, ар бир манасчыга түздөн-түз көз каранды экендигин бир катар варианттарды жогорудагыдай параллель иликтеп жеткирүү өнүмдүү болорун ырастайт.

Манасчынын “Манасы” өзү менен кошо о дүйнөгө кеткен. Ал кайтпас сапарга кеткени ырас. “Манастын” кийинки өмүрү устат-манасчынын шакирттери аркылуу кайра жашай баштаган. Айтканда гана, айтпаса жок. Эми ошол манасчынын айткан “Манасын” шакирттери укканын уккандай, туйганын туйгандай, кармаганын кармагандай айта баштайт. Жүз пайыз усатындай болбоосу бышык. Бирок тема, идея, композиция, сюжеттери дээрлик баштагыдай айтылып келет. Стиль, метод, ыкмалар, ыргак башкача кетүүсү мүмкүн. Жаңы манасчы мурунку сценарийдин негизинде эми өзү режиссер, өзү композитор, өзү актер, өзү ырчы болуп чыгат. Бирок ошол устат манасчынын алкагынан чыга албоосу анык. Унутуп калуусу, таштап кетүүсү ыктымал. Негизгиси, жок нерсени кошуп кетүүгө дээрлик мүмкүн болбогон. Аны ондогон устаттар, дастанчылар, эпикалык сынчылар, адис угармандар кулак төшөп тыңдап отурган. Калп ашкереленип калуусу толук мүмкүн эле. Ооба, алгачкы устат-манасчынын версиясы жашоосун кыйшаюусуз уланта берген.

Ар бир варианттын артында уруу-уруктук манасчылар турган. Маселен, Көкөтөйдүн ашынан кийин тогуз уруу кыргыз калдык деп айтылат. Ар бир уруудан кеминде бирден манасчы чыгып айта баштаган ченде тогуз вариант жаралып отурат. Ошол тогуз уруунун тогуз чыгармачыл таланты аткарган ролу, милдети, кызматына карай Манастын айланасында тогуз түрдүү жерде жүргөн, көргөн, уккан. Ооба, бул жерде тогуз деп божомолдоп айтуудабыз. Балким, он экидир (эпостун баш чениндегиси), же кырк уруу кыргыздан бирдендир, же «Семетейдегидей» беш уруудандыр. Уруулук төкмө ырчынын бири жакын, бири алыс, дагы бири жанаша жүрүп, көрүп, угуп жүргөнүнө

карай баштапкы кошоктун, калыптанган баяндын, түптөлгөн дастандын версиялары да түрдүүчө кеткен. Ошентип бүгүнкү колдо бар варианттар калыптанганы, түптөлгөнү жана жетип келгени. Ооба, ар бир варианттын башатында уруулук манасчы тургандыгы көбүрөөк ынандырат.

Ошентип, эпос оозеки гана айтылган, угулган, жашаган. Анын өмүрү манасчынын оозунда болгон. Манасчы айтса жашаган, айтпаса токтогон. Бир саамгабы, чай кайнамгабы, эт бышымгабы, таң атқычабы, үч күнгөбү, же ай-жылгабы. Ооба, ошончо убакытка эпос жашоосун токтоткон. Бирок ошончо мезгил ичи элдин (тагыраагы, ар бир уккан инсандын) эс-тутумунда, оюнда, кыялында, сезиминде сакталып турган. Эпос манасчы менен кошо жашаган, жол жүргөн, айтылган, уктаган, эс алган. Манасчы айтканга чейин катылып жата берген. Манасчынын айтуусу менен кайрадан жашай баштаган. Бир күн болсо бир күн, үч күн болсо үч күн, бир ай болсо бир ай. Эң бир өкүнүчтүүсү, трагедиясы манасчы о дүйнө сапар тартса, “Манасы” да кошо кеткен. Ошол версия ошол манасчы менен түбөлүккө кайтпас жолго аттанган. Эпостун оозеки мүнөзүнүн маңызы дал ушул жерде. Эпос угарманга кулак менен угууга, кабылдоого, туюуга гана жаралган. Кулагы укпаган (маселен, дүлөй) пенде үчүн эпос жок нерсе эле. Аны көрүп, же кармалап аңдап туюуга мүмкүн болбогон. Угуп гана “Манас” дүйнөсүнө сүңгүп киришкен.

*«Манас» үчилтигинин доору жана тарыхыйлуулугу. Кыргыздар мусулмандыкка толук өтө элек доор экендиги.* Алтайда жүргөн кыргызда мусулмандык белгилер (азан айтуу, намаз окуу ж.б.) байкалбайт. Анда негизинен ак, эге, бар, теңир, арбак, мазарга сыйынуу өңдүү диний түшүнүктөр колдонулат. Бирок Алтайга кетпеген кыргыз уруулары мусулмандык менен аралашып калган. Маселен, Көктөй, Кошой. Алтайдан кийин исламдык көрүнүштөр кире баштаганы байкалат. Алсак, эр Ажыбайдын Анжиянда биринчи жолу азан айтышы. Алмамбеттин, Манастын ж.б. эми намаз окуп калуулары. Жакыптын Манаска кыз издеп Букарга барганда “бул эл бизден мурун эчак динге өтүп калган экен” деп айтканы. Орто Азия чөлкөмүндө ислам дини негизинен VIII к. орто ченинде башат алса, Алтайдан келген Манастын эли болжолу X к. баш ченинен баштап мусулмандыкка өтө баштагандай. Тарыхый маалыматтар боюнча X к. экинчи жарымында Караханиддерге караштуу 200000 кожолук исламга өткөндүгү маалым.

*Манастын ата-теги менен тарыхый-даректик булактардагы параллелдер, типологиялар*[80]. Манастын атасынын аты Жакып. Бул - эпоним сөз. Манастын ата-бабаларынан болгон Каракан, Огуз кан, Аланча кан, Байгур кан, Бабыр кан, Түбөй кан, Көгөй кан, Ногой кан деген ысымдардын да тарыхый параллелдерин табууга болор эле. Маселен, Кайракан, Огуз каган, алазон скиф этноними, Бай (байат)+гур (эл), Бабур («Шах-намадагы» Чин

[80] Эшиев А. М. Родословные предки в эпосе «Манас»: эпонимические, антропонимические параллели, аналогии. Евразийское научное объединение, №6 (64), июнь, 2020. С. 412-415. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=43161590

ханы; кийинки тимурид Бабур), Тоба хан (VI к.), Көгөй топоними (Кыргызстан, Өзбекстан), он ок согуштук-саясий бирикмеси ж.б. Эпостогу Ошпур (Манастын насаатчы-мары), Жапар (Шыгайдын, Чыйырдынын, Алмамбеттин) рухий дүйнөсү, Ыспара (топоним) өңдүү рухий-эпонимдик ишенимдер. Ошондой эле орто кылымдык тарыхый Ышбара (Батыш-түрк кагандары, VI-VII кк.), Исфара (Тажикстандагы топоним), Ышбара эпоними (Орхон-Энесай жазмалары) бар экендиги.

*Интронизация салты.* Эпостогу Манастын ата-бабаларынын ысымдары, башкы каармандар, кырк чоронун аттары интронизацияланган эпонимдер экендиги. Маселен, Каракан, Огуз кан, Байгур кан, Бабур кан, Төбөй кан, Көгөй кан, Ногой кан, Жакып, Манас, Семетей – булар санжыралык династиялык эпонимдер. Булардын ар биринин энчилүү аттары болгондугу күмөн эмес. Мындай интронизация салты тарыхта династиялык мамлекет башчыларын (император, Рим папасы, патриарх, каган, цезарь (цесарь, царь, кайзер), хан (кан), шах, ажо, конунг (король), князь) бийлик тактысына отургузууда ыйгарылган. Эпосто бир катар башкы каармандардын энчилүү аттары калып, эпикалык жаңы эпонимдик аттарды алгандыгы дайын болот. Маселен, Каныкей (Санирабига), Ажыбай (Абдылда), Кыргыл (Айнакул), Чубак (Болот), Сыргак (Теке), Серек (Байсабай), Ырамандын Ырчы уулу (Каратай) ж.б. Мындан тышкары эпосто айтылбаганы менен Барак, Таз, Бердике, Көкөтөй, Кошой, Бакай, Көкчө, Жамгырчы, Музбурчак, Үрбү, Шоорук ж.б. эпикалык каармандардын аттары да эпонимдер экендигине ишеним артууга болот. Анткени ушундай окшош аталыштар тарых булактарынан кездешерин байкоого болот.

*Топоним маселеси.* Эпостогу Борбордук Азия, Алтай, Түштүк Сибирь, Кытай, Монголия, Ыраакы Чыгыштагы топонимдер, гидронимдер Манастын окуяларына, чоң казатка түздөн-түз катышкан биринчи ырчы-манасчынын оозунан айтылган. Бул жер-суу аттары ошондогу жана бүгүнкү географиялык аталыштар менен негизинен дал келет. Маселен, Манастын ордосуна келген чабарман жаш Айдар «Мен Кытайга чейин барганмын, // Бээжинин кошо чалганмын, // Күн баткан жакка сабалап, // Үрүмдү келдим аралап, // Сар-Арка болуп бир жагы, // Чыгышка тулпар тердетип, // Манжуудан кайттым жер кезип» деп айтат. Мындай глобалдуу элчилик, чабармандык чабыт Кыргыз Улуу державасынын (IX-X кк.) мезгилинде гана болуусу мүмкүн эле. Түп Бээжинге чоң казат (чоң чабуул) үч-төрт айлык жолдун багыты Алтай аркылуу жүргөндүгү ырасталат. Эпосто Ош, Өзгөн, Яссы (Жазы) жер-суу аттары, Өзгөн мунарасы, Бурана мунарасы, Кошой-Коргон, Таш-Рабат жөнүндө кеп жүрбөйт. Бул эпостун Караханиддер (Каракандар) дооруна (X-XI к.) чейин болуп өткөндүгүн айгинелемек. Тарыхый Анжиян, Алай, Нааман, Самаркан, Ыспара, Маргалан, Арстанбап, Көк-Арт, Талас, Кемин, Кер-Көл, Нарын топонимдик аталыштар активдүү катышат.

*Манастан кийин Улуу Кыргыз журтунун ыдыроосу жана уруулардын эгемендик алып Батыш менен Чыгышка улуу көчтөрү.* Маселен, XI к. баштап

кырк уруу кыргыздагы кыпчак (кыучак, Кончак, куман), каракалпак (черные клобуки), тарак (торк), Бердике (берендей), татала (теталь), калча (Шооруk кан; Шаруканъ, Шароканъ), кесек (Гзак, касог), Жамгырчы (Ямгурчи Мурза), ногой (ногаи, Ногай Мурза), Үрбү (Урбү, Урусоба), Таз (Таз, Тааз) этнонимдеринин, эпонимдеринин аталыштары византиялык, араб, орус тарыхый булактарында чагылдырыла башташы. Буга чейин алардын аттары тарыхый булактардан дээрлик кездешпейт. «Манас» эпосунун баш ченинде он эки уруу кыргыз, Көкөтөйдүн ашынан кийин тогуз, «Семетей» эпосунун доорунда беш уруу калган болот. Демек, күчтүү уруу-уруктук бирикмелердин Кыргыз журтунан чыгып өз алдынча эгемендүүлүккө умтулуу тенденциясы жүрүп отурган. Мындай көрүнүштөрдүн тарыхый маалыматтар менен үндөшүп тургандыгы байкалат. Ошону менен бирге Манастын эпикалык Кыргыз журтундагы думара (тонгра), жедигер (чедигер, чедбер), дөөлөс (төлөс), алчын (алазон), жабагы (абагы, ябгу), кары (карыя, керей), дуулат (дулат, дуглат), үйшүн (уйсун, усун), аргын (аргун), татала (теталь) ж.б. этникалык бирдиктер Манастын дооруна чейин эле Евразия континентинин түрдүү аймактарында аттары аталып келгендиги маалым. Балким, булардын кээ бир фратрийлери Кыргыз журтунда калып, ал эми негизги өзөгү эчак чыгып кеткен жыйырма сегиз уруудан болуп жүрбөсүн.

*Манас жөнүндө XI к. Махмуд Кашкари менен Жусуп Баласагындын эмгектеринде айтылбагандыгы.* «Девони лүгат ат-түрк» лингвистикалык илимий эмгек, «Кутадгу билиг» философиялык, этикалык мазмундагы көркөм чыгарма. Өз убагында бул эмгектердин бүгүнкү илим жана поэзиядагыдай эле темага жана проблемага байланыштуу өзүнүн актуалдуулугу, конкреттүү максаты жана милдеттери, практикалык маанилери такталып белгиленген жана ошонун айланасында гана илимий изилдөөлөр, поэтикалык изденүүлөр жүргөн. Ошого жараша тематикага тиешеси болбогон тарыхый-даректүү окуяларды жана мамлекеттик ишмерлерди баяндоо максат кылынбагандыгы өзүнөн өзү түшүнүктүү. Ошондуктан биздин күнгө жетпей калган XI кылымдагы жүздөгөн эмгектердин ичинен колубузга тийип калган ушул баа жеткис эки эмгектен Манас тууралуу маалыматты издөө, суроо-талап кылуу методологиялык туура эмес жол болуп калмак.

# ИЛИМИЙ БУЛАКТАР, ИЛИМИЙ-ПОПУЛЯРДУУ ТҮШҮНДҮРМӨЛӨР

## Глобалдык теонимдер, теоэпонимдер

### Эл теоними

Эркек уул, эр болуп,

Не кыйындын баарысы

Эсеп берип, эл болуп

Карайт экен көзүнө. (I китеп, 66-б.)[81]

«Слушай народ!» - по-гречески «akouete leo», т.е. созвучно с именем Леоя «Слушай народ!»[82] «Эол [гр. Aiolos] – в древнегреческой мифологии – 1) повелитель ветров; 2) родоначальник греческого племени эолийцев».[83] «Эль даже образно связывается с высоко стоящей организацией – небезынтересно такое сочетание: “от неба и эля в улусе от мужей моих я отделился” (tangri alim ucusuda arimka adyryldym)».[84]

«Некоторые енисейские надписи-эпитафии, как свидетельствуют выражения *turk gan balbali* «балбал тюркского хана», *ben oltim turges el icinta* «я умер в тюргешском государстве» и др., составлены не позже середины VIII в., до свержения тюркской и тюргешской династий».[85] «Топоформанту *эль-эли* соответсвует термин крым.-тат., караим. *эль* люди, народ, ног. *эл* страна; родина; население, народ, куман. el «pax» aut fortasse «populus, regio»; тур. el племя, народ; страна, край провинция; кирг. *эл* племенный союз, род, племя, народ; страна, государство; перс. il народ, (кочевое) племя; подданные; удм. *эль* край, сторона; страна, община».[86]

### Жапар теоними

Чыйырды: “Жараткан Жапар кудайым

Мени кандай жалмачу бала берди эле” (I китеп, 74-б.)

---

[81] **Эскертүү: Сагымбай Орозбаковдун вариантынан алынган үзүндүлөр I китеп, II китеп, III китеп, IV китеп деп берилди.**

[82] Плутарх. Избранные жизнеописания. Том II. М.: Изд.: «Правда», 1990. С. 552.

[83] Словарь иностранных слов. Под ред. И. В. Лехина, Ф. Н. Петрова. Издание шестое. М.: Изд. «Сов. энцик.», 1964.

[84] Бернштам А. Н. К вопросу о возникновении классов и государства у турок VI-VIII вв. н.э. С. 888. Без выходных данных. Центр. библ. НАН КР.

[85] Аманжолов А. С. К генезису тюркских рун // Вопросы языкознания, 1978, №2. С. 77.

[86] Бушаков В. А. Термины, обозначающие селения и крепости, в топонимии Крыма // Советская тюркология, 1985, №2. С. 31.

Алманбет: “Жараткан Жапар кудурет” (II китеп, 292-б.)

Жалынып Жапар теңирге

Сандыргалуу Алмамбет... (IV китеп, 213-б.)

«9. Аль-Джаббаар Al-Jabbar (الجبار) Могущественный, мудрость Которого охватывает всё; по воле Которого происходит всё, воля Которого не остаётся неосуществлённой; Тот, Который укрощает творения (то есть всё сущее); Тот, воле Которого подчинены абсолютно все творения, однако Сам Он не подчиняется ничьей воле и никто не состоянии выйти из-под Его власти. Он сокрушает тиранов, пытающихся посягнуть на Его право и права Его творений, и подчиняет их Своей собственной воле так же, как Он всех подчинил смерти».[87] «Абдулджаббар ’Abd al -Gabbar а. м. ‘раб Всемогущего’».[88] В «Хождении за три моря» А. Никитина (XV в.) значится теоним «алчебару».[89]

## Эге теоними

Жакып: “Эгем кылса чара жок” (I китеп, 36-б.)

Алмамбет: “Эгем таала кудурет

Не түрдүү пендем деди экен?!” (IV китеп, 203-б.)

Алмамбет: “Эгем бардыр элиңе,

Не деймин, Чубак, демиңе?” (IV китеп, 205-б.)

## Бар теоними

Бар кудай жанды койгун деп,

Жараткан деп жалындык (I китеп, 136-б).

Атым Жакып дегенде…

Бай бакырды «бар» деди (I китеп, 202-б.).

Бар кудай жардам берсин деп,

[87] 99 имён Аллаха. https://imya.com/allah-names

[88] Гафуров А. Имя и история: Об именах арабов, персов, таджиков и тюрков. Словарь. М.: «Наука», 1987. С. 117.

[89] Русская литература XI-XVIII вв. М.: «Художественная литература», 1988. С. 152.

Батасын берип салганы (I китеп, 224-б.)

Кошой: «Бар кудай Манас кылып салды» (IV китеп, 9-б.)

В еврейском тексте книги Бытия у пророка Моисея: «Въ начале Богъ сотворил изъ ничего *бара»,* потом только небо и землю. Далее идет фраза «И сотворилъ Богъ *бара*», и «въ пятый день Богъ сотворилъ животныхъ пресмыкающихся, рыбъ и птицъ». Слово *бар* встречается третий раз: «Наконецъ въ шестой же день Богъ сотворил *бара*) человека, мужчину и женщину».[90] «В ветхозаветном мифе для обозначения сотворения Элохимом неба и земли употреблялся восходящий к ремесленной терминологии глагол «создавать», «творить» (*бара*)…».[91]

«В мусульманской литературе имеется большое количество трактатов, толкующих имена Аллаха. Список в 99 имен возводится к хадису Абу Хурайры…». 13. Аль-Бари - Тот, кто по Своему Могуществу сотворил всё сущее; Для этого ему не надо прилагать каких-либо усилий; Он говорит чему-либо: «Будь!» и оно возникает.[92] «3. И тогда Бог сказал: «Да будет свет!», и воссиял свет».[93]Очевидно, «Будь!», (или «Да будет!») то же самое, что «Бар!» в Ветхом Завете.[94]Возможно, в древнееврейском тексте Ветхого Завета было написано «Бар!» (**:** וַיֹּאמֶר אֱלֹהִים יְהִי אוֹר וַיְהִי ־ אוֹר 3). В русских Библиях, видимо, перевод с т.н. «масоретского» текста осуществлен по семантике слова («Будь!», «Да будет!»).

## Теңир теоними

Баркырап ыйлап жалынып:

Бербесе теңир чарам жок...(I китеп, 34-б.)

Көк теңири урду деп,

Алды алдынан балдырап,..

Өткүр Манас баланын

Өкүмүнө көнүшүп... (I китеп, 142-б.)

«В Вавилонии со времен Саргона Аккадского и вплоть до периода Хаммурапи имя царя часто писалось с детерминативом DINGIR (“бог”),

[90] Священная история Ветхаго Завета. Москва, 1906. С. 5-7.
[91] Вейнберг И. П. Человек в культуре древнего Ближнего Востока. М.: Наука, 1986. С. 83.
[92] 99 имен Аллаха. https://ru.wikipedia.org/wiki/99_%D0%B8%D0%BC%D1%91%D0%BD_%D0%90%D0%BB%D0%BB%D0%B0%D1%85%D0%B0
[93] Библия. Книги Священного Писания Ветхого и Нового Завета. Канонические. Минск, 1999.
[94] Священная история Ветхаго Завета. М., 1906. С. 5-7.

